

2016–2018-жылдары
кабыл алынган мыйзамдардын
Кыргыз Республикасындагы
жергиликтүү өз алдынча
башкаруунун өнүгүүсүнө
тийгизген таасири тууралуу
Кыргыз Республикасынын
Жогорку Кеңешине

# БАЯНДАМА

БИШКЕК-2019

УДК 351/354
ББК67.99(2Ки)1
Э 37

Тексттин авторлору: *Н. Добрецова, М. Семеняк.*
Долбоордун жетекчиси: *Ѳ. Алманбетов*; долбоордун менеджери: *Н. Кожошева*.
Маалыматтарды чогулткандар: *К. Иманов, М. Семеняк*.

Э 37 **2016–2018-жылдары кабыл алынган мыйзамдардын Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өнүгүүсүнө тийгизген таасири тууралуу Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине БАЯНДАМА.** – Бишкек: ЖӨБ Союзу, Өнүктүрүү саясат институту, 2019. – 106 б.

ISBN 978-9967-9222-4-2

Бул баяндама ЖӨБ органдары менен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин өз ара аракеттенүүсүнүн саясий жана коммуникациялык механизмин чагылдырат. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине өзүнүн контролдук функцияларын аткарууда, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өнүгүүсүнө таасир тийгизген мыйзамдарды өркүндөтүүдө жана өзгөрүп турган мыйзамдарда ЖӨБ органдарынын кызыкчылыктары эсепке алынышын камсыз кылууда көмөк көрсөтүү Баяндаманын саясий миссиясы болуп саналат. Баяндаманын коммуникациялык миссиясы – мыйзамдардын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өнүгүүсүнө тийгизип жаткан таасири тууралуу Кыргыз Республикасынын ЖӨБ органдарына өзүнүн жалпы пикирин жеткире алуусуна мүмкүнчүлүк берүү, КР Жогорку Кеңеши менен Кыргыз Республикасынын ЖӨБ органдары ортосундагы коммуникациялык байланышты бекемдөө.

Баяндама Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарына жана башка кызыкдар жактарга мамлекеттик органдардын ачык маалыматтарына жана ЖӨБ органдарынын позициясына негизделген, КРнын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун өнүгүүсүндөгү тенденциялар тууралуу жалпы элести түзүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Баяндаманын электрондук версиясы кыргыз, орус жана англис тилдеринде www.citykr.kg жана www.dpi.kg сайттарында жарыяланды.

Баяндама орус тилинде даярдалгандыктан орус тилиндеги текст менен кыргыз жана англис тилдериндеги тексттер ортосундагы айырмалар болсо, орус тилиндеги текст туура деп эсептелинет.

Баяндамада колдонулган жыйынтыктар жана маалыматтар “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоорунун ишинин натыйжасында пайда болду. Аталган Долбоорду Швейцариянын Өнүктүрүү жана кызматташтык агенттиги (SDC) аркылуу Швейцария Өкмөтү каржылайт жана Өнүктүрүү саясат институту аткарат.

Бул китепти же анын кайсы бир бөлүгүн ар кандай формада жана түрдүү электрондук же механикалык каражаттар менен, анын ичинде фотокөчүрүү, үн жаздыруу, сактап калчу түзүлүштөр жана маалымат издөө системасы аркылуу жайылткан учурда басып чыгаруучуларга электрондук дарек боюнча кайрылууңузду өтүнөбүз: msu.kg@mail.ru, Office@dpi.kg

Э 1203020200-19
ISBN 978-9967-9222-4-2

УДК 351/354
ББК 67.99(2Ки)1

КР ЖӨБ Союзу
Союз МСУ КР
Union of LSG of KR

ӨНҮКТҮРҮҮ САЯСАТ ИНСТИТУТУ
ИНСТИТУТ ПОЛИТИКИ РАЗВИТИЯ
DEVELOPMENT POLICY INSTITUTE

© ЖӨБ Союзу, 2019
© Өнүктүрүү саясат институту, 2019

Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

**Swiss Agency for Development and Cooperation SDC**

UNDP
Полноправные люди.
Устойчивые страны.

*Басылма БУУ0Птун «Жарандардын активдуу катышуусундагы кучтуу парламенттик демократия» долбоорунун алкагьrnда, Швейцариянын Кызматташтык жана 0нуктуруу боюнча башкармалыгыньrn колдоосу менен даярдалды.*

*Басылмада берилген ойлор сезсуз эле Швейпариянын Кызматташтык жана 0нуктуруу боюнча башкармальпъrпын, Бириккен Улуттар Уюмунун, Бириккен Улуттар Уюмунун 0нугуу программасынын, алардьrn програм-ма/долбоорлорунун же екметтерунун кез-карашы болуп саналбайт. Колдонулган белгилеелер тигил же бул елкенун, территориянын же аймактын, же алардьrn чек-араларынын укуктук статусуна байланыштуу пикирин билдирбейт.*

# МАЗМУНУ


**КИРИШ СӨЗ** ... 5
**БАЯНДАМАНЫН РЕЗЮМЕСИ** ... 8
**СУНУШТООЛОР** ... 13

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине сунуштоолор ... 13
Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө сунуштоолор ... 14
Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматына сунуштоолор ... 15

**МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРДЫН АЛЬТЕРНАТИВДҮҮ ПИКИРИ** ... 16
**БАЯНДАМАГА ЖҮРГҮЗҮЛГӨН ГЕНДЕРДИК ЭКСПЕРТИЗА** ... 19
**БАЯНДАМАНЫН СТАТУСУ ТУУРАЛУУ СУРОО** ... 21
**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ЖӨБ ОРГАНДАРЫНЫН САНЫ** ... 22
**I БӨЛҮМ. 2016–2019-ЖЫЛДАРЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗАЛДЫНЧА БАШКАРУУНУН ӨНҮГҮҮСҮ** ... 24
**1.1. ЖӨБ органдарынын жарандар менен өз ара аракетенүүсү** ... 24
1.1.1. Кыргыз Республикасынын жарандарынын ЖӨБ органдарына карата мамилеси ... 26
1.1.2. Жарандардын ЖӨБ органдарына болгон ишеним деңгээли ... 26
1.1.3. Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусу ... 28

**1.2. Жергиликтүү деңгээлде парламентаризмдин өнүгүүсү** ... 29
1.2.1. Жергиликтүү шайлоо үчүн жаңы шарттар ... 29
1.2.2. Өкүлдөрдүн адилет санда болушу ... 31
1.2.3. Жергиликтүү өкүлчүлүктүү демократиянын туруктуулугу ... 32

**1.3. ЖӨБдүн аткаруу органдарынын абалы** ... 34
1.3.1. Сапаттуу курамы ... 34
1.3.2. Бош орундар жана кадрлардын туруксуздугу ... 36
1.3.3. Конкурстан өтүү ... 36
1.3.4. Квалификацияны жогорулатуу ... 37
1.3.5. Карьералык өсүш жана сыйлоо ... 38
1.3.6. Өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруу ... 38

**1.4. ЖӨБ органдарынын финансылык жана экономикалык абалы** ... 42
1.4.1. ЖӨБ органдарынын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө финансылык жөндөмдүүлүгү ... 42
1.4.2. Бюджет аралык мамилелерди өркүндөтүүнүн багыттары ... 45
1.4.3. КР Өкмөтү менен ЖӨБ органдарынын ортосундагы бюджет аралык мамилелерди макулдашуу процессинин зарылчылыгы ... 52
1.4.4. Муниципалдык менчикти башкаруу ... 52

**1.5. ЖӨБ органдарынын мыйзамдарды сакташы** ... 57
1.5.1. ЖӨБ органдарынын мыйзамдарды сактаганы тууралуу маалыматка жеткиликтүүлүк ... 57
1.5.2. ЖӨБ органдарын текшерүүлөр ... 57

**II БӨЛҮМ. 2016 – 2019-ЖЫЛДАРЫ КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАРДЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ ЖАМААТТАРГА ЖАНА ЖӨБ ОРГАНДАРЫНА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ.** ... 60

**2.1. Жергиликтүү жамааттардын жана ЖӨБ органдарынын өнүгүүсүнө эң көп таасирин тийгизген мыйзамдар** ... 60
2.1.1. ЖК КР Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укуктук маселелер жана Регламент боюнча комитети киргизген мыйзамдардын таасири ... 61
2.1.2. КР ЖК Бюджет жана финансы боюнча комитети киргизген мыйзамдардын таасири ... 73
2.1.3. КР ЖК Агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана регионалдык өнүктүрүү боюнча комитети киргизген мыйзамдардын таасири ... 78
2.1.4. КР ЖК Социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана саламаттык сактоо боюнча комитети киргизген мыйзамдардын таасири ... 81

**2.2. Ресурстарды бекитпестен жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмесин кеңейтүү** ... 87

**ТИРКЕМЕЛЕР** ... 89

1-тиркеме. ЖӨБ органдарынын жана жергиликтүү жамааттардын абалына жана өнүгүүсүнө олуттуу таасир тийгизген мыйзамдардын тизмеси, 2016–2018-жылдар ... 89
2-тиркеме. Ресурстарды бербестен жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмегин кеңейтүү боюнча демилгелердин тизмеси, 2018–2019-жылдар ... 90
3-тиркеме. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө мыйзамдардын өнүгүүсүнө таасирин тийгизген маанилүү окуялардын календары ... 92
4-тиркеме. Альтернативдүү пикирлерди табуу жана эсепке алуу үчүн Баяндаманы алган мамлекеттик органдардын жана уюмдардын тизмеси ... 105

# КЫСКАРТУУЛАРДЫН ЖАНА ШАРТТУУ БЕЛГИЛЕРДИН ТИЗМЕСИ

| | |
|---|---|
| АА – | айылдык аймак, Кыргыз Республикасынын айылдык административдик-аймактык бирдиги. |
| АК – | айылдык кеңеш, Кыргыз Республикасынын айылдык өз алдынча башкаруусунун өкүлчүлүктүү органы. |
| АӨ – | айыл өкмөтү, Кыргыз Республикасынын айылдык өз алдынча башкаруусунун аткаруу органы. |
| Баяндама – | 2016–2018-жылдары кабыл алынган мыйзамдардын Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өнүгүүсүнө тийгизген таасири тууралуу Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине Баяндама. |
| ДМЧА – | ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адам. |
| ЖААК – | жарандык абалдын актыларын каттоо. |
| ЖБ – | жергиликтүү бюджеттер. |
| ЖМА – | жергиликтүү мамлекеттик администрация. |
| ЖМК – | жалпыга маалымдоо каражаттары. |
| ЖӨБ – | жергиликтүү өз алдынча башкаруу. |
| ЖӨБ Союзу – | "Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар Союзу" Юридикалык жактардын бирикмеси. |
| ЖӨБЭММА – | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностук мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиги. |
| КЖИ – | Көп кырдуу жакырчылыктын индекси, бул индекс жакырчылыкты үч ченем менен изилдейт: саламаттыкка жеткиликтүүлүк (тамактануу, балдар өлүмү), билим берүүгө жеткиликтүүлүк (окуунун узактыгы жана сабактарга катышуучулуктун көрсөткүчү) жана базалык керектөөлөрдү (отунду, электр энергиясын, санитарияны, сууну, жерди, мүлктү ж.б.) камсыз кылууга жеткиликтүүлүк. |
| КИИ – | Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине Калктын ишеним индекси, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген эсептөө методикасы. |
| ККМУКД – | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын Кадастр жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо департаменти. |
| КР – | Кыргыз Республикасы. |
| КР АТӨММ – | Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлиги. |
| КР БК – | Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси. |
| КР ЖК – | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши (парламент). |
| КР ФМ – | Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги. |
| КР ЮМ – | Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги. |
| КУ – | коомдук угуулар. |
| КЭУ – | коммерциялык эмес уюм. |
| Мамкаттоо – | Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик каттоо кызматы. |
| МКК – | Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматы. |
| МСК – | Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик салык кызматы. |
| ОТК – | оор турмуштук кырдаал. |
| ӨМЫУ – | өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар. |
| ӨСИ – | "Өнүктүрүү саясат институту" мекемеси. |
| РБ – | республикалык бюджет. |
| ТКЧ – | турак жай-коммуналдык чарбасы. |
| УСК – | Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети. |
| ЧУА – | ченемдик укуктук акт. |
| ЭСӨМ – | Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги. |
| ЮЖБ – | юридикалык жактардын бирикмеси. |

# КИРИШ СӨЗ

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши менен түз байланыш үчүн жергиликтүү жамааттарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында (мындан ары – ЖӨБ) каналдар туруктуу эмес жана башаламан. КР Өкмөтү парламентке отчёт берип жатканда ЖӨБ органдарынын пикири көп жакшы эсепке алынбай келет. Ошондуктан КР ЖК жергиликтүү өз алдынча башкаруудагы кырдаалды жана ЖӨБ үчүн өзүнүн мыйзам чыгаруу ишинин жыйынтыктарын үч жол менен гана баалайт: же аткаруу бийлигинин сөзүнө ишенет, же айрым депутаттардын жеке байкоолорунун негизинде жыйынтык чыгарат, же болбосо жалпыга маалымдоо каражаттарында (мындан ары – ЖМК) чыккан маалыматтардын негизинде баалайт. Бирок КР ЖК кабыл алган мыйзамдардын ЖӨБга жана бул мыйзамдарды аткаруу боюнча өкмөттүн ишине тийгизген таасирине объективдүү баа берүү үчүн бул маалымат булактарын жетиштүү деп айтууга болбойт.

КР Жогорку Кеңешине маалыматтын альтернативдүү булагы, жергиликтүү жамааттар жана ЖӨБ органдары менен туруктуу түз байланыш зарыл. Булар мамлекеттик аткаруу бийлигинен же ЖМКдан түшкөн маалыматтарды атайын же атайлап эмес бурмалануусуна жол бербейт.

ЖӨБ органдарынын ичинен 60 пайыздан ашыгы колдонуудагы мыйзамдардын ченемдерин ишке ашырууда пайда болгон маселелер боюнча КР ЖКга жана КР Өкмөтүнө кайрылып турушат (сейрек кайрылгандар – 55,2%, көп кайрылгандар – 5,8%[1]). ЖӨБ органдарынын жарымынан көбү (51,2%) КР ЖК жана КР Өкмөтү алардын кайрылуусуна жооп катары маалымат беришпей турганын ырасташат. Мындай кайрылуулардын санынын көптүгү жана ар бир ЖӨБ органы менен жекече баарлашуу жогорку башкаруу органдары үчүн административдик көйгөйдү жаратууда. Ошондуктан өз ара аракеттенүүнүн жаңы каналын түзүш керек. КР Жогорку Кеңешине карата айтсак, ушул Баяндама мына ушундай канал болуп бере алат.

Тилекке каршы, узак убакыттан бери ЖӨБдүн чабал үнү анын кызыкчылыктарын саясий жана экономикалык конъюктурага курмандыкка чалууга, КР ЖК депутаттардын көзүндө айрым чечимдердин ЖӨБ үчүн болжолдуу кесепеттерин бурмалоого алып келди. Мисалы, мугалимдерге айлык акыны төлөп берүү милдеттенмесинин бир бөлүгүн ЖӨБ органдарына жүктөп коюшканда мына ушундай болгон. Бирок билим берүү мамлекеттин функциясына кирет, ал эми КР ЖК бюджеттерди бөлүштүрүүнүн принциби, мамлекеттик органдар менен ЖӨБ органдарынын функциялары менен ыйгарым укуктарынын принциби бузулуп жатканы тууралуу маалыматка ээ болгон эмес.

КР ЖК ЖӨБ органдарын түзүүгө жана жергиликтүү кеңештер менен ЖӨБдүн аткаруу органдары ортосундагы өз ара мамилелерге тикелей таасирин тийгизет. Жергиликтүү кеңештер Кыргыз Республикасында парламенттик демократияны жергиликтүү деңгээлде ишке ашырышат. Себеби аларды калк түз шайлайт жана тийиштүү аймактагы элдин кызыкчылыктарын коргошот, бийликтин түзүлүшүнүн моделин улуттук деңгээлде көрсөтүшөт. Бирок ушул кезге чейин жергиликтүү кеңештер обочодо калып иштеп келатышат. Бул болсо алардын өнүгүүсүнө бут тосууда, алар КР ЖК жана башка мамлекеттик органдар менен көп жакшы байланыш түзө албай жатышат, мыйзам чыгаруучулардын эркин так түшүнбөгөндүктөн мыйзамдарды туура эмес түшүнүп алып, аларды бузган учурлар да аз эмес. Өз кезегинде КР ЖК жергиликтүү кеңештер өздөрүнүн жергиликтүү ченемдик укуктук актыларында (мындан ары – ЧУА) мыйзамдарды кантип колдонуп жатканы, жер-жерлерде парламенттик демократиянын базиси кандай болгону жана анын өнүгүүсүнүн кадрдык, саясий келечеги кандай экени тууралуу маалыматка ээ эмес.

Бул көйгөйлөр 2018-жылдын 3-июлунда өткөн "Кыргыз Республикасынын аймактарын комплекстүү өнүктүрүүдө ЖӨБ органдарынын ролу" деп аталган КР ЖӨБ Форумунда талкууланган (форумдун материалдарына шилтеме: http://dpi.kg/ru/library/full/281.html). Бул Форумдун жыйынтыктары боюнча Резолюция кабыл алынып, анда КР Жогорку Кеңешинин ишинин жергиликтүү жамааттардын өнүгүүсүнө тийгизген таасирин баалоонун жаңы аспаптарын киргизүү зарылчылыгы бар экени белгиленген.

[1] Ушул жерде жана мындан ары маалыматтын булагы көрсөтүлбөгөн жерлерди ЖӨБ Союзу 2019-жылы ЖӨБ органдары арасында жүргүзгөн сурамжылоонун жыйынтыктары; ӨСИнин архивинен алынган маалыматтар деп түшүнүңүз.

ЖӨБ Союзу Өнүктүрүү саясат институту (мындан ары – ӨСИ) менен өнөктөштүктө 2016–2018-жылдары кабыл алынган мыйзамдардын Кыргыз Республикасындагы ЖӨБдүн өнүгүүсүнө тийгизген таасири тууралуу КР Жогорку Кеңешине Баяндаманын (мындан ары – Баяндама) концепциясын иштеп чыкты. Бул методологияга ылайык, Баяндама кадыресе түшүнүгүндө жазуу түрүндөгү документ гана эмес. Баяндама – бул КР ЖКнын контролдук функциясына, КР ЖКнын мыйзамдарынын жана башка актыларынын тийгизген таасирине мониторинг жүргүзүүчү аспап, кошумча мүмкүнчүлүк, ошол мониторингдин жыйынтыктарын талкуулоо жана талкуунун натыйжасы боюнча кабыл алынган чечимдерди түзөтүү үчүн аспап. Ушундай баяндамалар башка тармактарда жана өлкөлөрдө практикада колдонулуп келатат. Мисалы, Акыйкатчынын баяндамалары да кызыкдар жактардын туруктуу байланышын түзүүчү, кабыл алынган чечимдердин сапатына мониторинг жана баалоо жүргүзүүчү аспап катары колдонулуп келет.

Баяндаманын методологиясы башка багыттар боюнча ушул өңдүү баяндамаларды даярдоо практикасын эсепке алуу менен иштелип чыгып, КР ЖКнын үч комитетине берилди. Алар: ЖК КР Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укуктук маселелер жана Регламент боюнча комитети, КР ЖК Агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана регионалдык өнүктүрүү боюнча комитети, КР ЖК Социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана саламаттык сактоо боюнча комитети.

Баяндаманын иши сапаттуу жана сандык изилдөөлөрдү, кырдаалдарды кадрга түшүрүүнү кошкондо, маалыматтарды чогултуп, анализ жүргүзүүдөн башталды. ЖӨБ органдары менен фокус-топтордо талкууларды өткөрүү, ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүнө анкета толтуртуу, ачык булактардагы маалыматтар менен таанышуу, мамлекеттик башкаруу органдарынан маалыматтарды суратып алуу жолу менен бул Баяндама үчүн маалыматтар топтолду. Жалпысынан Баяндаманы даярдоо процессине КР ЖӨБ органдарынын 76га жакын өкүлү катышты.

Андан соң 2019-жылдын 28-октябрында Баяндаманын долбоору 15 мамлекеттик органга жиберилип, 2019-жылдын 15-октябрында мамлекеттик башкаруу органы менен талкуу болду. Бул талкуунун жүрүшүндө кызыкдар болгон мамлекеттик органдар Баяндамага өздөрүнүн толуктоолорун киргизүүгө, ошондой эле Баяндаманын тыянактары жана сунуштоолору тууралуу альтернативдүү пикирин айтууга мүмкүнчүлүк алышты.

Баяндаманы коммуникациянын жана мониторингдин туруктуу аспабы катары киргизүүнүн натыйжасында КР ЖК менен жергиликтүү жамааттардын ортосунда түз байланыш түзүлөт; чечим кабыл алуу процессинде жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктарын чындап эсепке алуу механизми пайда болот; КР ЖКнын контролдук функциясы жаңы сапаттуу деңгээлге көтөрүлөт – мыйзамдардын таасирине объективдүү индикаторлор боюнча баа берилет.

Баяндаманын биринчи бөлүгү (2016–2018-жылдары Кыргыз Республикасында Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өнүгүүсү) ЖӨБдүн өкүлчүлүктүү жана аткаруу органдарынын абалын, анын ичинде учурдагы тенденцияларды жана өнүгүүдөгү көйгөйлөрдү жалпысынан сүрөттөйт. Бул жерде башкаруунун бардык деңгээлдери үчүн гана эмес, ошондой эле жарандар үчүн да кызыктуу боло турган фактылар жана тыянактар камтылган. Баяндаманын бул бөлүгү жарандардын ЖӨБ органдарына болгон ишеним деңгээлине жасалган серептин жыйынтыктарынан башталганы да кокусунан эмес. ЖӨБ органдары жарандардын катышуусу жана ишеними ЖӨБдүн маңызын түзөт, жалпы бийлик системасы ошонун негизинде түптөлгөн деп эсептешет.

Баяндаманын экинчи бөлүгү (2016–2018-жылдары кабыл алынган мыйзамдардын жергиликтүү жамааттарга жана ЖӨБ органдарына тийгизген таасири) кабыл алынган мыйзамдардын ЖӨБдүн өнүгүүсүнө тийгизген таасирин баяндайт. Баяндаманы даярдап жатканда ЖӨБ органдары конкреттүү мыйзамдарга карата мамилесин билдиришип, алардын артыкчылыктарын жана кемчиликтерин белгилешти. Ушул Баяндамада каралып чыккан мыйзамдардын тизмегин ЖӨБ органдары эксперттер менен бирге аныкташты. Баяндамага КР ЖК өткөн жылдары кабыл алган бардык мыйзамдар батмак эмес, ошондуктан ЖӨБ органдарынын пикирине ылайык ирээтке келтирилип чыкты.

Баяндама Кыргыз Республикасындагы ЖӨБдүн иштеши үчүн ченемдик укуктук чөйрөнү түзүү жаатындагы маанилүү окуялардын календарын камтыйт. Ал ЖӨБдүн өнүгүүсүнө таасирин тийгизген укуктук чаралардын көп түрдүүлүгүн жана ар тараптуулугун чагылдырып турат.


МОНИТОРИНГ

# БАЯНДАМАНЫН РЕЗЮМЕСИ

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу – бул Кыргыз Республикасындагы башкаруу тутумунун баштапкы жана маанилүү бөлүгү. Калктын жалпысынан бийликке болгон мамилеси ЖӨБдүн абалына жана жарандардын керектөөлөрүн канааттандыра алуу жөндөмдүүлүгүнө көз каранды болот. Ошондуктан жарандар ЖӨБ органдарынын ишине жалпысынан оң мамиле жасай турганын түшүнүш керек. Буга карабастан 2016-жылдан баштап калктын ЖӨБдү оптимисттик маанайда кабылдоо деңгээли салыштырмалуу жогору болуп кала бергени менен, бул деңгээл туруктуу түрдө түшүп турган. 2018-2019-жылдары аймактарды өнүктүрүү тууралуу КР Президентинин буйруктарынын фонунда 2018-жылы жарандардын ЖӨБдүн перспективаларына карата үмүтү жанды. Бирок 2019-жылы бул үмүт токтоо оптимизмге өттү. ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү өзүнүн кызматына карата сынчыл маанайда турушат. Айталы, ЖӨБдүн абалына ар бир үчүнчү муниципалдык кызматчыда боор оору же кыжырдануу сезими бар.

Жарандар менен маалыматтык иш жакшы жөнгө салынган, туруктуу диалог жүрүп турган ЖӨБ органдарында да ишеним деңгээли жогору болот. Бирок көпчүлүк жамааттардын тургундары ЖӨБгө карата өз укуктары жана милдеттенмелери тууралуу жетиштүү маалыматка ээ эмес жана жигердүү субъект болуп саналышпайт. Маалыматка техникалык жеткиликтүүлүктүн чектелүү болгону (интернетке кошулуу оңой эмес же кымбат, ченемдик укуктук актылар тез-тез жаңыланып турат, ЧУА документтерин туура түшүнүп, колдонууга жардам берген материалдар көп келбейт) жана ЖӨБ менен жарандар ортосундагы эффективдүү коммуникациялардын жоктугу көйгөйлөрдүн айрымдары болуп саналат. ЖӨБ органдары жергиликтүү жамааттын социалдык жана экономикалык өнүгүүсүн пландоодо көп учурда калктын чыныгы керектөөлөрүн көп жакшы эске алышпайт. Мындан улам ЖӨБгө ишеним деңгээли жогору болгонуна карабастан, жарандар ЖӨБ органдары менен түз өз ара аракеттенүүгө, тикелей байланыш түзүүгө умтулушат. Ошол эле маалда жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жана КЭУ аркылуу иш алып баруу өңдүү өкүлчүлүктүү принциптерге таянган өз ара аракеттенүү формаларынан оолак болушат. Башкача айтканда, жарандар ортомчуларга эмес, өз көргөнүнө жана укканына гана ишенишет.

Жергиликтүү кеңештерди өнүктүрүүгө байланыштуу сөз болгондо саясий партиялардын жергиликтүү кеңештердин ишине тийгизген таасири тууралуу орток пикир жок. Мындан улам жүйөлүү сунуштоолорду даярдаш үчүн башкаруу системалары, аналитикалык борборлор бул таасирди дагы изилдеши керек. Ошентсе да ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүнүн басымдуу бөлүгү (79%) жергиликтүү кеңештер партиялык принцип боюнча түзүлбөшү керек деп эсептешет. КР Жогорку Кеңешинин 2019-жылы жергиликтүү кеңештерде аялдар үчүн 30 пайыздык квотаны киргизүү тууралуу чечими чоң жетишкендик болуп калды. Буга чейин аялдардын саны кеңештерде аз болгону чечим кабыл алуу процессинде алардын аярлуу абалын көрсөтүп турган эле. 2016–2019-жылдардын аралыгында мандаттарды улам өткөрүп отуруп аял депутаттардын үлүшү 3 пайызга түшүп кеткени муну тастыктап турат. Жергиликтүү кеңештерде депутаттардын олуттуу бөлүгү (44 пайыздан ашыгы) орто же атайын орто билимге ээ. Кыргыз Республикасындагы мектептеги жана атайын орто билим берүүнүн деңгээлин эсепке алуу менен, алардан мамлекеттик башкарууда компетенттүүлүктү күтүү оор болот. Депутаттардын калган бөлүгүнө да башкаруу тууралуу атайын билим жетишпейт. Ошол эле маалда өлкөдө кеңештердин депутаттарын окутуунун кандайдыр бир формалары жок. Мунун баары жергиликтүү кеңештердин жана жалпысынан ЖӨБдүн эффективдүү иши үчүн олуттуу тоскоолдуктарды жаратууда.

Билим берүүнүн деңгээли, партиялык фактордун таасири жергиликтүү кеңештерди таратууга шарт түзүп жатат. 2016-жылдан 2019-жылга чейинки мезгил аралыгында 34 жергиликтүү кеңеш таратылган. Мындан улам жер-жерлерде өкүлчүлүктүү демократия системасы туруксуз деп айтса болот.

Муниципалдык кызмат эволюциялык нукта өнүгүүдө. 2016-жылдын 30-майындагы №75 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" жаңы КР Мыйзамынын кабыл алынышын маанилүү жетишкендик катары кароого болот. Бирок бул жерде да бир топ көйгөйлөр бар. Айталы, муниципалдык кызматтагы, өзгөчө саясий кызмат орундарындагы аялдардын үлүшү азаюуда. ЖӨБдүн аткаруу органдарынын улуттук курамы бир аз өзгөрдү. Бирок ЖӨБ органдарында улуттук азчылыктардын саны өлкөдөгү бул азчылыктардын үлүшүнө салыштыра келгенде болжол менен 3 эсе аз чыгууда. Муниципалдык кызматтын курамында улуу

муундун өкүлдөрү басымдуулук кылат: 2019-жылы пенсия курагына жакындап калган жана пенсия курагындагы адамдар муниципалдык кызмат орундарынын дээрлик 22% ээлешет. 2016-жылы бул көрсөткүч 4 пайызга аз болчу. Муниципалдык кызматчылардын билим деңгээлин ала келгенде оң динамика байкалууда – жогорку билимдүү кызматчылардын үлүшү 2016-жылга салыштырмалуу 5 пайызга өскөн. Бирок орто билимге ээ болгон, 2016-жылга чейин түрдүү муниципалдык кызмат орундарын ээлеген 716 кишинин статистикадан жоголуп кетиши аныкталбай кала берди. 2016-жылы ЖӨБ органдарындагы саясий жетекчилердин алмашуусунан улам кадрлардын туруксуздук деңгээли калыбына келди. Буга карабастан 2020–2021-жылдары мындай көрүнүш кайталанат деген коркунуч бар. Себеби ЖӨБдүн аткаруу органынын башчылары алмашкандан кийин команданы кошо алмаштыруу практикасына каршы чаралар көрүлө элек. Бул болсо муниципалдык кызматтагы жол улоочулукка жана анын сапатына зыянын тийгизүүдө. ЖӨБ органдары муниципалдык кызматчылардын бош орундары үчүн КР Мамлекеттик кадр кызматында (мындан ары – МКК) конкурстан өтүү зарыл экенин белгилешет. Бирок кадрлар тартыш болуп турган шарттарда бул көйгөйгө айланарын да белгилешүүдө. Себеби кызмат орундарына талапкерлер оор суроолордун айынан тесттен өтө албай калышы мүмкүн жана ЖӨБ органдарынын кадрдык курамы толукталбай калышы ыктымал.

2013-жылдын 9-июлундагы №127 "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү тартиби жөнүндө" КР Мыйзамы кабыл алынгандан бери алты жыл өттү. Ушуну менен КР ЖКнын экинчи чакырылышы мыйзам ушунча убакыттан бери толук кандуу иштеп кете албай жаткан себебин изилдеп жатат. Жалпы пикир боюнча, мыйзамды ишке ашырууга тоскоол болгон негизги себептер төмөнкүлөр: мамлекеттик органдар менен ЖӨБ органдары ортосундагы ыйгарым укуктар жана жоопкерчилик так бөлүштүрүлгөн эмес; берилип жаткан ыйгарым укуктардын баасын аныктоо оор; мамлекеттик органдардын аппараттары бюрократиялык тоскоолдуктарды жаратууда. Ошондой эле ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү процессин ЖӨБ органдары, өзгөчө дотацияда тургандары көп жактыра беришпейт. Себеби өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктарды аткарууга бөлүнгөн бюджет аралык трансферттер теңдештирүүчү гранттардын суммасын автоматтык түрдө азайтат. Бирок механизмди ишке ашырууда оң жылыштар байкалууда. Айталы, 2011-жылдын 15-июлундагы №101 "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамы менен ЖӨБ органдарына өткөрүлүп берилсе боло турган негизги мамлекеттик ыйгарым укуктардын ичинен болжол менен 40 пайызы боюнча КР Өкмөтү кээ бир иштерди алып барууда.

КР Президентинин соңку эки жылдан бери жүргүзүп жаткан аймактарды өнүктүрүү боюнча саясаты жергиликтүү бюджеттерге тиешелүү болгон кырдаалда да өз ордун табышы керек эле. Ушул жергиликтүү бюджеттерден жарандар үчүн жашоо шарттарын түзүүгө каражат каралат. Бирок маалыматтар көрсөтүп тургандай, жергиликтүү жана республикалык бюджеттер ортосундагы кирешелерди бөлүштүрүү аймактарды өнүктүрүүгө карата өлкөнүн артыкчылыктарын көп жакшы эсепке албай жатат. Натыйжада көпчүлүк ЖӨБ органдарына өз функцияларын жана өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды сапаттуу аткаруу үчүн ресурстар жетишпей жатат. Республикалык бюджеттин киреше темпи өскөнү менен, жергиликтүү бюджеттердин кирешеси дээрлик өскөн жок. Бул жаатта өсүш 2011-2012-жылдары гана байкалган. Андан соң үч жыл бою жергиликтүү бюджеттердин кирешесинин жалпы көлөмү төмөндөп жатты. Ошол эле маалда республикалык бюджеттин кирешелери туруктуу темп менен өсүп жатат. 2014-жылдан баштап жергиликтүү бюджеттердин көлөмүнүн динамикасы дээрлик жокко эсе. Бул болсо инфляция жана милдеттенмелер улам көбөйүп жаткан шарттарда каржылоонун көлөмү иш жүзүндө азаят дегенди билдирет. Ошону менен бирге жергиликтүү бюджеттердин кирешесинин үлүшү республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин жыйынды көлөмүндө туруктуу түрдө азаюуда. Мунун баары бир нерседен кабар берет: жергиликтүү маанидеги маселелерге, анын ичинде инфраструктура боюнча оор финансылык милдеттенмелерге каражат бөлүнбөй калууда. Жергиликтүү маанидеги маселелерди жана ЖӨБ органдарын каржылоонун өсүшү көп кырдуу жакырчылыктын төмөндөшүнө жана жарандардын жашоо шарттарынын жакшыруусуна тикелей таасирин тийгизээри байкалды. Бул – ЖӨБдү каржылоону көбөйтүү зарыл экенин тастыктаган мыкты саясий далилдердин бири. Бюджет аралык мамилелер саясатын өркүндөтүүдө артыкчылыктуу багыттар катары ЖӨБ органдары төмөнкүлөрдү белгилешет: өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктарды каржылоо; бюджеттик камсыздалгандыкты теңдештирүү саясаты; жөнгө салынган

кирешелерди бөлүштүрүү саясаты; дем берүүчү (үлүштүк) гранттарды бөлүү; жергиликтүү бюджеттердин кирешелерин пландоо; капиталдык салымдардын ички инвестициялык долбоорлорун бөлүштүрүү. Ошондуктан башкаруунун бардык деңгээлдери үчүн, анын ичинде КР ЖК үчүн 2018–2040-жылдарга Улуттук өнүктүрүү стратегиясында бекитилген жана ушул кезге чейин аткарылбай келаткан өзгөчө тапшырма – бул бюджет аралык мамилелерди КР Өкмөтү менен ЖӨБ органдары ортосунда макулдашуу процессин баштоо зарыл.

Муниципалдык менчикти башкаруунун сапаты да тынчсыздандырган маселелердин бири. Муниципалдык менчик, өзгөчө жер жана кыймылсыз мүлк объекттери ЖӨБ органдарынын экономикалык потенциалынын маанилүү бөлүгү болуп саналат. Билгичтик менен башкарганда бул объекттер киреше булагына айланат же бери дегенде жергиликтүү бюджетке финансылык жүк болбой калат. Анткен менен, муниципалдык менчиктин курамына жасалган анализ көрсөткөндөй, ЖӨБ органдарынын профилдик эмес объекттерди күтүүгө кеткен жүйөсүз чыгымдарын кыскартуу максатында муниципалдык менчикти оптималдаштырыш керек. Бул үчүн мыйзамдарга тактоолорду киргизүү зарыл. Жылдан жылга муниципалдык кыймылсыз мүлккө түзүлгөн бүтүмдөрдүн саны азайып жатат. Тилекке каршы мунун негизги себеби – сатууга же ижарага берүүгө жарамдуу болгон объекттердин саны барган сайын азаюуда. Сатуу-сатып алуу бүтүмдөрү дээрлик токтоп калды. 2017–2018-жылдары бирин-серин гана учур болгон. Маалыматтар боюнча, сатаарга дээрлик эч нерсе калбай калды. Бүтүмдөрдүн эффективдүүлүгү да тынчсыздандыруу жараткан маселелердин бири. 2017–2019-жылдар аралыгында түзүлгөн бүтүмдөрдөн жергиликтүү бюджеттер 21 млн. сом (минималдуу баалоо боюнча) суммадагы жоготууга учураган. Бул – жер сатууну эсепке албастан, кыймылсыз мүлктү сатууга карата гана ушундай көрүнүш болду. Дал ушул муниципалдык менчикти башкарууда ЖӨБ органдары  мыйзамдарды көбүрөөк бузушат.

ЖӨБ органдары жасаган укук бузуулар жөнүндө маалыматтар КР Башкы прокуратурасында бар. Бирок бул маалыматты берүү форматы дайыма өзгөрүп турат жана кандайдыр бир анализ жасоо мүмкүн болбой жатат. Белгилей кетүүчү бир жагдай бар: бир нече жолу жасалган кайрылууларга карабастан КР Башкы прокуратурасы өзүнүн отчётунда ЖӨБ органдарын жана жергиликтүү мамлекеттик администрацияларды (мындан ары – ЖМА) башкаруу органдарынын бир категориясына бириктирүүнү уланта берүүдө.

КР Башкы прокуратурасынын 2018-жылдагы маалыматына ылайык, коррупция менен күрөштүн алкагында жүргүзүлгөн 2030 текшерүүнүн ичинен 746 (37,7%) текшерүү ЖӨБ органдарында жана ЖМАда өткөрүлгөн. ЖӨБ органдарынын кызмат адамдарынын мамлекеттик сатып алууларды өткөрүүгө байланышкан иш-аракеттери, коррупцияга каршы туруу жөнүндө мыйзамдардын талаптарын аткарбаганы мыйзам бузуулардын басымдуу бөлүгүн түзөт. Муниципалдык менчикти башкаруу чөйрөсүндөгү мыйзам бузуулар боюнча зыяндын орду 3 млрд. сомдон ашык суммада толтурулган.

2016-жылдын 31-мартындагы №32 “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” КР Мыйзамынын аткарылышын текшерген КР ЖК Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укуктук маселелер жана Регламент боюнча комитеттин баштапкы маалыматтарына ылайык[1], мыйзамды мамлекеттик органдар да, ЖӨБ органдары да бузаары аныкталган.

Ошентип, Кыргыз Республикасында ЖӨБдүн мындан ары өнүгүүсү жарандардын жашоо сапатына тикелей таасирин тийгизет. Ошондуктан анын эффективдүү иштеши үчүн шарттарды түзүүгө карата комплекстүү мамиле жасалышы керек.

ЖӨБдү өркүндөтүү үчүн зарыл болгон чаралардын жана анын иши үчүн шарттардын катарында улуттук мыйзамдарды өнүктүрүү өзөктүк орунду ээлейт. Ошондуктан кабыл алынган мыйзамдардын ЖӨБдүн өнүгүүсүнө тийгизген таасирин баалоо өзгөчө актуалдуу маселе болуп турат.

---

[1] Маалыматты 2016-жылдын 31-мартындагы №32 “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” КР Мыйзамынын аткарылышын текшерүү үчүн КР ЖК Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укуктук маселелер жана Регламент боюнча комитети 2019-жылдын 5-февралында түзгөн жумушчу тобу берди.

КР ЖК 2016-жылдан 2018-жылга чейинки мезгил аралыгында кабыл алган мыйзамдардын таасирине ЖӨБ органдары жалпысынан оң баасын беришүүдө. Айталы, тийгизген таасирин изилдөө үчүн тандалып алынган 18 мыйзамдын ичинен 14үнө ЖӨБ органдарынын көбү оң баасын беришти. Бул болсо алардын жалпы санынын 78% түзөт. ЖӨБ органдарынын пикири боюнча, төмөнкү мыйзамдардын таасири өзгөчө жакшы болгон:

- 2018-жылдын 27-январындагы №16 «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" КР Мыйзамы калкка көрсөтүлгөн кызматтардын сапатын жакшыртууга жол ачып, ЖӨБ органдарына болгон ишенимди көбөйттү; бизнес ишканаларды түзүүгө жергиликтүү бюджеттин чыгашаларына байланышкан кырдаалды түшүндүрүп берди, аны максаттуу колдонуу үчүн шарттарды түздү, муниципалдык ишканалардын чыгашаларына көзөмөлдү күчөттү;
- 2016-жылдын 28-декабрындагы №218 "Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" КР Мыйзамы жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын сунушун эске алды; топ-топко бөлүнүү көрүнүшүн жоготту, ЖМА башчылары менен жергиликтүү кеңештердин ортосундагы өз ара мамилелерди ачык-айкын кылып, жөнгө салды;
- 2016-жылдын 31-мартындагы №32 "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" КР Мыйзамы ЖӨБ органдарын текшерүү тартибин белгиледи, түрдүү текшерүүчү жана тартип коргоо органдары тарабынан мыйзамсыз жана башаламан текшерүүлөрүн азайтты;
- 2017-жылдын 20-июлундагы №162 «"Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына ("Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө", "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында болгон маалыматка жеткиликтүүлүк жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» КР Мыйзамы балдарды бала бакчага киргизүүнүн ачык тартибин орнотту; калктын онлайн режимдеги маалыматка жеткиликтүүлүгүн камсыз кылды; жалпысынан калктын маалымдуулугун жогорулатты;
- 2018-жылдын 2-августундагы №79 «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына («Сугат айдоо жерлерин жарактуу жерлердин башка категорияларына жана түрлөрүнө которууга (трансформациялоого) мораторий киргизүү жөнүндө», «Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына) өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» КР Мыйзамы айыл чарба багытындагы жерлерде курулган көптөгөн турак үйлөрдү мыйзамдаштырып, муну менен бир кыйла үй-бүлөлөрдүн көйгөйүн чечип берди; мыйзам келечекте жерлерди өзүм билемдик менен бөлүштүргөн көрүнүштөрдү азайтат;
- 2018-жылдын 10-августундагы №190 Кыргыз Республикасынын Салыктык эмес кирешелери тууралуу кодекси ЖӨБ органдарына жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн түзүү процессине көзөмөлдү күчөтүү үчүн шарттарды түзүп берди.

Баяндаманын алкагында жасалган иштер бир гипотезаны тастыктады: мыйзамдарды өзгөртүү аркылуу ведомство аралык тапшырмаларды чечүүгө карата кууш тармактык мамиле иш жүзүндөгү жыйынтыктарга терс таасирин тийгизет. Муну ЖӨБ органдары да белгилешүүдө. Айталы, тармактык тапшырмаларды аткарууга толугу менен багытталган, мамлекеттик органдар менен ЖӨБ органдарынын өз ара мамилесинин конструкциясын эсепке албай кабыл алынган, бюджеттик тутумдун эки деңгээлдүү өзгөчөлүгүн көңүлгө албаган төрт мыйзамдын таасирине ЖӨБ органдары терс баасын беришкен. Ал мыйзамдар:

- 2017-жылдын 27-апрелиндеги №63 «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» КР Мыйзамы жана 2017-жылдын 27-апрелиндеги №64 «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо маселелери боюнча айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» КР Мыйзамы дээрлик аткарылбайт. Себеби ЖӨБ органдарында программаларды даярдап, ишке ашыруу үчүн, социалдык кызматтарды түзүү үчүн ресурстары, зомбулуктун курмандыктары менен натыйжалуу иш алып баруу үчүн көндүмдөрү жана билими жетишсиз;
- "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына («Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө», «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына) өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» КР Мыйзамын

ЖӨБ органдары формалдуу түрдө гана аткарышат. Себеби ЖӨБ органдарында юристтин штаттык бирдиги каралган эмес, жер-жерлерде квалификациялуу юристтер тартыш, ЖӨБ органдарынын кызматкерлери жарандарга укуктук консультацияларды бере алышпайт;

- 2017-жылдын 28-июлундагы №163 «Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө» КР Мыйзамы документтерди чогултуу, муктаждык даражасын аныктоо процессинде кыйынчылыктарды жаратты; ЖӨБ органдарын муктаждыкты аныктоо процессинен чыгарып салды, жөлөкпулду дайындоо практикасына карата ЖӨБ органдарына наразы болгон жарандардын катары көбөйдү. Себеби жарандар бул маселеде кайсы жерден ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги бүтүп, ал эми кайсы жерден мамлекеттин жоопкерчилиги башталаарын териштиргиси келбейт.

Жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмесин бул функцияларды аткаруу үчүн зарыл болгон ресурстарды бербестен эч көзөмөлсүз кеңейте берген практика талкуу үчүн өзүнчө бир тема. Айталы, 2018-2019-жылдардын аралыгында эле ишке ашкан жана ашпай калган 10 сунуш түшкөн. Демилгечилер жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмесин кеңейтүүнү сунуш кылып келишкен. ЖӨБ органдарын бул кырдаалда өзгөчө тынчсыздандырып, түйшөлткөн бир маселе бар: сунуш кылынган 10 демилгенин экөөндө гана ЖӨБ органдарына аткарууга сунуш кылынып жаткан жаңы функцияларды республикалык бюджеттен каржылоо маселеси каралган. Калган 80% демилгенин маалым кат-негиздемеси "ЧУА долбоору мамлекеттик бюджеттик каражаттан кошумча каржылоону талап кылбайт" деген стандарттуу сүйлөмдү камтыйт. Натыйжада ЖӨБ органдары жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмегин кеңейтүүнү сунуш кылган демилгечилер жергиликтүү бюджетти жалпы мамлекеттик бюджеттин бир бөлүгү катары карабайт окшойт деген тыянакка келишүүдө. Демилгечилер "ЖӨБ органдары жергиликтүү бюджеттер Кыргыз Республикасынын салыктык жана салыктык эмес киреше тутумуна байланышпаган кандайдыр бир жол менен каржыланат окшойт" деп ой жүгүртүшү ыктымал. Иш жүзүндө жергиликтүү бюджеттер республиканын бириктирилген бюджетинин бир бөлүгү болуп саналат. Ошондуктан функция берилсе, ага акча да кошо берилет деген принципке ылайык, мамлекеттик органдар менен ЖӨБ органдары ортосунда бөлүштүрүлгөн функциялар өзгөрөөр замат бюджет аралык мамилелер да өзгөрүүгө тийиш, бул үчүн бюджеттер ортосундагы кирешелер кайра бөлүштүрүлүп чыгышы керек. Ошондуктан жүйөлүү ой жана КР Конституциясы боюнча мындай демилгелерге берилген маалым кат-негиздемеде функцияларды аткаруунун баасы жана аны каржылоонун булактары көрсөтүлүшү керек. Ал эми жергиликтүү бюджеттер жаңы же кошумча эмес, учурда бар болгон жергиликтүү маанидеги маселелерди минималдуу түрдө каржылоого эсептелинген.

ЖӨБ органдары жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмегин ресурстарды кошпостон кеңейте берүү салтына жана практикасына терең тынчсызданууусун билдирип жатышат. ЖӨБ органдары жергиликтүү маанидеги маселелерди финансы булактарын жана каржылоо механизмдерин бербей эле кеңейтүү практикасына тыюу салууну КР Жогорку Кеңешинен өтүнүп жатышат[1].

Бул Баяндама аркылуу ЖӨБ органдары башкаруунун түрдүү деңгээлдерине деректелген сунуштоолордун кеңири тизмесин беришти. Ошону менен бирге бул сунуштоолор ыкчам чараларды да, системалуу өзгөрүүлөрдү да камтыйт. Буларды ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн маанилүү шарт – мамлекеттик органдар жана ЖӨБ органдары Кыргыз Республикасынын жарандары кайсы жерде гана жашабасын алардын турмуш шарттарын жакшыртуу максатында чогуу иш алып барышы керек.

[1] КР Бюджеттик кодексинин 49-беренеси мамлекеттик органдарга билип туруп тиешелүү компенсацияны камсыз кылбастан, жергиликтүү бюджеттердин чыгашаларын көбөйтүүгө алып келүүчү иш-чараларды жүзөгө ашыруу боюнча чечимдерди кабыл алууга тыюу салат. Бул ченем туруктуу түрдө бузулуп келүүдө.

# СУНУШТООЛОР



**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине сунуштоолор**

Ушул Баяндамада сүрөттөлгөн байкоолордун жана көйгөйлөрдүн негизинде ЖӨБ органдары КР ЖК комитеттерине ЖӨБдүн кызыкчылыктарына тиешелүү болгон мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча демилге менен чыгууну сунуш кылышат.

**КР ЖК Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укуктук маселелер жана Регламент боюнча комитетине:**

- парламентаризмди жергиликтүү деңгээлде мындан ары да бекемдей берүү үчүн, ЖӨБ деңгээлинде өкүлчүлүктүү демократиянын туруктуулугуна жетүү үчүн жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлер үчүн билим берүү жана кесипкөй ченем-талапты жогорулатуу зарыл, муну менен жогорку билимдүү адам жергиликтүү кеңештин депутаты боло алат деп белгилеш керек;
- мыйзамдар менен депутаттардын калк алдында отчёт тапшыруусуна талаптарды киргизип, өз милдеттерин аткара албаган депутаттарды чакыртып алуунун жөнөкөй жана натыйжалуу механизмин караштыруу зарыл;
- жергиликтүү кеңештердин депутаттары өздөрүнүн депутаттык милдеттерин кесипкөй аткара алышы үчүн аларды даярдоо системасын уюштуруу зарыл;
- "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын аткарылышына контролду жүзөгө ашырып, мында жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын калк алдында отчёт тапшыруу талабынын аткарылышына өзгөчө көңүл буруу, ошондой эле жергиликтүү кеңештердин ишинин сапатына, анын ичинде алар кабыл алып жаткан ЧУАнын сапатына партиялык фактор тийгизген таасирди, регламенттерди жана мөөнөттөрдү сактап жатканына сапаттуу изилдөөнү уюштуруу зарыл;
- эч далилсиз, же билип туруп текшерүүчү органдарга жалган арыз берген адамдарга айып салуу менен, көзөмөлдү күчөтүү үчүн мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү керек; ЖӨБ органдарынын үстүнөн түшкөн даттанууну териштиргенден кийин ошол эле маселе боюнча же башка текшерүүчү органдардын маселеси боюнча кайра текшерүүнү болтурбай турган өзгөрүүлөрдү киргизүү зарыл;
- калкка консультациялык-укуктук жардам берүү кызмат көрсөтүүсүн ("Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иши жөнүндө" жана "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР мыйзамдары) жергиликтүү маанидеги маселелердин ичинен толугу менен чыгарып салуу же муну ЖӨБ органдарына кадрдык жана финансылык ресурс менен кошо өткөрүлүп берилчү мамлекеттик ыйгарым укуктардын категориясына которуу зарыл;
- КР Эмгек кодексине жана 2016-жылдын 30-майындагы №75 "Жарандык мамлекеттик кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" КР Мыйзамына белгиленген тартипте өзгөртүүлөрдү киргизүү абзел. ЖӨБ органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктар өткөрүлүп берилген учурда бул өзгөртүүлөр муниципалдык кызматчынын иш көлөмүн көбөйтүү жана ага кошумча акы төлөө мүмкүнчүлүгүн да караштырышы керек;
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө Кодексти даярдоо ишин тездетүү зарыл. Бул Кодекс тармактык мыйзамдардагы укуктук коллизияларды жана карама каршылыктарды алып салууга жол ачат; жергиликтүү маанидеги маселелерди ирээтке келтирип, системага салат жана толук тизмени бекитет; ЖӨБ органдарынын, мамлекеттик органдардын ж.б. ыйгарым укуктарын тактап берет;
- муниципалдык менчик жөнүндө колдонуудагы мыйзам заман талаптарына канчалык шайкеш келгенин изилдеп чыгып, зарыл болсо өзгөртүүлөрдү киргизип же жаңы редакцияны кабыл алуу сунуш кылынат.

**КР ЖК Социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана саламаттык сактоо боюнча комитетине:**

- КР Эмгек кодексине түзөтүүлөрдү киргизүү мүмкүнчүлүгүн караштыруу зарыл. Бул түзөтүүлөр муниципалдык кызматчылардын өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым

укуктарды аткаруу жөндөмдүүлүгүн материалдык жактан камсыз кылуу үчүн муниципалдык кызматчыларга кызмат орундарын айкалыштыррууга уруксат бермек;
- өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктарды аткаруу үчүн ЖӨБ органдарына келишим боюнча адистерди тартууга укук берген өзгөртүүлөрдү улуттук мыйзамдарда караштыруу зарыл;
- жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмесинен үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо боюнча чаралардын комплексин жүзөгө ашыруу маселелесин алып таштап, бул кызмат көрсөтүүнү ЖӨБ органдарына тийиштүү ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү аркылуу уюштурса болот;
- үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо маселесинде ЖӨБ органдарынын ыйгарым укуктар чөйрөсүн кайра карап чыгып, алар реалдуу түрдө аткара ала турган ишти бериш керек. Мисалы, кырдаалга мониторинг жүргүзүү жана үй-бүлөдөгү зомбулукту мүмкүн болушунча эртерээк аныктоо милдетин берсе болот. Конкреттүү үй-бүлөлөр менен практикалык ишти уюштуруу милдетин мамлекет өзүнө алышы керек;
- социалдык жөлөкпулга муктаждарды ЖӨБ органдарына караштуу социалдык маселелер боюнча комиссиялар аркылуу аныктоо тартибине кайтып келип, бул үчүн аларга тийиштүү ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү зарыл.

### КР ЖК Бюджет жана финансы боюнча комитетине:

- КР ЖК, КР Өкмөтү жана ЖӨБ органдары ортосундагы бюджет аралык диалогдун форматын түзүп, аны тийиштүү ЧУА менен бекитүү зарыл;
- КР Бюджеттик кодексинде максаттуу трансферттердин статусун так аныктоо зарыл. Бул болсо максаттуу трансферттерди киреше потенциалынын бир компоненти катары эсепке алууга жана мунун негизинде теңдештирүүчү трансферттердин көлөмүн азайтууга жол бербейт;
- теңдештирүүчү гранттар жөнүндө мыйзамды кабыл алуу, ЖӨБ органдарынын бюджеттик камсыздалгандыгын теңдештирүүнүн принциптерин жана тартибин мыйзамдар менен орнотуу абзел;
- өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктарды аткаруу үчүн ЖӨБ органдарына адистерди келишим боюнча тартууга уруксат берген өзгөртүүлөрдү мыйзамдарга киргизүү; өзүнүн керектөөлөрүнө жараша жана жергиликтүү бюджеттин мүмкүнчүлүктөрүн эсепке алуу менен, штаттык ырааттаманы өз алдынча аныктоого укук берүү зарыл.

### Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө сунуштоолор

- калктын ЖӨБ органдарына ишеним индексин эсептөөнүн натыйжалуу методикасын иштеп чыгып, бул индексти эсептөө милдетин КР Улуттук статистика комитетинин (мындан ары – КР УСК) иш планына киргизүү;
- ЖӨБ органдарынын ишин баалоодо калктын ишеним деңгээлинин көрсөткүчтөрүн, анын ичинде КР Өкмөтү өткөргөн конкурстардын жыйынтыктарын кошуу;
- КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 19-декабрындагы №715 токтому менен бекитилген айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды ишке ашыруу үчүн республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджеттерге берилүүчү трансферттердин көлөмүн эсептөөнүн убактылуу методикасын өркүндөтүү, анын ичинде ЖӨБ органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүүнү эсептөө механизмин кошуу зарыл.
- тийиштүү министрликтер жана ведомстволор ЖӨБ органдары менен мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү жөнүндө келишимдерди түзүшү керек же айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү жөнүндө мыйзамдардын долбоорлорун КР Өкмөтүнүн кароосуна киргизиши абзел;
- ЖӨБ органдарына берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды кошумча штаттык бирдиктердин эсебинен аткарууга мүмкүнчүлүк берүү жаатындагы чектөөлөрдү алып салуу крек. Бул чектөөлөр КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы №451 “Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө” токтому менен киргизилген;
- республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджетке берилген максаттуу трансферттердин эсебинен кошумча киргизилип жаткан муниципалдык кызматчылардын (айыл өкмөтүнүн

(мындан ары – АӨ), шаарлардын мэрияларынын) кызмат орундарын күтүүгө кеткен финансылык чыгашаларды камсыз кылуу;
- тийиштүү тармактык ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөрдү киргизүү жолу менен мамлекеттик органдардын жана ЖӨБ органдарынын функцияларын жана ыйгарым укуктарын бөлүштүрүү ишин аягына чыгаруу зарыл;
- ЖӨБдүн аткаруу органынын кызматкерлеринин жергиликтүү маанидеги маселелер жана өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар боюнча ишинин көлөмү белгиленген штаттык бирдиктин санына канчалык шайкеш келип жатканына функционалдык анализ жасоо керек, ЖӨБ органдарына ЖӨБдүн аткаруу органынын штаттык санын өз алдынча аныктоого уруксат берген ЧУА долбоорун иштеп чыгуу зарыл;
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө Кодексти даярдоо ишин тездетүү зарыл. Бул Кодекс тармактык мыйзамдардагы укуктук коллизияларды жана карама каршылыктарды алып салууга жол ачат; жергиликтүү маанидеги маселелерди ирээтке келтирип, системага салат жана толук тизмени бекитет; ЖӨБ органдарынын, мамлекеттик органдардын ж.б. ыйгарым укуктарын тактап берет;
- КР Өкмөтү менен ЖӨБ органдары ортосундагы бюджет аралык диалогдун форматын аныктап, аны тийиштүү ЧУАда бекитүү зарыл;
- ЖӨБ органдарынын жигердүү катышуусу менен (ЖӨБ Союзу аркылуу) жаңы Бюджет аралык мамилелердин Концепциясын иштеп чыгып, кабыл алуу; КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 10-мартындагы №116 токтому менен кабыл алынган буга чейинки концепция эмне үчүн аткарылбай калганына анализ жасоо зарыл;
- өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруу үчүн ЖӨБдүн аткаруу органдарынын штаттык санын көбөйтүүгө киргизилген тыюуну алып салуу зарыл;
- муниципалдык жер жана кыймылсыз мүлк объекттери менен бүтүмдөр үчүн электрондук соода аянтчасын уюштуруу максатында техникалык шарттарды түзүү ишин тездетүү керек.

## Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматына сунуштоолор

КР Мамлекеттик кадр кызматына жана башкаруунун бардык жогорку органдарына ЖӨБдүн аткаруу органдарынын ишине байланыштуу төмөнкү маселелерди чечүү зарылчылыгына көңүл буруу сунушталат:
- саясий себептер менен, өзгөчө ЖӨБдүн аткаруу органынын жетекчиси алмашканына байланыштуу административдик кызмат орундарын ээлеген муниципалдык кызматчыларды жумуштан бошотууга чектөөлөрдү киргизүү;
- ЖӨБдүн аткаруу органдарында гендердик теңдикке жетүү үчүн чараларды караштыруу, анын ичинде муниципалдык кызматчы аялдардын иши үчүн жагымдуу шарттарды түзгөн ЖӨБ органдарына мотивация берүү чараларын караштыруу;
- ЖӨБдүн аткаруу органдарында 28 жашка толо элек курактагы жаш кызматкерлердин муниципалдык кызматта кала берүүсү үчүн мотивация чараларын караштыруу; муниципалдык кызматта жалаң гана улуу муундун өкүлдөрү кала беришин болтурбоо;
- бош жүргөн эмес, чындап кызыкдар болгон муниципалдык кызматчыларды квалификациясын жогорулатууга жиберип турушу үчүн ЖӨБдүн аткаруу органдарынын жетекчилери үчүн мотивация берүүчү чараларды караштыруу;
- бош турган муниципалдык кызмат орундарына талапкерлер үчүн тесттердин мазмунун түп тамырынан бери карап чыгуу. Тесттеги суроолор кызмат милдеттерин аткаруу үчүн чындап зарыл болгон компетенцияларды камтышы керек; аны менен катар айрым адистер үчүн тесттерде саясий суроолордун үлүшүн азайтуу зарыл;
- бул тапшырмаларды аткаруу үчүн КР Мамлекеттик кадр кызматына караштуу биргелешкен жумушчу топту түзүү зарыл. Бул жумушчу топко кызыкдар мамлекеттик органдардын өкүлдөрү жана ЖӨБ Союзунун өкүлдөрү киришет, андан соң жумушчу топ даярдаган документти Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат боюнча кеңештин кароосуна жиберүү керек.

# МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРДЫН АЛЬТЕРНАТИВДҮҮ ПИКИРЛЕРИ

Баяндаманын долбоору 16 мамлекеттик органга жиберилген. Алардын тизмеси 4-тиркемеде берилди. Жооп катары Баяндаманын текстине расмий пикирлер жана толуктоолор жиберилди. Алар төмөн жакта Баяндаманын автордук тобунун баяндамасында берилди. Мамлекеттик органдардын расмий жоопторунун толук тексти менен ӨСИнин сайтынан тааныша аласыз (URL: http://dpi.kg/ru/library/full/314.html).

## Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

Баяндаманын долбоорун карап чыгып, Комиссия 2019-жылдын август айында жергиликтүү деңгээлде шайлоо процессин өркүндөтүүгө багытталган мыйзамдарга киргизилген өзгөртүүлөр күчүнө киргенин маалымдайт. Анын ичинде айылдык кеңештердин шайлоо округдарында 30 пайыздан кем эмес мандатты аялдар үчүн резервде калтыруу каралган. Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районундагы Саруу айылдык кеңешинин депутаттарын шайлоо мыйзамдарга киргизилген ушул өзгөртүүлөр боюнча өттү. Бул аймакта үч шайлоо округунда ар бир округдагы үчтөн мандат аялдар үчүн сакталган (ар бир округда жети мандаттан). Шайлоого депутаттыкка талапкер 79 адам катышты, алардын ичинен 16 талапкер – аялдар. Шайлоодон өткөн 21 адамдын тогузу аялдар болду. Бул болсо айылдык кеңештин депутаттарынын жалпы санынан 42,8 пайызды түзөт.

*Төраганын орун басары А. Эшимов*

## Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматы

Баяндама Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун азыркы абалына комплекстүү баалоону камтыйт. Документте жергиликтүү деңгээлдеги башкаруунун көптөгөн жетишкендиктери жана көйгөйлөрү кенен чагылдырылган. Документте статистикалык материал жана аларга анализ камтылган. Жергиликтүү бийликти жүзөгө ашырууда реалдуу практикадан алынган мисалдар да келтирилген.

Ошол эле маалда МКК Баяндамада көтөрүлүп жаткан айрым маселелерди бир өңчөй кароого болбостугун, аларды дагы да терең түшүнүү зарыл экенине көңүл бурат. Бир жагынан 1.1-бөлүгүндө муниципалдык кызматчылардын классфикациясынын төмөндүгү көйгөйү белгиленген. Кызматчылардын кесипкөй деңгээли жарандардын суроо-талаптарына шайкеш келиши үчүн талапкерлерди тандап алуу процесси катаалдашты деген тыянак логикалуу болот. Экинчи жагынан Баяндамада бош турган муниципалдык кызмат орундарына талапкерлер жооп берген тесттеги суроолор оор деген сын-пикир айтылган.

Иш жүзүндө бул маселенин өзүнө тиешелүү тарабын МКК чечти десек болот. 2018-жылы түрдүү категорияларга караган кызмат орундарына талапкерлерди тестирлөөдөн өткөрүүгө дифференциацияланган ыкма киргизилген. Мурда бардык талапкерлер тестирлөөдө 14 ченемдик укуктук актыдан түзүлгөн суроолорго жооп бериши керек болчу. Эми кенже кызмат орундары үчүн тесттер үч ЧУАнын базасында, улук жана башкы кызмат орундары үчүн беш ЧУАнын базасында түзүлөт. Тагыраак айтканда, талапкерлерге коюлган талаптар бир кыйла жумшарды (МККнын 2018-жылдын 19-январындагы №6 "Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын билгенине компьютердик тестирлөөнү өткөрүү маселелери жөнүндө" буйругу). Натыйжада 2018-жылдан бери муниципалдык кызмат орундарына талапкерлер үчүн тест тапшырганда "чектик маанисинен" өтүү 51,2 пайызга жогорулады (буйрук чыкканга чейин 27,9% болчу). Ошентип, талапкерлерге коюлган талаптардын көбөйтүлүшү же азайтылышы маселеси бир маанилүү эмес мүнөзгө ээ.

1.3-бөлүмдө ЖӨБ органдарынын кызматчыларынын квалификациясын жогорулатуудагы көйгөйлөр сүрөттөлгөн. Баяндамада 2016-жылдан 2018-жылга чейинки мезгил аралыгында кызматчылардын окуусу тууралуу маалыматтар келтирилип, бирок 2019-жылы муниципалдык кызматчыларды окутуу азырынча баштала электиги белгиленген. 2019-жылдын август айынан баштап ушул күнгө чейин ЖӨБ органдары үчүн адистештирилген топтордо 192 муниципалдык

кызматчы окуудан өттү. Саясий муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдар үчүн биринчи жолу системалуу негизде окуулар өткөрүлүп жатат (2019-жылдын ноябрына чейин 383 адам окуудан өттү). 2019-жылдын аягына чейин ЖӨБ органдарынын 460 кызматкери айрым курстар боюнча окууга катышып, окуудан өткөн саясий муниципалдык кызмат адамдарынын саны 1040 болот. Ошондой эле муниципалдык кызматчылар жергиликтүү мамлекеттик администрациянын жана ЖӨБ органдарынын кызматкерлери үчүн өткөрүлгөн биргелешкен курстарда да окушат. Колдонуудагы мыйзамдарга киргизилген өзгөртүүлөр жана толуктоолор маселеси боюнча кошумча семинарлар МККнын күчү менен өткөрүлдү. Талас, Балыкчы жана Ош шаардык мэрияларынын адистери үчүн «e-Kyzmat» автоматташтырылган маалыматтык системасын колдонууну үйрөткөн окуулар өткөрүлдү. 2020-жылы «e-Kyzmat» системасына кошулганына жараша бардык ЖӨБ органдарынын адистери үчүн окууларды өткөрүү пландалып жатат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын 40 кызматкери эл аралык кызматташтыктын алкагында окуудан өттү.

Бул маселеде ЖӨБ органдарынын жетекчилери кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу маселесине өтө жоопкерчиликтүү мамиле жасашы керек. Алар окууга “ким бош болсо, иши аз болсо ошол барсын” деген принцип менен эмес, чындап квалификациясын жогорулатууга жана кайра окуудан өтүүгө муктаждыгы бар кызматкерлерди окууга жибериши керек.

*Директордун м.а. Б. Э. Сагынбаев*

**Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги**

Аналитикалык документ ЖӨБ органдарынын өнүгүүсүндөгү азыркы тенденцияларды, учурдагы көйгөйлөрдү жана ЖӨБ органдарынын ишиндеги маселелерди чечүү боюнча сунуштоолорду камтыйт.

Бул аналитикалык документти жеңил кабылдоо үчүн бардык кызыкдар тараптар Баяндаманын түзүлүшүн толук иштеп чыгышы керек. Баяндаманын биринчи бөлүгү документтин жалпы көлөмүнүн 60 пайызын ээлейт экен. Биз ушул биринчи бөлүгүн кыскартып, кабыл алынган мыйзамдардын ЖӨБ органдарынын өнүгүүсүнө тийгизген таасирине арналган экинчи бөлүмдү күчөтүүнү сунуш кылабыз.

Баяндамадагы ырастоолорду конкреттештирүү зарыл. Мисалы, жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмеги боюнча 10 демилгенин ичинен экөөндө гана ЖӨБ органдарына аткарууга сунуш кылынган функцияларды каржылоо маселеси каралган деген ырастоо бар. Аны менен катар калган учурларда республикалык бюджеттен кошумча каржылоонун жоктугу көйгөй болуп эсептелинет деген ырастоого конкреттүү жүйөө келтирилген эмес. Документте козголгон көйгөйлөр тууралуу дискуссияны кеңейтип, Баяндамадагы сунуштоолорду ишке ашырууга дем берүү үчүн бул аналитикалык документти басып чыгаруу зарыл. Эгерде Баяндаманы ченемдик документ катары бекитүү пландалып жатса, анын текстин 2009-жылдын 20-июлундагы №241 “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө” КР Мыйзамынын ченемдерине ылайык, ЧУАны жол-жоболоштурууда коюлуучу талаптарга шайкеш келтириш керек.

*Министрдин орун басары Д. Кадыров*

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностук мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик**

Баяндамадагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жарымынан көбү (51,2%) Өкмөткө жиберген кайрылууларына жооп алышпайт[1] деген маалымат боюнча ЖӨБЭММАнын пикири: документтин авторлору Өкмөт Аппаратынын тийиштүү бөлүмүнө кайрылып, аларга түшкөн документтер, кайрылууларга карата тийиштүү жооп берилип-берилбегени тууралуу маалыматты такташы керек.

Өлкөдө жергиликтүү кеңештердин депутаттарын окутуунун кандайдыр бир формасы болбогону тууралуу пикирге карата ЖӨБЭММАнын жообу: жергиликтүү кеңештердин депутаттарын окутуу иштери маал-маалы менен болуп турат, бул окуулар өнүгүү боюнча өнөктөштөрдүн колдоосу менен да өткөрүлүп келет.

[1] Баяндамада ЖӨБ органдарынын КР Өкмөтүнө гана эмес, бардык жогорку башкаруу органдарына да жиберилген сурамдарына кайтарылган жоопторуна карата пикири берилди.

Республикалык бюджетке карата жергиликтүү бюджеттердин көлөмүнүн үлүшү төмөн дегенге ЖӨБЭММА буларды белгилейт: шаарларды жана айылдарды өнүктүрүү үчүн КРнын тармактык министрликтери жана ведомстволору аркылуу аз эмес акча каражатын бөлүп турат. Ошондой эле эл аралык структуралар, анын ичинде өнүктүрүү банктары каржылаган, өнүктүрүүгө багытталган долбоорлор аркылуу аймактарга олуттуу каржылык колдоо көрсөтүлүп келатат.

Муниципалдык менчикти башкаруу боюнча ЖӨБЭММА буларды кабарлайт: Токмок жана Кант шаарларында, ошондой эле Ново-Покровка айылдык аймагында муниципалдык мүлктү ижарага берүү жана менчиктештирүү боюнча электрондук тооруктарды сынамык ирээтинде киргизүү иштери электрондук соода аянтчасынын техникалык оператору аныкталгандан кийин башталат. Техникалык операторду Кыргыз Республикасынын Маалыматтык технологиялар жана байланыш мамлекеттик комитети Өкмөттүн 2019-жылдын 29-мартындагы №142 токтомуна ылайык аныктайт.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды саатка карап төлөнүүчү шартта өткөрүп берген учурда муниципалдык кызматчынын ишинин көлөмүн көбөйтүү жана кошумча акы төлөө тууралуу сунуш боюнча ЖӨБЭММА бул маселени КР Эмгек кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү аркылуу чечүү максатка ылайыктуу болбойт деп эсептейт.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мыйзам чыгаруу процессине катышуусун күчтөндүрүү зарылчылыгы, мыйзамдардын жергиликтүү жамааттардын өнүгүүсүнө тийгизген таасирин баалоо тууралуу сунушту ЖӨБЭММА жалпы жонунан колдойт. Бирок ЖӨБЭММАнын баамында:

- “кабыл алынып жаткан мыйзам актыларынын тигил же бул процесстерге тийгизген таасирин баалоодо бир гана усулга – коомдук пикирди сурамжылоого гана таянуу жетишсиз. Атүгүл бери дегенде эки усулду[1] колдонуш керек. Мисалы, регулятивдүү таасирине анализ жүргүзүү же башка бир усулду (дүйнөлүк тажрыйбанын негизинде) колдонсо болот;
- сурамжылоо жүргүзгөндө репрезентативдүүлүктү камсыз кылуу зарыл. Б.а., респондент-тердин чөйрөсүн дыкат жана тең салмактуу аныктоо абзел. Бул чөйрөгө жарандар жана жергиликтүү жамааттардын уюшкан бөлүгүнүн өкүлдөрү кириши керек;
- материалдарды бери дегенде эки усулду колдонуу менен чогултуп, аларга анализ жүргүзүү, Баяндаманы мындан ары тепкич-тепкичи менен теңдештик негизде даярдоо зарыл;
- бул Баяндама жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жергиликтүү жамааттардын өкүлчүлүктүү чогулуштарында каралып чыгышы керек.

Жогоруда айтылгандардын негизинде, Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар Союзу жана Өнүктүрүү саясат институту жасап жаткан иштердин маанисин кемитпестен, алардын жерги-ликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүдөгү ролун таануу менен, ЖӨБЭММА биринчи кезекте чечилиши керек болгон көйгөйлүү маселелерди санап гана бербестен, аларды чогуу чечүүгө, резонанс жараткан мыйзамдарды талдоого гана көңүл бурбастан, чоң көлөмдөгү тармактык ченемдик укуктук актыларга инвентаризация жүргүзүп чыгууга катышууга чакырат. Бул иштер жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен мамлекеттик органдардын өз ара аракет-тенүүсүнүн Регламентин жана Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө Кодексинин долбоорун даярдоого байланыштуу болот”.

*Директор Б. У Салиев*

## Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги

Баяндаманын долбоору менен таанышып чыгып, КР Юстиция министрлиги сунуштары жана сын пикири болбогонун кабарлайт.

*Министрдин орун басары М. К. Есеналиев*

## Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматы

Баяндаманын долбоору менен таанышып чыгып, КР Мамлекеттик каттоо кызматы өз компе-тенциясынын чегинде сын-пикирлери жана божомолдору болбогонун кабарлайт.

*Төраганын орун басары А. А. Туйбаева*

[1] Баяндаманы даярдап жатканда үч усул колдонулду: анкета толтуруу, фокус-топтук изилдөө, кабинеттик изилдөө.

# БАЯНДАМАГА ЖҮРГҮЗҮЛГӨН ГЕНДЕРДИК ЭКСПЕРТИЗА

ЖӨБ Союзу жана ӨСИ Баяндамага гендердик экспертиза жүргүзүүнү уюштурушту. Экспертизанын баштапкы жыйынтыктары 2019-жылдын 28-октябрында Баяндаманын долбоорун мамлекеттик башкаруу органдары менен талкуулоо маалында катышуучуларга берилди. Төмөндө Баяндамага жасалган гендердик экспертизанын корутундусу кыскартылып берилди. Ал эми корутундунун толук тексти ӨСИнин сайтына жүктөлдү (URL: http://dpi.kg/ru/library/full/314.html).

Баяндаманын долбооруна жүргүзүлгөн гендердик анализ көрсөткөндөй, документте аялдардын эки өңүттө өкүлчүлүгү маселесине негизги көңүл бурулган:

- ЖӨБдүн шайлануучу органдарында аялдардын санына (өкүлчүлүгүнө) байланышкан көйгөй;
- муниципалдык кызматта аялдардын санына (өкүлчүлүгүнө) байланышкан көйгөй.

Ошентип, Баяндамада негизги көңүл аялдардын ЖӨБ органдарына (шайлануучу органдарында – кеңештерде да, дайындалуучу органдарында – мэрияларда жана айыл өкмөттөрүндө) саясий катышуу маселелерине бурулган. Бул болсо гендердик баалоо көз карашынан алганда документке оң баа берүүгө көмөкчү болду.

Аялдардын өкүлчүлүгү маселеси боюнча гендердик-дезагрегацияланган көрсөткүчтөрдүн көп санын колдонуу менен, Баяндаманы иштеп чыгуу методологиясын өркүндөтүү үчүн башка да мүмкүнчүлүктөр бар. Аларга талдоо жүргүзүү менен, аялдарга ЖӨБ органдарынын ишине эффективдүү катышууга тоскоол болгон реалдуу барьерлерди андан да терең түшүнүүгө, мыйзамдарга киргизилиши керек болгон өзгөртүүлөрдү аныктоого болот.

Гендердик анализ Баяндаманы аялдардын өкүлчүлүк ракурсунан гана эмес, андан да кеңири кароого жол берет. Мисалы, аялдардын жергиликтүү деңгээлде коомдук маанилүү чечимдерди кабыл алуу процессине катышуу ракурсунан жана башка өңүттөрдөн кароого шарт түзөт

*Гендердик эксперт З. Кочорбаева*

| № | Гендердик эксперттин сунуштоолору | Автордук топтун жообу |
|---|---|---|
| 1 | Жергиликтүү кеңештерде аялдардын өкүлчүлүгүнө карата сунуштар:<br>• жергиликтүү кеңештерге шайлоонун жыйынтыктары тууралуу маалымат такталып, толукталышы керек;<br>• ал маалыматтарга жасалган анализдин жыйынтыктары берилиши керек. | Сунуштоо жарым-жартылай эсепке алынды. Шаардык кеңештерге шайлоонун жыйынтыктары тууралуу дайындар Баяндаманын гендердик экспертизасынын алкагында берилген маалыматка шайкеш өзгөртүлдү. Маалыматтардагы динамиканын себептерине жасалган анализ Баяндаманы даярдоо методологиясына кошулат. |
| 2 | Муниципалдык кызматта жынысы, этностук тийиштүүлүгү, жаш курагы, иш тажрыйбасы, кызматтан көтөрүлүүсү, бош орундарга жарыяланган конкурстардан өтүүсү ж.б. тууралуу маалыматтардын дезагрегация деңгээлин жогорулатуу сунушталат. | Сунуштоолор эске алынып, мүмкүн болушунча Баяндаманы даярдоо методологиясын толук иштеп чыгуунун алкагында жасалат. |
| 3 | Муниципалдык кызматта гендердик балансты камсыз кылуунун өтүмдүү механизмдерин кошуу үчүн КР Өкмөтүнүн токтомдору менен бекитилген бир катар жоболорго өзүнчө гендердик анализ жасоо сунушталат (2016-жылдын 14-декабрындагы №674 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндөгү мыйзамдарды сактоону камсыз кылуу маселелери жөнүндө" жана 2016-жылдын 29-декабрындагы №706 "Мамлекеттик жарандык кызматты жана муниципалдык кызматты уюштуруу маселелери жөнүндө" КР мыйзамдары"). | Сунуштоо ЖӨБ органдары менен талкууга коюлат. |

| | | |
|---|---|---|
| 4 | Баяндаманын текстинде КР калкын түрдүү белгилер боюнча, анын ичинде жынысы боюнча диверсификациялабастан, гомогендик топ катары кароо сунушталбайт. "Калктын түрдүү топтору", "калктын аярлуу топтору", "Аялдардын жана кыздардын муктаждыктары жана керектөөлөрү", "балалуу келиндердин кызыкчылыктары", "ЖӨБ органдарында үй-бүлөлүк милдеттери бар кызматкерлердин керектөөлөрү" ж.б. өңдүү түшүнүктөрдү пайдалануу сунушталат. | Сунуштоо эске алынып, мүмкүн болушунча Баяндаманы даярдоо методологиясын толук иштеп чыгуунун алкагында жасалат. |
| 5 | Калк кайсы бир көрүнүштү кандай кабыл алып жатканын баалоодо аялдарды сурамжылоого катышкан өзгөчө топко киргизүү сунушталат (жергиликтүү өнүгүүдөгү жана ЖӨБдөгү көйгөйлөргө карата алардын пикирин жана көз карашын билүү үчүн). | Сунуштоо эске алынып, мүмкүн болушунча Баяндаманы даярдоо методологиясын толук иштеп чыгуунун алкагында жасалат. |
| 6 | Баяндаманын текстине мыйзамдарга жасалган гендердик экспертизанын жыйынтыктары тууралуу маалыматты (баа берилип жаткан мыйзамдардын маалым кат-негиздемесинде жазылган маалыматты) кошуу сунушталат. | Сунуштоо эске алынып, мүмкүн болушунча Баяндаманы даярдоо методологиясын толук иштеп чыгуунун алкагында жасалат. |
| 7 | 2018-жылдын 18-июлундагы №69 "Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" КР Мыйзамын аткаруунун жүрүшүндө бюджеттик угууларды өткөрүү тартиби – угууларга аялдардын катышуусу, катышуучулардын жалпы санына карата үлүшү жөнүндө маалыматты тактоо сунушталат. | Сунуштоо эсепке алынды. |
| 8 | Баяндамада жергиликтүү бюджеттерге гендердик экспертизаны колдонуу жана гендердик өлчөмдү жергиликтүү бюджеттерге кошуу практикасын, анын ичинде жергиликтүү бюджеттерге жасалган гендердик анализдин конкреттүү мисалдарын карап чыгуу сунушталат. | Сунуштоо эске алынып, мүмкүн болушунча Баяндаманы даярдоо методологиясын толук иштеп чыгуунун алкагында жасалат. |
| 9 | Муниципалдык менчикти башкаруунун өңүттөрүн карап жатканда гендердик анализди колдонуу сунушталат (жалпынын пайдалануусу үчүн багытталган инфраструктуралык объекттер калктын түрдүү топторунун, анын ичинде аялдардын жана кыздардын муктаждыктарын жана керектөөлөрүн канчалык даражада тейлеп жатканын баалоо сунушу). | Сунуштоо эске алынып, мүмкүн болушунча Баяндаманы даярдоо методологиясын толук иштеп чыгуунун алкагында жасалат. |
| 10 | 2017-жылдын 28-июлундагы №163 "Кыргыз Республикасында мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө" КР Мыйзамы тийгизген таасирди баалоодо өзөктүк мамлекеттик органдардын жана жөлөкпул алгандардын пикирин мүмкүн болушунча көбүрөөк даражада эсепке алуу сунушталат. Социалдык жөлөкпулга муктаждыкты ЖӨБ органдарынын социалык маселелер боюнча комиссиялары аркылуу аныктоо тартибине кайтып келүү сунушу дагы кошумча изилдөөнү талап кылат. | Баяндамада изилдөөнүн предмети – ЖӨБ органдарынын пикири. Башка тараптардын пикири да жарым-жартылай эсепке алынды. Себеби "Кыргыз Республикасында мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө" КР Мыйзамынын аткарылышына ( "үй-бүлөгө көмөк" жөлөкпулу жаатындагы) жасалган мониторингдин жыйынтыктары боюнча Маалым кат ушул жерде маалымат булагы болду. Бул мониторинг КР ЖК Социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана саламаттык сактоо боюнча комитетинин 2018-жылдын 29-октябрындагы чечиминин негизинде Кыргыз Республикасынын бардык региондорунда жүргүзүлгөн. |

| | | |
|---|---|---|
| 11 | Мамлекеттик органдар менен ЖӨБ органдары ортосундагы ыйгарым укуктарды бөлүштүрүүгө байланышкан маселеге дагы терең анализ жасоо сунушталат. Бул маселе эки мыйзамдын мисалында каралган. Алар: 2017-жылдын 27-апрелиндеги №63 "Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө" КР Мыйзамы жана 2017-жылдын 27-апрелиндеги №64 "Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо маселелери боюнча айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" КР Мыйзамы. Бул маселени дагы да кеңири мазмунда, жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн ичинен убай көрүүчүлөрдүн пикирин эсепке алуу менен карап чыгыш керек. | Сунуштоолор эске алынып, мүмкүн болушунча Баяндаманы даярдоо методологиясын толук иштеп чыгуунун алкагында жасалат. |
| 12 | Үй-бүлөдөгү зомбулук тууралуу маалыматтарды, анын ичинде ички иштер органдарына, аксакалдар сотуна, аялдар кеңешине жана үй-бүлөдөгү зомбулук маселелери боюнча кризистик борборлорго кайрылуулардын саны тууралуу маалыматты Баяндамага кошуу сунушталат. | Сунуштоо эске алынып, мүмкүн болушунча Баяндаманы даярдоо методологиясын толук иштеп чыгуунун алкагында жасалат. |
| 13 | Үй-бүлөлүк зомбулук тууралуу мыйзамдарды өзгөртүү тууралуу маселеге гендердик жана үй-бүлөлүк зомбулук боюнча эксперттер, кризистик борборлордун, аялдар уюмдарынын адистери менен атайын консультацияларды жүргүзгөндөн кийин кайтып келүү сунушталат. | Сунуштоо эске алынып, мүмкүн болушунча Баяндаманы даярдоо методологиясын толук иштеп чыгуунун алкагында жасалат. |

## БАЯНДАМАНЫН СТАТУСУ БОЮНЧА СУРОО

Методологияга ылайык, Баяндама КР ЖКнын контролдук функцияларына, КР ЖК кабыл алган мыйзамдардын жана башка актылардын таасирине мониторинг жүргүзүү процессин камсыз кылууну гана эмес, ошону менен бирге бул мониторингдин жыйынтыктарын талкуулап, талкуудан кийин кабыл алынган чечимдерди түзөтүү үчүн жаңы шарттарды түзүү максатын көздөйт. Ошондуктан Баяндаманын статусу тууралуу маселе өзгөчө мааниге ээ болуп турат.

2019-жылы Баяндаманын идеясы жана методологиясы КР ЖКнын үч комитетинде (КР ЖК Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укуктук маселелер жана Регламент боюнча комитетинде; КР ЖК Агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана регионалдык өнүктүрүү боюнча комитетте; КР ЖК Социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана саламаттык сактоо боюнча комитетте) колдоо тапкан. Ал эми КР ЖК Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укуктук маселелер жана Регламент боюнча комитети, атүгүл аны иштеп чыгуу боюнча тийиштүү жумушчу топту түзүү тууралуу  чечим кабыл алган.

Мындан тышкары Баяндама иш-чаралардын бири катары Ачык Парламентти түзүү боюнча биринчи Иш-аракеттер планына кирген. Бул планды КР ЖК Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укуктук маселелер жана Регламент боюнча комитети 2019-жылдын 25-июнунда карап чыгып, бекиткен[1].

Кийинки кадам – ушул документтин мисалында Баяндаманын методологиясын, жыйынтыктоочу тыянактарын жана сунуштоолорун талкуулап, Баяндаманын зарыл болгон атрибуттарын жана статусун ченемдик жактан бекитүү. Алар:

- мезгилдүүлүгүн, маалыматтарды чогултуу процессин, даярдоо иштерин жана талкууларды камтыган методология;
- аны тапшыруу жана КР ЖКнын түзүмдөрү менен талкуулоо тартиби;
- субъектиси жана Баяндаманы КР ЖКга берүүнүн жыйынтыгы боюнча чечимдердин формасы.

[1] “Ачык Парламент” Демилгеси боюнча 2019-жылдын 29-июлунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине № 6-5069и/19 кат, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасынын орун басары А.Касымалиева кол койгон.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ЖӨБ ОРГАНДАРЫНЫН САНЫ

Кыргыз Республикасында ЖӨБ органдарынын саны тарыхый өбөлгөлөр менен шартталган. Кыргызстандагы ЖӨБдүн тарыхын шарттуу түрдө беш негизги этапка бөлүп койсо болот. ЖӨБ жөнүндө мыйзамдардагы жана башкаруу практикасындагы ири өзгөрүүлөр бул этаптардын негизги өзөгүн түзөт. Шарттуу түрдө бул этаптарды үзгүлтүксүз, кээде карама каршы кыймыл катары, ошондой эле ЖӨБдүн оптималдуу санын, формаларын жана моделдерин издөө катары да мүнөздөсө болот.

**Биринчи этабы** (1991-жылдын 19-апрели – 1991-жылдын 19-декабры) – мамлекеттик бийлик органдары ЖӨБ органдары болуп кайра түзүлүүсү (Эл депутаттары кеңештеринин эң төмөнкү бөлүгүнө ЖӨБ органдары статусу берилди) жана мамлекеттик башкаруунун эң көп децентралдашуусу.

**Экинчи этап** (1991-жылдын декабры – 1997-жыл) – мамлекеттик башкаруунун вертикалы күчөй баштаган учур, ЖӨБдүн аткаруу органдары "десоветтештирүүдөн" өтүп, ошол эле маалда мамлекеттин карамагына өтүп, өкүлчүлүктүү бийликтен автономиялуу болду.

**Үчүнчү этап** (1998-2007-жылдар) – ЖӨБдүн аткаруу органдарынын өз алдынча системасы пайда болуп, кеңештерден автономиялуу болуп, жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү үчүн жигердүү таасир тийгизе алуусу үчүн мүмкүнчүлүктөрү бара-бара көбөйдү.

**Төртүнчү этап** (2008-2010-жылдар) – бийликтин катаал централдаштыруусу жана ЖӨБдүн активдүүлүгү азайган учур.

**Бешинчи этап** (2010-жылдын апрелинен баштап азыркы учурга чейин) – ЖӨБдү кеңири өнүктүрүү үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөр пайда болгон мезгил[1].

*1-таблица. Кыргыз Республикасында ЖӨБ органдарынын жана административдик-аймактык бирдиктердин саны*

| Район | Айылдык аймактар | Райондук маанидеги шаарлар | Облустук маанидеги шаарлар | Республикалык маанидеги шаарлар | ЖӨБ органдарынын саны |
|---|---|---|---|---|---|
| Ош облусу | | | | | 92 |
| Алай | 14 | Алай | 14 | Алай | 14 |
| Араван | 8 | Араван | 8 | Араван | 8 |
| Кара-Кулжа | 12 | Кара-Кулжа | 12 | Кара-Кулжа | 12 |
| Кара-Суу | 16 | Кара-Суу | 16 | Кара-Суу | 16 |
| Өзгөн | 19 | Өзгөн | 19 | Өзгөн | 19 |
| Ноокат | 17 | Ноокат | 17 | Ноокат | 17 |
| Чоң-Алай | 3 | Чоң-Алай | 3 | Чоң-Алай | 3 |
| **Жалпысынан облуста** | *89* | | | | |
| Жалал-Абад облусу | | | | | *75* |
| Аксы | 11 | Токтогул | Жалал-Абад | | |
| Ала-Бука | 8 | Кербен | Таш-Көмүр | | |
| Базар-Коргон | 9 | Көк-Жаңгак | Майлуу-Суу | | |
| Ноокен | 7 | Кочкор-Ата | Кара-Көл | | |
| Сузак | 13 | | | | |
| Тогуз-Торо | 5 | | | | |
| Токтогул | 10 | | | | |
| Чаткал | 4 | | | | |

[1] Бул этаптар биринчи жолу "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу: ушул жерде жана азыр" деп аталган Адамдын өнүгүүсү тууралуу Улуттук баяндамада сунушталган, ӨСИ, 2012-жыл, сайтка шилтеме: http://dpi.kg/ru/activities/nat-report-lsg/

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **Жалпысынан облуста** | *67* | | | | |
| Баткен облусу | | | | | *37* |
| Лейлек | 9 | Кадамжай | Баткен | | |
| Кадамжай | 13 | Айдаркен | Кызыл-Кыя | | |
| Баткен | 9 | Исфана | Сулукту | | |
| **Жалпысынан облуста:** | 31 | | | | |
| Талас облусу | | | | | 38 |
| Манас | 5 | | Талас | | |
| Кара-Буура | 10 | | | | |
| Бакай-Ата | 9 | | | | |
| Талас | 13 | | | | |
| **Жалпысынан облуста** | *37* | | | | |
| Чүй облусу | | | | | *112* |
| Аламүдүн | 17 | Шопоков | Токмок | | |
| Жайыл | 12 | Кемин | | | |
| Панфилов | 6 | Орловка | | | |
| Москва | 12 | Кайыңды | | | |
| Сокулук | 19 | Кант | | | |
| Чүй | 10 | Кара-Балта | | | |
| Кемин | 11 | | | | |
| Ысык-Ата | 18 | | | | |
| **Жалпысынан облуста** | *105* | | | | |
| Нарын облусу | | | | | *64* |
| Ат-Башы | 11 | | Нарын | | |
| Ак-Талаа | 13 | | | | |
| Жумгал | 13 | | | | |
| Кочкор | 11 | | | | |
| Нарын | 15 | | | | |
| **Жалпысынан облуста** | *63* | | | | |
| Ысык-Көл облусу | | | | | *64* |
| Ысык-Көл | 12 | Чолпон-Ата | Каракол | | |
| Тоң | 9 | | Балыкчы | | |
| Ак-Суу | 14 | | | | |
| Жети-Өгүз | 13 | | | | |
| Түп | 13 | | | | |
| **Жалпысынан облуста** | *61* | | | | |
| | | | | Бишкек | |
| | | | | Ош | |
| **Жалпысынан Кыргыз Республикасында** | **453** | **17** | **12** | **2** | **484** |

# I БӨЛҮК
# 2016–2019-ЖЫЛДАРЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУНУН ӨНҮГҮҮСҮ

## 1.1. ЖӨБ органдары менен жарандардын өз ара байланышы

### 1.1.1. Жарандардын ЖӨБ органдарын кабыл алуусу [1]

Баяндаманы даярдоонун жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын жарандарынын басымдуу бөлүгү ЖӨБгө оптимисттик маанай менен карай турганы белгилүү болду. Бирок сурамжылоого катышкандардын ичинен 12 пайызга жакыны жергиликтүү өз алдынча башкарууга эч кандай реакция жасабай турганын, эч кандай эмоцияларды сезбегенин айтышкан. ЖӨБ органдары да өздөрүнө оптимисттик маанайда баа беришет. Бирок жергиликтүү өз алдынча башкаруу тууралуу ойлонгондо ар бир бешинчи муниципалдык кызматчынын боору ооруйт, ал эми ар бир жетинчи кызматчы кыжырданат.




*1-диаграмма. 2019-жылы ЖӨБ жарандарда пайда кылган эмоциялар.*




*2-диаграмма. 2019-жылы ЖӨБ муниципалдык кызматчыларда пайда кылган эмоциялар.*

2016–2018-жылдардын аралыгында калктын ЖӨБдү оптимисттик маанайда кабыл алуусу салыштырмалуу жогору бойдон кала бергени менен, 2019-жылга чейин туруктуу төмөндөп келди. Бирок 2019-жылы ЖӨБгө карата оптимисттердин саны кайрадан көбөйдү. ЖӨБгө карата оптимисттик маанайдагы жарандардын санынын өсүшү 2018-жылы байкалган көңүл эргүү маанайынын ордуна пайда болду. Балким бул КР Президентинин аймактарды өнүктүрүүгө багытталган саясий эркинен улам пайда болгондур. Бирок 2019-жылы жарандардын ЖӨБгө карата эргүү маанайы бир кыйла азайды. ЖӨБгө боору ооруган адамдардын да, буга байланыштуу эч нерсени сезбеген адамдардын да саны көбөйдү.




*3-диаграмма. Жарандарда ЖӨБ кандай эмоцияларды пайда кылат, пайыздар менен*

[1] Бул бөлүмдө Баяндаманы даярдоонун жүрүшүндө ЖӨБ Союзу жүргүзгөн сурамжылоо маалында алынган маалыматтар, ошондой эле ӨСИнин архивдик маалыматтары колдонулду.



## 1.1.2. Жарандардын ЖӨБ органдарына карата ишеним деңгээли

Калктын ЖӨБ органдарына карата ишеним деңгээли элдин жалпысынан мамлекеттин мыйзам чыгаруу жана аткаруу бийлигине болгон деңгээлин чагылдырат. Себеби бийлик инстанцияларынын ичинен ЖӨБ органдары элге эң жакыны жана жеткиликтүүсү болуп эсептелинет жана жарандардын мамлекетке карата маанайын ЖӨБ органдарына жасаган мамилесинен билсе болот.

Калктын ЖӨБгө ишеними көп учурда ЖӨБ органдарынын активдүүлүгүнөн көз каранды. Бул активдүүлүк элдин көзүнө илинген конкреттүү иштерден билинет. Конкреттүү чаралар демилгелерди жана каражатты талап кылат. Айыл өкмөт башчылары демилгелүү болгон жерлерде иш илгерилейт жана элдин да ишеними жогору болот. Бирок жергиликтүү бюджетте каражат маселеси жетекчилер үчүн өтө курч турган маселе.

ПИКИР
Калктын ЖӨБгө ишеним маселеси айыл өкмөт башчыларынын компетенттүүлүгүнөн гана эмес, финансылык камсыздалгандыгынан да көз каранды. Эл конкреттүү иштерге карайт. Эгерде каражат болбосо, анда иш да жасалбайт.

*Айыл өкмөт башчысы,*
*Ысык-Көл облусунун Тоң району*

Акыр соңунда элдин ЖӨБгө ишеним маселеси ЖӨБ органдарынын ишиндеги башка көптөгөн маселелер менен байланыштуу. Мисалы, кадр потенциалына байланыштуу болот. Себеби квалификациялуу кадрлардын жоктугу ишти создуктурууга жана ЖӨБ органдарынын калкка көрсөткөн кызматтарынын сапатынын начарлашына алып келет.

ПИКИР
Муниципалдык кызмат орундарына талапкерлерди тесттен өткөрүү тууралуу Мамлекеттик кадр кызматынын чечими туура болгон. Элдин ишеним деңгээли жогорулады. Себеби жарандар кадрларды тандоодо муну тууганчыл же кландык байланыштарга көз каранды болбогон адилеттүү принцип деп эсептешет.

*Айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы,*
*Чүй облусунун Ысык-Ата району*

Айыл чарба багытындагы жерлерди трансформациялоого киргизилген мораторий ЖӨБ органдарына жеке турак жай курулушу үчүн элге жер берүү маселесин өз убагында жана толук өлчөмдө чечүүгө жол бербей жатат. Бул болсо элдин наразычылыгын жаратып, мунун натыйжасында калктын ЖӨБ органдарына болгон ишеним деңгээлин да төмөндөтүүдө.

ПИКИР
Өлкөдө болуп жаткан жакшы да, жаман да иштер үчүн ЖӨБ органдары жооп берип калууда. Жарандарга алардын маселесин ким чечип бериши керектиги баары бир, алар ЖӨБгө кайрыла беришет. Эгерде оң жооп албаса, акыр аягында биз эле күнөөлүү болуп чыга келебиз. Мисалы, жерлерди трансформациялоого мораторий биздин чечим болгон эмес. Бирок жеке турак жай куруу үчүн жерге жете албай жаткан адамдар наразычылыгын бизге айтып келишет. Биздин эле аймакта үй курууга участокту алуу үчүн кезекте 2 миңден ашык адам турат.

*Айыл өкмөт башчысы,*
*Жалал-Абад облусунун Ноокен району*

Калк менен маалыматтык байланышты жолго койгон, жарандар менен туруктуу диалогду жүргүзүп турган, анын ичинде социалдык тармактар жана чогулуштар аркылуу байланыш түзгөн,

жергиликтүү бюджет же жерлерди башкаруу өңдүү оор жана маанилүү маселелерди коомдук талкууга чыгарган ЖӨБ органдарына калктын ишеними олуттуу түрдө өсөт. Эң негизгиси – калктын ЖӨБгө ишеним деңгээли – бул мамлекеттик башкаруу системасынын, ЖӨБ органдарынын мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенүүсүнүн сапатына берилген реалдуу баа.

КР Улуттук статистика комитети элдин ЖӨБ органдарына болгон ишеним деңгээлин өлчөбөйт. Ошондуктан көрсөткүчтү баалоо үчүн башка, расмий эмес маалымат булактарына таянууга туура келди. Мисалы, SIAR Research and Consulting уюмунун маалыматы боюнча, жарандардын 58 пайызы жергиликтүү кеңештердин ишин оң баалайт жана аларга ишенишет. Өнүктүрүү саясат институтунун маалыматына ылайык, ЖӨБдүн өкүлчүлүктүү жана аткаруу органдары башка институттарга салыштырмалуу (билим берүү системасын кошпогондо) жарандардын көбүрөөк ишенимине ээ.




*4-диаграмма. Кыргыз Республикасында жарандардын түрдүү институттарга болгон ишеним деңгээли* [1]

Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлиигинин мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине Калктын ишеним индекси (мындан ары – КИИ) мамлекеттик башкаруу органдары (Бишкек жана Ош шаардык мэрияларын кошпогондо) үчүн гана эсептелинет. Ал эми калган ЖӨБ органдарына болгон ишеним деңгээлине баа берилбейт. Бул болсо жарандардын керектөөлөрүнө жооп бербейт, себеби ЖӨБ органдары калктын турмуш шартына тикелей таасир тийгизишет эмеспи. Бул ЖӨБ органдарын калк менен иштешип, анын муктаждыктарына реакция жасоого түртпөйт. Себеби бул ишке баа берилбейт. Ушундан улам бул ЖӨБ органдарынын ишине калыс баа берүүгө да көмөктөшпөй жатат жана шайлоочуларды баалоо критерийинен ажыратууда. Бул өз кезегинде ЖӨБ органдарын калк менен натыйжалуу байланыш түзүү чөйрөсүндө өзүнүн жетишкендиктерин коомчулуктун жана өкмөттүн алдында көрсөтүү мүмкүнчүлүгүнөн да ажыратып жатат. Жалпысынан бул кырдаал көп сандагы ЖӨБ органдарына жана муниципалдык кызматчылардын корпусуна карата тоотпогондук мамилени көрсөтүүдө. Себеби калктын ишеним деңгээлине мониторинг жүргүзүү процессинен ЖӨБ органдарын чыгарып салууда. Калктын ишеним индекси түзүлгөн учурдан баштап жана ЖӨБ органдарына баа берүү токтогонго чейин ЖӨБ органдары жарандардын ишениминин эң жогорку деңгээлине ээ болгонун көрсөтүп келишкен. Андан соң, КР Улуттук статистика комитетинин (мындан ары – УСК) сунушу менен ЖӨБ органдары Ишеним индекси баалаган органдардын тизмесинен чыгарылган. Расмий эмес маалымат боюнча, Улуттук статистика комитети муну маалыматты чогултууга жана талдоого короткон акчаны үнөмдөө максатында жасаган. ЖӨБ органдарынын пикири боюнча, башкаруу системасынын чоң бөлүгүн ээлеген ЖӨБ органдарын баалоо системасынан укуксуз чыгарууну болтурбаш үчүн жарандардын ЖӨБ органдарына болгон ишеним деңгээлин баалоо маселесине кайтып келиш керек.

[1] Булактар: ӨСИ: "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоорунун алкагында коомдук пикирди билүү үчүн өткөрүлгөн сурамжылоо; SIAR: Public Opinion Survey Residents of Kyrgyzstan // The survey was conducted by Dr. Rasa Alisauskiene of the public and market research company Baltic Surveys/The Gallup Organization on behalf of the International Republican Institute. The field work was carried out by SIAR Research and Consulting, 2018

## 1.1.3. Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусу

Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусу – ЖӨБдүн пайдубалы. Анткени ЖӨБ системасынын маңызы – жергиликтүү жамааттын өз жоопкерчилиги алдында өз алдынча кабыл алган чечимдери. Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуу укугун колдонуусу үчүн укуктук жана институционалдык шарттарды жакшыртуу зарыл. Бул үчүн бир катар көйгөйлөрдү чечиш керек.

Жарандар ЖӨБдөгү өз укуктары жана милдеттери тууралуу жетиштүү маалымдалган эмес жана анын жигердүү субъекттери болуп саналбайт. Маалыматка техникалык жеткиликтүүлүк (интернет кошулуу кыйынчылык жаратууда же кымбат, ченемдик укуктук документтер өтө тездик менен жаңыланууда жана ЧУА документтерин туура чечмелөөгө жардам берген материалдар дайыма эле келе бербейт), ЖӨБ органдары менен жарандардын ортосунда натыйжалуу байланыштын жоктугу жалгыз маселе эмес. Мамлекеттин Советтер Союзунан бери сакталып келаткан патерналисттик мамилеси жана пландык экономика да көйгөй жаратууда. ЖӨБ органдарынын жетекчилерин жана кызматкерлерин кошкондо, көпчүлүк жарандар, атүгүл айрым мамлекеттик кызматчылар да жергиликтүү өз алдынча башкаруунун чыныгы табиятын толук түшүнбөй жатышат. Алар мамлекеттен башкаруучулук чечимдерди кабыл алышын да, бардык көйгөйлөрдү чечип беришин да күтө беришүүдө.

Жергиликтүү жамааттын социалдык жана экономикалык өнүгүүсүн пландап, аны жүзөгө ашырууда ЖӨБ органдары көп учурда жарандардын керектөөлөрүн көп жакшы эске албай жатышат. Жергиликтүү бюджеттер аймактардын социалдык-экономикалык өнүгүү программалары менен тыгыз байланышта болуп, жергиликтүү жамааттардын керектөөлөрүнө негизделүүгө тийиш. Кыргыз Республикасынын мыйзамдары (КР Бюджеттик кодекси жана башка ченемдик укуктук актылар) ЖӨБ органдарына керектөөлөрдү аныктап, бюджеттин долбоорун эл менен коомдук угууларда (мындан ары – КУ) талкуулоону талап кылууда. Бирок жасалып жаткан бул иштердин сапаты азырынча чеке жылытпай жатат. Элдин бюджеттик процесстеги кызыкчылыктарын жергиликтүү деңгээлде кантип коргош керек деген түшүнүктүн жоктугу мунун негизги себеби болууда.

Отчёт берүү тартиби да жогоруда айтылган көрүнүшкө себеп болууда: ЖӨБ органдары биринчи кезекте аларды шайлагандарга (б.а., жергиликтүү жамаатка) эмес, башкаруу иерархиясында өздөрүнөн жогору тургандарга – мамлекеттик органдарга отчёт беришет. Жергиликтүү жамаат алдында отчёттуулуктун жоктугун же жетишсиздигин дагы бир учурда байкоого болот: элеттик ЖӨБдүн аткаруу органдарынын жетекчилери – айыл өкмөт башчылары иш жүзүндө калкка, жарандарга отчёт беришпейт. Себеби аларды жергиликтүү кеңештин депутаттары шайлайт, ал эми алардын талапкерлигин мамлекеттин өкүлү же жергиликтүү кеңеш өзү көрсөтөт. Ошентип, шайлоо системасы аркылуу жетекчиге түз таасирин тийгизүү мүмкүнчүлүгү жарандарда жок. Натыйжада жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчысынын же жергиликтүү кеңештин керектөөлөрүн канааттандыруу айыл өкмөтүнүн жетекчилигинин башкы максатына айланат. Ал эми алардын кызыкчылыктары калктын басымдуу бөлүгүнүн кызыкчылыктарына дайыма эле дал келе бербейт. Буга партиялык шайлоо системасы көмөкчү болууда.

Элдин ЖӨБгө катышуусунун формаларын тандап алууда жарандар төмөнкүлөрдү эң эле натыйжалуу деп эсептешет: ЖӨБ органдары жамааттарда өткөргөн жолугушуулар (47%); коомдук угуулар (35%); жергиликтүү курултай (31%) жана жергиликтүү демилге (22%). Жарандардын 12 пайызы гана жергиликтүү кеңешке шайлоого катышууну натыйжалуу форма деп эсептегени тынчсызданууну жараткан көрүнүш. Коммерциялык эмес уюмдар аркылуу өз ара аракеттенүүнү ишке ашырууга болот дегендер 10 пайызды гана түзгөнү да ойлондурбай койбойт. Бул сандар ЖӨБгө ишеним деңгээли жогору болгонуна карабастан, жарандар өкүлчүлүктүү принциптерге – шайлоо жана КЭУ аркылуу иштөөгө байланышкан формалардан качып, түз өз ара аракеттенүүгө умтулаарын көрсөтүп жатат. Жарандардын ЖӨБгө катышуусунун өкүлчүлүктүү формасына карата ишеним деңгээли жетиштүү болбогондуктан, жергиликтүү кеңеш өз милдеттенмелерин толук аткарбагандыктан, ЖӨБ органдары жарандар алдында көп жакшы отчёт бербегендиктен мына ушундай көрүнүш пайда болду.




*5-диаграмма. Жергиликтүү демократиянын / ЖӨБ деңгээлинде жарандык катышуунун эң эле натыйжалуу формалары*[1]

ПИКИР
Өнүгүү долбоорлорунун биринин колдоосу менен биз ЖӨБ органдары менен калктын ортосундагы өз ара аракеттенүүдөгү тоскоолдуктарды изилдеп чыгып, ортодогу "ажырымды" өлчөдүк. Көрсө, биз жасап жаткан көп иштерге карабастан, жарандар бул иштердин жыйынтыгын өтө жогору деле баалашпайт экен. Биз "Вотсапта" топ түзүп, аймактын кызыкдар жашоочулары менен үзгүлтүксүз байланыш түзүүнү чечтик. Мындай жол менен жарандар айыл өкмөтүнө келбей эле суроолорун узатып, аларга жооп алып жатышат. Айыл өкмөтү да жасап жаткан иши тууралуу жергиликтүү кеңешке гана эмес, чогулуштарда айылдыктарга да отчёт бере баштады. Адамдарга бюджетти талкуулоого катышуу үчүн шарттар түзүлүп берилди. Натыйжада ЖӨБ органдары менен элдин ортосундагы "ажырым" 30 пайызга кыскарды.

*АӨнүн жооптуу катчысы,*
*Ноокат району*

## 1.2. ЖЕРГИЛИКТҮҮ ДЕҢГЭЭЛДЕ ПАРЛАМЕНТАРИЗМДИН ӨНҮГҮҮСҮ[2]

### 1.2.1. Жергиликтүү шайлоо үчүн түзүлгөн жаңы шарттар

2012-жылы өткөн шайлоо жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү бутагынын тарыхында жаңы баскычты баштады. Жергиликтүү деңгээлде депутаттык мандат үчүн атаандаштыктын күч алышын, жарандардын шайлоого болгон кызыгуусун жана саясий күчтөрдүн жергиликтүү шайлоого жигердүү катышуусун жаңы баскычтын негизги белгиси катары атаса болот. Буга бир нече негизги факторлор себеп болду. Биринчиден, 2010-жылдагы окуялардан кийин саясий турмуштун кызышы жарандарды чечим кабыл алуу процессине катышууга түрттү. Экинчиден, шайлоо процессинде саясий партиялардын активдешүүсү жана алардын катышуусун легитимдештирүү талапкерлердин санынын өсүшүнө таасирин тийгизди. Үчүнчүдөн, аткаруу органынын башчысын – мэрди жана айыл өкмөт башчысын тандоо укугу жергиликтүү кеңештерге берилгенден кийин жергиликтүү депутаттык мандаттын баркы көбөйдү. Төртүнчүдөн, тигил же бул деңгээлде ЖӨБ органдарына отчёттуу болгон кызмат адамдардын – коммуналдык ишканалардын, социалдык мекемелердин ж.б. жетекчилеринин ыктымал талапкерлер тизмесинен чыгарылышы калктын жергиликтүү кеңештерге болгон ишеним деңгээлин көтөрдү. Натыйжада

[1] Булагы: Public Opinion Survey Residents of Kyrgyzstan // The survey was conducted by Dr. Rasa Alisauskiene of the public and market research company Baltic Surveys/The Gallup Organization on behalf of the International Republican Institute. The field work was carried out by SIAR Research and Consulting, 2018.

[2] Бул бөлүмдө Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча улуттук комиссиясынан алынган маалыматтар колдонулду.

депутаттык мандат үчүн катуу күрөш башталып, шайланган кеңештердин курамы олуттуу түрдө өзгөрдү. "Советтик" үлгүдөгү аткаруу органдарынын жетегинде жүргөн, пассивдүү жергиликтүү кеңештердин ордуна ар кандай түрдөгү, жигердүү, "сөздү укпаган" жергиликтүү кеңештер келди. Бир четинен мунун позитивдүү жактары да болду: жергиликтүү кеңештер аткаруу органдарын активдүү түрдө көзөмөлдөй баштады. Экинчи жагынан бул бир катар көйгөйлөргө жол ачты: жергиликтүү кеңештердин сапаттык курамы начарлады, жергиликтүү кеңештер оперативдүү башкарууга кийлигишип, ашыкча көзөмөлдү орнотуп, айрым жерлерде аткаруу органдарынын башчыларын шайлоо үзгүлтүккө учурады. Айрым аймактарда депутаттар аткаруу органынын башчысын шайлай албай койгондуктан КР Президенти жергиликтүү кеңештерди таратууга мажбур болду (жалпысынан 2013–2015-жылдары ЖӨБдүн аткаруу органынын башчысы шайланбагандыктан 22 жергиликтүү кеңеш таратылып, кайра шайлоо дайындалды). Ошондой эле бул көйгөйдүн кесепетинен жергиликтүү бюджеттерди бекитүү процесси да узарып кетүүдө.

2016-жылдын 27-мартында, 15-майында жана 11-декабрында Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын кайра шайлоо өттү. 2016-жылдагы шайлоо да активдүү өтүп, бирок шайлоонун жыйынтыктары 2012-жылга салыштырмалуу бир аз башкача болду.




*6-диаграмма. Саясий партиялардын таасири алдында жергиликтүү кеңештин иши кантип өзгөргөнү тууралуу ЖӨБ органдарынын пикири, пайыз менен берилди (ЖӨБ Союзу ЖӨБ органдары арасында жүргүзгөн сурамжылоонун жыйынтыктары)*

Партиялык фактор жергиликтүү кеңештердин ишине кантип таасирин тийгизгени тууралуу ишенимдүү маалыматтар жок[1]. Бирок буга карабастан Баяндаманы даярдоонун алкагында партиялардын таасири алдында жергиликтүү кеңештердин ишиндеги өзгөрүүлөр тууралуу ЖӨБ органдарынын өздөрүнүн пикирин сурадык. Сурамжылоого катышкан ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүнүн 81 пайызы саясий партиялар жергиликтүү кеңештердин ишине таасирин тийгизип жатат деп эсептешет. ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүнүн ичинен 40% мындай таасирди терс деп баалашкан. Бирок сурамжылоого негизинен ЖӨБдүн аткаруу органдарынын өкүлдөрү катышканын белгилейбиз. Бул фактор "Жергиликтүү кеңеш Бишкектеги саясий партиялардын буйруктарына баш иет жана жамааттын кызыкчылыктарын көңүл сыртында калтырат" жана "Жергиликтүү кеңеш айыл өкмөтүнүн ишине бут тосууда" деген пикирлерге таасирин тийгизбей койгон жок. Ошону менен бирге, ЖӨБдүн аткаруу органдарынын кызматкерлеринин 17% оң маанайдагы таасирди көрүшөт. Алар "жергиликтүү кеңеш АӨнүн ишине катуурак көз сала баштады" деп эсептешет, дагы 14% "жергиликтүү кеңеш жашарды" деп эсептешет. Ошентип, саясий партиялардын жергиликтүү кеңештин ишине таасири тууралуу орток пикир табылган жок. Мындан улам башкаруу системалары, аналитикалык борборлор жүйөлүү сунуштарын иштеп чыгышы үчүн бул таасирди жакшылап изилдеши керек. Анткен менен, ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүнүн басымдуу бөлүгү (79%) жергиликтүү кеңештер партиялык принцип боюнча түзүлбөшү керек деп эсептешет.

[1] Эксперттер партиялык фактордун таасири таза түрүндө байкалбайт, себеби партиялар азырынча чабал деп эсептешет. Бирок иш жүзүндө "түндүк-түштүк" принциби боюнча, кызыкчылыктар боюнча бириккен топтор, криминалдык жана диний топтор болуп бөлүнүү бар. ЖӨБ деңгээлинде бул көйгөй өзгөчө даана билинип турат.

## 1.2.2. Акыйкат бөлүштүрүү

**Гендердик теңдик**

Элеттик жергиликтүү кеңештерде аялдардын санынын азайышы**.** Жалпысынан Кыргыз Республикасында 2016-жылы элеттик жергиликтүү кеңештерде аялдардын саны 2 пайызга азайып, депутуттардын жалпы санынан 13% түздү. Андан соң мандаттар жылышып отуруп, аялдардын үлүшү дагы азайып, 10,7 пайызга жетти. Аялдардын саны жергиликтүү кеңеште азайган көрүнүш өзгөчө Ысык-Көл облусунда байкалат. Бул облус жергиликтүү кеңештерде аялдардын саны боюнча буга чейин лидер болчу, бирок 2019-жылы өз позициясын алдырды.

Жергиликтүү кеңештерде аялдардын санынын эң төмөнкү деңгээли дайыма Ош облусунда байкалып келет.

*2-таблица, Шаардык кеңештерде аялдардын санынын көрсөткүчү*[1]

| Шаар | 2012-жылдагы шайлоодон кийин | | | | 2016-жылдагы шайлоодон кийин | | | | Өзгөрүүлөрдүн динамикасы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Эркек | Аял | Баары | Аялдардын үлүшү | Эркек | Аял | Баары | Аялдардын үлүшү | |
| Кербен | 24 | 7 | 31 | 22,6 % | 14 | 7 | 21 | 33,33 | 4,76 |
| Айдаркен | 15 | 6 | 21 | 28,6 % | 23 | 8 | 31 | 25,81 | 3,23 |
| Балыкчы | 24 | 7 | 31 | 22,6 % | 23 | 8 | 31 | 25,81 | 9,68 |
| Баткен | 26 | 5 | 31 | 16,1 % | 38 | 7 | 45 | 15,56 | |
| Бишкек | | | | | 29 | 2 | 31 | 6,45 | -6,45 |
| Жалал-Абад | 27 | 4 | 31 | 12,9 % | 26 | 5 | 31 | 16,13 | -3,23 |
| Исфана | 25 | 6 | 31 | 19,4 % | 38 | 7 | 45 | 15,56 | -17,78 |
| Кадамжай | 14 | 7 | 21 | 33,3 % | 13 | 8 | 21 | 38,10 | 19,91 |
| Кайыңды | 18 | 4 | 22 | 18,2 % | 26 | 5 | 31 | 16,13 | -19,35 |
| Кант | 20 | 11 | 31 | 35,5 % | 24 | 7 | 31 | 22,58 | -12,90 |
| Кара-Балта | 20 | 11 | 31 | 35,5 % | 22 | 9 | 31 | 29,03 | 3,23 |
| Каракол | 23 | 8 | 31 | 25,8 % | 26 | 5 | 31 | 16,13 | |
| Кара-Көл | | | | | 22 | 9 | 31 | 29,03 | 12,90 |
| Кара-Суу | 26 | 5 | 31 | 16,1 % | 14 | 7 | 21 | 33,33 | 9,52 |
| Кемин | 16 | 5 | 21 | 23,8 % | 22 | 9 | 31 | 29,03 | 6,45 |
| Көк-Жаңгак | | | 0 | | 14 | 7 | 21 | 33,33 | |
| Кочкор-Ата | | | 0 | | 19 | 2 | 21 | 9,52 | |
| Кызыл-Кыя | 22 | 9 | 31 | 29,0 % | 24 | 7 | 31 | 22,58 | -6,45 |
| Майлуу-Суу | 26 | 5 | 31 | 16,1 % | 24 | 7 | 31 | 22,58 | 6,45 |
| Нарын | 22 | 9 | 31 | 29,0 % | 24 | 7 | 31 | 22,58 | -6,45 |
| Ноокат | 15 | 6 | 21 | 28,6 % | 16 | 5 | 21 | 23,81 | -4,76 |
| Орловка | 14 | 7 | 21 | 33,3 % | 14 | 7 | 21 | 33,33 | 0,00 |
| Ош | 37 | 8 | 45 | 17,8 % | 38 | 7 | 45 | 15,56 | -2,22 |
| Сүлүктү | 22 | 9 | 31 | 29,0 % | 26 | 5 | 31 | 16,13 | -12,90 |
| Талас | 29 | 1 | 30 | 3,3 % | 26 | 5 | 31 | 16,13 | 12,80 |
| Таш-Көмүр | 21 | 10 | 31 | 32,3 % | 26 | 5 | 31 | 16,13 | -16,13 |
| Токмок | 26 | 5 | 31 | 16,1 % | 26 | 5 | 31 | 16,13 | 0,00 |
| Токтогул | 15 | 6 | 21 | 28,6 % | 16 | 5 | 21 | 23,81 | -4,76 |
| Өзгөн | 25 | 6 | 31 | 19,4 % | 24 | 7 | 31 | 22,58 | 3,23 |
| Чолпон-Ата | 14 | 7 | 21 | 33,3 % | 19 | 2 | 21 | 9,52 | -23,81 |
| Шопоков | 13 | 8 | 21 | 38,1 % | 16 | 5 | 21 | 23,81 | -14,29 |
| БААРЫ | 695 | 174 | 761 | 24,6 % | 712 | 191 | 903 | 21,15 | -1,71 |

[1] 2012-жылдагы чакырылыш тууралуу маалыматтар шаарларга суроо-талап жөнөтүү жолу менен алынды. Бирок айрым шаарлар бул маалыматты беришкен жок.




*7-диаграмма. Облустардын алкагында жергиликтүү кеңештерде аялдардын саны, пайыз менен*

Шаардык кеңештердин курамында да аялдардын үлүшү болжол менен 4% түштү. Аялдардын үлүшү 30 пайызды түзгөн шаардык кеңештер Кант (32%), Кемин, Шопоков, Орловка, Кара-Балта, Чолпон-Ата, Айдаркен (29%) шаарларында шайланды. Аялдардын саны эң төмөн болгон шаардык кеңештер – Жалал-Абад (6%), Кочкор-Ата жана Чолпон-Ата (10 пайыздан аз) шаарлары. Шайлоодон өтүп, жарандардын добушун алып кеңешке келген аялдар партиядагы башка талапкерлерге – эркектерге мандатын өткөрүп берип койгон учурлар болду. Айталы, 2016-жылдын март айында 16 мандат же ар бир үчүнчү мандат "жоголгон" (Майлуу-Суу, Ош, Каракол, Токмок шаарлары); 2016-жылдын декабрында 39 мандат же ар бир төртүнчү мандат "жоголгон" (Жалал-Абад, Таш-Көмүр, Өзгөн, Исфана, Бишкек, Талас, Баткен, Кара-Көл, Нарын, Кайыңды, Сүлүктү, Кербен).

**Улуттук курамы**

Улуттук азычылыктардын өкүлдөрү жергиликтүү кеңештерде депутаттык мандаттардын 13,4 пайызын ээлешет. Облустардын алкагында төмөнкүдөй болду: Нарын жана Талас облустарында бардык жергиликтүү кеңештердин арасында улуттук азчылыктардын өкүлдөрүнөн болгону эки гана депутат бар; Ош жана Чүй облустарында мындай депутаттар болжол менен 20 пайызды түзөт.




*8-диаграмма. 2019-жылдын июль айына карата жергиликтүү кеңештерде 2016-жылдагы чакырылышта улуттук азчылыктардын өкүлдөрүнөн депутаттардын үлүшү, облустардын алкагында (Кыргыз Республикасынын калкынын структурасына салыштырмалуу), пайыздар менен*

## 1.2.3. Жергиликтүү өкүлчүлүктүү демократиянын туруктуулугу

Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын басымдуу бөлүгү (44 пайыздан ашыгы) орто же атайын орто билимге ээ. Кыргыз Республикасындагы мектептеги жана атайын орто билим берүүнүн деңгээлин эсепке алуу менен, алардан мамлекеттик башкаруу чөйрөсүндө компетенттүүлүктү күтүү оор. Депутаттардын калган бөлүгүндө башкаруу тууралуу билим жетишсиз. Ошону менен бирге өлкөдө кеңештердин депутаттарын окутуунун кандайдыр бир формасы жок.

Мунун баары кеңештердин жана жалпысынан ЖӨБдүн натыйжалуу ишине олуттуу тоскоолдуктарды жаратууда.

ПИКИР
Жергиликтүү кеңештин ишинин сапаты жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүнү татаалдаштырууда. Депутаттар бюджетти бөлүштүрүүдө гана активдүүлүгүн көрсөтүшөт. Ал эми жергиликтүү жамааттагы башка көйгөйлөрдү чечип жатканда мындай активдүүлүк байкалбайт. АӨ башчысын аким дайындашы керек же шайланышы керек. Аны кеңештер тандабашы керек.

*Аксакал,*
*Аламүдүн району*

ПИКИР
Жергиликтүү кеңештер калкка отчёт беришпейт. Мыйзам боюнча милдеттүү, бирок иш жүзүндө муну кылышпайт. Жер-жерлерде жергиликтүү бюджеттер өтө кечиктирилип бекитилет. Буга депутаттардын активдүүлүгүнүн төмөндүгү жана сабатсыздыгы себеп болууда. Январь жана февраль бюджеттик циклден түшүп калат.

*АӨ кызматкери,*
*Сокулук району*

ПИКИР
КР Жогорку Кеңеши жергиликтүү кеңештердин депутаттары менен дагы да тыгыз иш алып барууга тийиш. Жергиликтүү кеңештердин депутаттары мыйзамдарда кандай өзгөрүүлөр болуп жатканын, ал өзгөрүүлөрдөн аймактардын жашоочуларына пайда болобу – мына ушуларды билиши керек. Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын билим деңгээли өтө төмөн. Депутаттыкка талапкерлерге карата, мисалы, билимине карата катаал критерийлерди орнотуш керек. Эгерде депутат шайлоочулардын ишенимин актабаса, анда мындай депутаттарды чакыртып алуунун жөнөкөй механизми болушу керек.

*АӨнүн юристи,*
*Ноокат району*

ПИКИР
Жергиликтүү кеңештердин депутаттары алардын статусуна шайкеш келген жүрүм-турум боюнча этикалык эрежелерди сактоого тийиш. Жергиликтүү кеңештин депутаттыгына ар бир талапкер өз укуктарын жана милдеттерин, эмне менен алектенерин, кайсы маселелерди чече турганын билиши керек. Ал шайлоочулардын маселелерин чечүү үчүн, жергиликтүү бюджетти түзүп, анын аткарылышын көзөмөлдөө үчүн билими жана компетенттүүлүк деңгээли жетиштүүбү же жокпу – ушуну баамдай алышы керек. Жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлерге коюлган талаптарды күчөтүү зарыл.

*Жергиликтүү кеңештин төрагасы,*
*Кочкор району*

Билим деңгээли, шайлоо системасы, партиялык фактордун таасири жергиликтүү кеңештерди таркатуу көрүнүшүн жаратты. Айталы, 2017-2019-жылдары 34 жергиликтүү кеңеш таратылган. Ошону менен бирге 9 жергиликтүү кеңеш жыйындарда кворумдун жоктугунан, 25 кеңеш ЖӨБдүн аткаруу органынын жетекчисин – АӨ башчысын же мэрди тандай албай койгону үчүн таратылган.




*9-диаграмма. Облустардын алкагында ЖӨБ органдарынын жалпы санына карата таркатылган жергиликтүү кеңештердин саны жана үлүшү, пайыз менен*

## 1.3. ЖӨБДҮН АТКАРУУ ОРГАНДАРЫНЫН АБАЛЫ[1]

Кыргыз Республикасында жалпысынан 484 ЖӨБ органы бар. Анын ичинде 453ү – айылдык, 31и шаардык ЖӨБ органдары. Шаардык мэриялардын курамында эки республикалык (Бишкек жана Ош шаарлары), 12 облустук, райондук маанидеги 17 шаардык мэрия бар.

2019-жылдын 1-январына карата штат боюнча 9691 муниципалдык кызмат орундун ичинен (9335 – 2017-жылдын 1-январына карата) 8484 кызмат орду ээленген (2017-жылдын 1-январына карата – 8410), бул болсо штаттык сандан 88% түзөт (2017-жылдын 1-январына карата – 90%). Бул маалыматтар бош орундардын саны бир аз да болсо өскөнү менен, ЖӨБ органдары үчүн кадр маселеси актуалдуу бойдон калып жатканынан кабар берет.

### 1.3.1. Сандык курамы

**Гендердик баланс жана физикалык мүмкүнчүлүктөрдүн теңдиги**

Муниципалдык кызматта аялдардын үлүшү көп болбосо да, бирок туруктуу түрдө азайып келүүдө. Айталы, 2019-жылы аялдар муниципалдык кызмат орундардын 36% ээлеген, 2017-жылы бул көрсөткүч 37% түзчү. Муниципалдык кызматтан бошотулган аялдардын үлүшү акыркы эки жылда 29,5 пайыздан 35,9 пайызга чейин өстү. Башкача айтканда, аялдар көп учурда түрдүү себептер менен муниципалдык кызматтан бошотулууда.

ПИКИР

Биздин айыл өкмөттө бир гана аял кызматкер калды. Терс маанайдагы кеп-сөздөрдөн коргош үчүн аны жумушка күн сайын күйөөсү узатып келет. Ал аялга көчөдөн эле басып келишип, “Эмне үчүн иштеп жатасың? Эмнеге күйөөңдү уят кылып жатасың?” деп сурашат. Анын чыдамы дагы канчага жетээрин билбейм. Ал аялдын күйөөсү акыры аны үйдөн чыгарбай коюшу мүмкүн же экөө айылдан көчүп кетиши ыктымал.

*АӨ кызматкери*

Саясий кызматтарды ээлеген аялдардын үлүшү мурдагыдай эле аз бойдон кала берүүдө жана азайып жатат – 2017-жылы 4,2 пайыздан 2019-жылы 3,9 пайызга чейин. Бирок башкы, жетектөөчү жана кенже муниципалдык кызмат орундарын ээлеген аялдардын үлүшү көбөйүп жатат. Айталы, кенже муниципалдык кызмат орундарын ээлеген аялдардын үлүшү 15 пайыздан ашык көбөйгөн.



[1] Бул бөлүмдө КР Мамлекеттик кадр кызматы берген маалыматтар колдонулду.




*10-диаграмма. Муниципалдык кызмат орундарын ээлеген аялдардын үлүшү, пайыздар менен*

Муниципалдык кызмат орундарды ээлеген ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын (мындан ары – ДМЧА) саны – 140 (2017-жылы 134 болчу). Анын ичинен жүзү – эркектер, кыркы аялдар (2017-жылы 117си – эркек, 17си – аял болчу).

**Улуту**

ЖӨБдүн аткаруу органдарынын улуттук курамы бир аз өзгөргөнү менен, ЖӨБ органдарында улуттук азчылыктардын саны өлкөдөгү калктын санында бул азчылыктардын үлүшүнө караганда болжол менен 3 эсе төмөн. Ошону менен бирге саясий кызмат орундарын ээлеген муниципалдык кызматчылардын басымдуу бөлүгү (96%) мурдагыдай эле кыргыздар.




*11-диаграмма. Кыргыз Республикасынын калкынын улуттук курамына салыштырмалуу ЖӨБдүн аткаруу органдарынын улуттук курамы, пайыздар менен*

**Жаш курагы жана тажрыйбасы**

28 жашка чейинки курактагы жаштар кенже жана улук муниципалдык кызматтардын 7,5 пайызын гана түзөт. 8 миң муниципалдык кызматчынын ичинен саясий, патронаттык, башкы жана улук кызматтарда болгону беш адам иштейт.

Пенсия курагына жакындап калган жана пенсия жашындагы, 55 жаштан улуу адамдар 2019-жылы муниципалдык кызматтардын дээрлик 22 пайызын ээлеген. Муниципалдык кызматтын курамы жыл сайын картайып жатат, айталы, 2016-жылы бул категориядагы адамдар кызматтардын 18 пайызын ээлечү.

**Билими жана компетенциялары**

2016-жылдан берки мезгил аралыгында жогорку билимдүү муниципалдык кызматчылардын үлүшү 5 пайызга өсүп, 2019-жылы 66,25 пайызды түздү; атайын орто билимдүүлөр 13,22% (2016-жылы 28,0% болчу); 2019-жылы ЖӨБ органдарында орто билимдүү адистер болгон жок. 2016-жылы муниципалдык кызматта орто билимдүүлөрдүн үлүшү 11,0% болчу. Ошентип, жалпысынан муниципалдык кызматчылардын билим деңгээли өстү деген тыянак чыгарса болот.

2016-жылдын 30-майындагы №75 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" КР Мыйзамы муниципалдык кызматчыларга коюлган талаптарга өзгөртүүлөрдү киргизди. Мындан ары орто билимдүү адамдар муниципалдык кызмат орундарына талапкер боло алышпайт. Муниципалдык кызматта орто билимдүүлөр болбогонун КР МККнын ведомстволук статистикасы да тастыктап турат. Бирок орто билимдүү 716 адам статистикадан жок болуп кеткен факты түшүнүксүз болуп калды. Бул 716 адам 2016-жылга чейин түрдүү муниципалдык кызматтарды ээлеп келишкен.

## 1.3.2. Бош орундар жана кадрлардын туруксуздугу

2019-жылы муниципалдык кызматтарга 966 адам кабыл алынган. Алардын ичинен 700 адам же 72,0 пайызы (2016-жылы 78%) конкурстун негизинде алынган. Калган кызматтардагы конкурс өткөрбөстөн кабыл алынган кызматчылардын негизги бөлүгүн декретке чыккан же окууда жүргөн адамдар түзөт.

2019-жылы муниципалдык кызматтан 846 адам кетип калган (2016-жылы 773 болчу). Кадрлардын туруксуздугунун көрсөткүчү төмөндөп жатат жана 2019-жылы 10 пайызды түздү (2016-жылы 24% болчу). Кадрлардын туруксуздугунун эң жогорку чеги 2016-жылы байкалган. Бул жылы ЖӨБ органдарында саясий жетекчилер алмашкан эле. ЖӨБдүн аткаруу органынын башчысы алмашаары менен команданы кошо алмаштыруу көрүнүшү муниципалдык кызматтын сапатына зыянын тийгизүүдө.

ПИКИР
Айыл өкмөтүндө кадрлардын туруксуздугунун себеби эмнеде? Башчы алмашканда анын кол алдында иштегендер өздөрү кетип калышат. Себеби мурдагы башчы жаңы кызматка барганда ошонун жетекчилиги алдында кайра иштегиси келишет.

*АӨнүн жооптуу катчысы,*
*Аламүдүн району*

ПИКИР
Муниципалдык кызматта кадрлардын туруксуздугу – бул саясий дайындоолордун кесепети. ЖӨБ органынын жетекчиси атүгүл бардык талаптарга жооп берген адамдарды да ишке албай коюуга укуктуу. Жаш, квалификациясы жетиштүү адистер иштегенге даяр болуп турса да, алар башка кландарга киргендиктен же башка себептерден улам жумушка алынбай калган мисалдар бар.

*АӨнүн жооптуу катчысы,*
*Сокулук району*

## 1.3.3. Конкурстан өтүү

2018-жылы бош турган 2268 муниципалдык кызмат орундары үчүн конкурска катышууга 5577 талапкер арыз берген. Компьютердик тестке 4150 талапкер катышып, алардын ичинен 1813ү же 43,7 пайызы тийиштүү балл топтоп[1], конкурстук тандоонун кийинки этабына өтүшкөн.

2019-жылы (октябрдын башына карата маалымат боюнча) ЖӨБ органдары бош турган 1870 муниципалдык кызматка конкурс жарыялап, 5206 талапкер компьютердик тесттен өтүүгө арыз берген. Компьютердик тестке 3993 талапкер катышып, алардын ичинен 2039у же 51,1 пайызы тийиштүү балл топтоп, конкурстук тандоонун кийинки этабына өтүшкөн.

ЖӨБ органдары муниципалдык кызмат орундарына КР Мамлекеттик кадр кызматында конкурстан өтүүнү жакшы практика деп эсептешет. Бирок кадрлар тартыш болуп турган шарттарда бул көйгөй жаратууда. Себеби талапкерлер оор суроолорго жооп бере албай, конкурстан кулап калышууда, мындан улам ЖӨБ органдарынын кадрдык курамы толукталбай калууда.

[1] КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 29-декабрындагы №706 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматында жана муниципалдык кызматында конкурс өткөрүүнүн жана кызматка көтөрүлүүнүн тартиби жөнүндө Жобонун 41-пунктуна ылайык, компьютерлик тестирлөөдөн өтүүдө 50 пайыздан кем эмесин алган талапкерлер аңгемелешүү этабына киргизилет.

ПИКИР
Талапкерлер КР МККда тесттен өтө албай жатышат. Мындан улам кызмат орундары бош кала берүүдө. КР ЖӨБ органдарынын жетекчилери Кадр кызматына муниципалдык кызмат үчүн критерийлерди жөнөкөйлөштүрүүнү сунуш кылат.

*Шаардык мэриянын аппарат жетекчиси*

ПИКИР
Тесттеги суроолордун мазмуну тууралуу маселени дагы терең ойлонуп көрүш керек. Мисалы, салык боюнча адис өзүнүн адистиги боюнча 30 суроого, буга кошумча 30 саясий суроого жооп берет. Салык боюнча адис биринчи кезекте өзүнүн функционалдык милдеттерин билиши керек да. Ошондуктан суроолордун басымдуу бөлүгү салыктар боюнча болушу керек.

*АӨнүн юристи,*
*Сузак району*

ПИКИР
Айыл өкмөтүндөгү бош кызмат ордуна талапкерлер КР МККда тесттен өтүп жатканда көпчүлүк суроолорго жооп бере алышпайт. Себеби бул суроолордун көбү АӨдөгү конкреттүү ишке тиешелүү эмес. Ошол эле маалда ал адам АӨ деңгээлинде мыкты адис болушу мүмкүн. Бирок тесттен өтпөсө, иштей албайт. Тескерисинче да болуп калат: талапкерлер тесттен өтүп, бирок АӨнүн өзгөчөлүгүн билбегендиктен жана айылдык аймактагы жашоону түшүнбөгөндүктөн иштеп кете алышпайт. Мисалы, биздин айыл өкмөттө эки жылдан бери жооптуу катчы жок. Жылына бир нече жолу талапкерлерди тесттен өтүп келүүгө жиберебиз, бирок алар өтө албай кайра келишет. Балким конкурс жана тест жакшы чечимдир, бирок жашоо бүгүн, азыр иштегенди талап кылууда. АӨ башчысында бош орундарга таасир этүүдө көбүрөөк мүмкүнчүлүктөрү болушу керек.

*АӨ башчысы,*
*Базар-Коргон району*

ПИКИР
Ар бир адам өз кесиби менен иштеши керек. Кадрлар квалификациялык талаптарга шайкеш келүүгө тийиш. ЖӨБ органдарына компьютерден тесттин суроолоруна жооп берген адам эмес, ишке даяр, жеринде жашоону билген адамдар келиши керек.

*Жергиликтүү кеңештин депутаты*

## 1.3.4. Квалификацияны жогорулатуу

2016-жылдын 30-майында №75 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" жаңы КР Мызамы кабыл алынганына байланыштуу административдик муниципалдык кызматчыларды аттестациядан өткөрүү жокко чыгарылган. Кызматынан көтөрүү жана тийиштүү класстык чендерди ыйгаруу кызматчынын ишине жылдык баа берүүнүн натыйжасында ишке ашат.

Мамлекеттик заказды ишке ашыруунун алкагында квалификацияны жогорулатуу үчүн окуудан өткөндөрдүн саны: 2016-жылы – 1276 муниципалдык кызматчы; 2017-жылы – 1747 кызматчы; 2018-жылы – 1096 кызматчы. 2019-жылдын 1-октябрына карата маалымат боюнча, муниципалдык кызматчылардын квалификациясын жогорулатуу баштала элек.

ПИКИР
МКК квалификацияны жогорулатууну уюштурган маалда иш көп болгондуктан негизги кызматкерлер катыша албай калышат. Мындан улам ким бош болсо, же кимиси колго илинсе, ошол окууга жөнөп кетет.

*АӨнүн жооптуу катчысы, Аламүдүн району*

### 1.3.5. Карьералык өсүш жана сыйлоо

2016-жылдан 2019-жылга чейинки мезгил аралыгында класстык чени бар кызматкерлердин саны 3936 адамдан (47%) 5245 адамга чейин көбөйдү (53%).

2016-жылы КР МККнын ведомстволук сыйлыктары менен сыйлангандардын саны: "Муниципалдык кызматтын отличниги" төш белгисин 89 адам алган; Ардак грамотасын 52 адам алган. 2017-жылы 65 муниципалдык кызматчы "Муниципалдык кызматтын отличниги" төш белгисин алган жана 42 муниципалдык кызматчы Ардак грамотасы менен сыйланган. 2018-жылы 92 муниципалдык кызматчы "Муниципалдык кызматтын отличниги" төш белгисин алган жана 71 муниципалдык кызматчы Ардак грамотасы менен сыйланган.

### 1.3.6. Өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын аткарылышы[1]

2013-жылдын 9-июлундагы №127 "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүнүн тартиби жөнүндө" КР Мыйзамы кабыл алынгандан бери алты жыл өттү. Ушуну менен КР ЖКнын экинчи чакырылышы мыйзам ушунча убакыттан бери толук кандуу иштеп кете албай жаткан себебин издеп жатат. Жалпы пикир боюнча, мыйзамды ишке ашырууга тоскоол болгон негизги себептер төмөнкүлөр:

- мамлекеттик органдар менен ЖӨБ органдары ортосундагы ыйгарым укуктар жана жоопкерчилик так бөлүштүрүлгөн эмес;
- берилип жаткан ыйгарым укуктардын (мындан ары – БМУ) баасын аныктоо оор;
- мамлекеттик органдардын аппараттары бюрократиялык тоскоолдуктарды жаратууда.

Ошондой эле ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү процессин ЖӨБ органдары, өзгөчө дотацияда тургандары көп жактыра беришпейт. Себеби өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктарды аткарууга бөлүнгөн бюджет аралык трансферттер теңдештирүүчү гранттардын суммасын автоматтык түрдө азайтат. Бул болсо ЖӨБ органдарынын пикири боюнча туура эмес жана акыйкатсыз чечим. Бардык ЖӨБ органдары үчүн БМУ КР Өкмөтүнүн чечими менен ансыз да чектелүү болгон штатка ашыкча жана төлөнбөгөн жүк болуп калууда. БМУну каржылоодогу көйгөйлөр тууралуу толук маалымат ушул Баяндаманын 1.4-бөлүмүндө берилди.

ПИКИР
Бардык эле өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктар талаптагыдай деңгээлде каржылана бербейт. Айталы, ЖӨБ органдары эч ким төлөбөгөн беш нотариалдык ишти аткарышат. Айрым берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды ЖӨБ органдарынын кызматкерлери акы албастан, кошумча жүк катары гана аткарышат.

*ЖӨБ органдарынын көптөгөн өкүлдөрү*

Айталы, 2011-жылдын 15-июлундагы №101 "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамы менен ЖӨБ органдарына өткөрүлүп берилсе боло турган негизги мамлекеттик ыйгарым укуктардын ичинен болжол менен 40 пайызы боюнча КР Өкмөтү кээ бир иштерди алып барууда.



[1] Бул бөлүмдө ӨСИнин маалыматтары колдонулду.



*3-таблица. 2011-жылдын 15-июлундагы №101 "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамынын 20-беренесинде көрсөтүлгөн айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды ЖӨБ органдарына өткөрүп берүүнүн статусу*

| Пунктчанын № | Пунктчанын кыскача баяндалышы | Көрүлгөн чаралар жана статусу |
|---|---|---|
| 1 | Калктын жумуштуулугунун жана миграциясынын программалары | Жылыш жок |
| 2 | Жарандардын эсебин алуу каттоосу (паспорт режими жана шайлоочулардын тизмелери) | КР Өкмөтүнүн токтомуна ылайык, КР Мамлекеттик кадр кызматы (мындан ары – КР МКК) ЖӨБ органдарына документтерди кабыл алуу боюнча ыйгарым укуктарды өткөрүп бере алат. 2019-жылы КР МКК менен ЖӨБ органдарынын ортосунда мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү жөнүндө келишимдерди түзүү процесси башталды. |
| 3 | Жарандык абалдын актыларын каттоо | КР Өкмөтүнүн токтомуна ылайык, КР МКК ЖӨБ органдарына жарандык абалдын актыларын каттоо боюнча ыйгарым укуктарды өткөрүп бере алат. 2019-жылы КР МКК менен ЖӨБ органдарынын ортосунда мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү жөнүндө келишимдерди түзүү процесси башталды. |
| 4 | Мектептик, мектепке чейинки жана кесиптик билим берүү жана саламаттык сактоо чөйрөсүндө кызматтарды көрсөтүү үчүн имараттар менен камсыз кылуу | КР Өкмөтү орто билим берүүчү мекемелерди (мектептерди) каржылоону жергиликтүү бюджеттен республикалык бюджетке которуу мүмкүнчүлүгүн караштырып жатат. |
| 5 | Нотариаттык аракеттерди жасоо | Жылыш жок |
| 6 | Жарандарга документтерди берүү | Жылыш жок |
| 7 | Аскерге милдеттүүлөрдүн жана аскерге чакырылуучулардын алгачкы эсепке алынышын жүргүзүү | КР Өкмөтү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жана ЖӨБ органдарынын коргонуу чөйрөсүндөгү функцияларын жана ыйгарым укуктарын бөлүштүрүп, ЖӨБ органдарына коргонуу, аскердик жана альтернативдүү кызмат жаатындагы мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруу укугун берүү тууралуу мыйзам долбоорун кароодо. |
| 8 | Айыл чарбасына жарактуу жерлердин Мамлекеттик фондунун жерлерин башкаруу | КР Жер кодексинин 13-беренесинде бул ыйгарым укукту ЖӨБ органдары аларга өткөрүлүп берилген учурда аткара алаары тууралуу ченем каралган, бирок бул ыйгарым укуктарды ЖӨБ органдарына өткөрүп бере алчу субъект азырынча жок. |
| 9 | Айыл чарба өндүрүшүн келечектүү өнүктүрүү боюнча материалдарды жалпылоо, айыл чарба продукциясын өндүрүү боюнча экономикалык божомолдорду түзүү | КР Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлиги (мындан ары – КР АТӨММ) бул ыйгарым укукту тизмеден чыгарып салууну сунуш кылды. |
| 10 | Ветеринардык-санитардык, эпизоотияга каршы иш-чараларды жана мал чарбачылыкта селекциялык-асыл тукум жумуштарын өз убагында жүргүзүүнү уюштурууга көмөктөшүү | КР АТӨММ бул ыйгарым укукту тизмеден чыгарып салууну сунуш кылды. |
| 11 | Айыл чарба өсүмдүктөрүнүн өсүндүлөрүн тепсетүүгө каршы күрөшүү, токой коргоо тилкелерин жана токой массивин сактоо боюнча тиешелүү чараларды камсыз кылуу | КР АТӨММ бул ыйгарым укукту тизмеден чыгарып салууну сунуш кылды. |

| | | |
|---|---|---|
| 12 | Салыктарды, алымдарды жана камсыздандыруу төгүмдөрүн жыйноо, ошондой эле салыктык укуктук мамилелер чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктар | КР Салык кодексинде ЖӨБ органдарына салыктарды чогултуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү жөнүндө ченем каралган. Бирок КР МСК азырынча бул ыйгарым укуктарды финансылык ресурс менен кошо ЖӨБ органдарына өткөрүп бере элек. 2019-жылы КР МСК менен ЖӨБ органдарынын ортосунда мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү жөнүндө келишимдерди түзүү процесси башталды. |
| 13 | Айлана-чөйрөнү коргоо боюнча иш-чараларды иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу | Жылыш жок |
| 14 | Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоону камсыз кылуу | Жылыш жок |
| 15 | Жылуулук менен жабдууну уюштуруу | Жылыш жок |
| 16 | Аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдү иликтеп билүү | КР Өкмөтүнүн токтомуна ылайык, КР Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги (мындан ары – КР ЭСӨМ) оор турмуштук кырдаалда турган (мындан ары – ОТК) үй-бүлөлөрдү жана балдарды аныктоо боюнча; мындай үй-бүлөлөрдүн жана балдардын муктаждыгын баалоо боюнча; аларды социалдык коштоо боюнча ыйгарым укуктарды ЖӨБ органдарына өткөрүп бере алат. Ушул тапта КР ЭСӨМ менен ЖӨБ органдарынын ортосунда мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү жөнүндө келишимдерди түзүү процесси жүрүп жатат. |
| 17-1 | Этностор ортосундагы мамилелерди бекемдөө, ошондой эле этностор аралык жаңжалдарды болтурбоо жана алдын алуу боюнча иш-чаралар | Жылыш жок |
| 17-2 | Пробация | Жылыш жок |

Ыйгарым укуктарды бөлүштүрүү жана өткөрүп берүү процессинде айрым мамлекеттик органдар ыйгарым укуктарды ресурстары менен кошо өзүндө алып калууну туура көрүп, ЖӨБ органдарына өткөрүп берүүдөн баш тартышууда. Мисалы, КР ЭСӨМ ушундай кылат. Бул өткөрүп берүүнүн ыктыярдуулук принцибине каршы келбейт. Бул принципке ылайык, ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү – бул мамлекеттик органдын милдети эмес, бул анын укугу. Чындыгында эле мамлекеттик орган кайсы бир ыйгарым укукту башка бир башкаруу органына өткөрүп берүү канчалык эффективдүү жана максатка ылайыктуу болоорун өзү чечиши керек. Бул да натыйжа болуп эсептелинет. Себеби ыйгарым укуктарды бөлүштүрүү жана өткөрүп берүү боюнча иш өзү аткарып жаткан функцияларга жана колунда болгон ыйгарым укуктарга сынчыл ой жүгүртүп, аларды оптималдаштырууга түртөт. Айталы, КР Мамкаттоо өзүнүн айрым функцияларын ЖӨБ органдарына өткөрүп берүүгө башынан эле каршы болуп, өзүнүн административдик мүмкүнчүлүктөрүнө гана таянуу менен документтерди берүүгө жана жарандык абалдын актыларын каттоого документтерди кабыл алуу боюнча кызмат көрсөтүүнү уюштурууга аракет жасаган. Бирок практика көрсөткөндөй, бул жарандарга ыңгайсыздык жараткан. Натыйжада бул ыйгарым укуктарды ЖӨБ органдарына өткөрүп берүү жөнүндө саясий чечим кабыл алынган.

ПИКИР
ЖӨБ органдарына ыйгарым укуктарды аткартуу ишин жөнгө салуу аракети дайыма эле ийгиликтүү боло бербейт. Айталы, жарандык абалдын актыларын (ЗАГС) каттоо функцияларын мурда ЖӨБ органдары аткарып келсе, эми райондун борборлорунда "Таза коом" кызматынын өкүлдөрү аткарып жатышат. Мындан улам калк бул кызмат көрсөтүүнү колдонууда бир топ кыйналып жатат. Себеби адамдарга жашаган жеринен кызмат көрсөтүлгөн жерге чейин жетүү ыңгайсыз болууда.

*Мэрия аппаратынын жетекчиси, Чүй облусу*

2019-жылы да ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү процесси уланууда жана ага тигил же бул формасында 15 мамлекеттик орган тартылган. Бирок алардын көбү ЖӨБ органдарына өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктарды өзүнүкү катары таанышбайт, аларды ЖӨБдүн функциясы деп эсептешет.

## 1.4. ЖӨБ ОРГАНДАРЫНЫН ФИНАНСЫЛЫК ЖАНА ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ[1]

### 1.4.1. ЖӨБ органдарынын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө финансылык жөндөмдүүлүгү

Теориялык жагынан алып караганда, КР Президентинин акыркы эки жылдан бери жүргүзүп келаткан аймактарды өнүктүрүү саясаты жергиликтүү бюджеттерге да таасирин тийгизиши керек болчу. Себеби жергиликтүү бюджеттер аймактардагы адамдар үчүн жашоо шарттарын түзүүгө акча бөлөт. Бирок изилдөө көрсөткөндөй, жергиликтүү жана республикалык бюджеттердин ортосунда кирешелерди бөлүштүрүүдө өлкөнүн аймактарды өнүктүрүүгө карата артыкчылыктары көп жакшы эсепке алынбай келет. Натыйжада көпчүлүк ЖӨБ органдарына өзүнүн функцияларын жана өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктарын сапаттуу аткаруу үчүн ресурстар жетишпей жатат.

[1] Бул бөлүмдө КР Финансы министрлигинин (мындан ары – КР ФМ) маалыматтарына ӨСИ жана ЖӨБ Союзу жүргүзгөн анализ берилди.

*4-таблица. 2016–2019-жылдары Кыргыз Республикасында финансылык децентралдаштыруунун көрсөткүчтөрү, млрд. сом менен*

| Көрсөткүчтүн аталышы | 2016-жыл | 2017-жыл | 2018-жыл | 2019-жыл (план) |
|---|---|---|---|---|
| Жергиликтүү бюджеттердин (мындан ары – ЖБ) кирешелери | 17,6 | 20,3 | 20,1 | 21,4 |
| Республикалык бюджеттин (мындан ары – РБ) кирешелери | 115,8 | 134,7 | 135,5 | 151,8 |
| Бириктирилген бюджетте жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин үлүшү | 13,4 % | 13,4 % | 13,2 % | 12,5 % |
| Номиналдык ИДП | 476,3 | 530,5 | 557,1 | 600,6 |
| Жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин ИДПга карата катышы | 3,7 % | 3,8 % | 3,6 % | 3,5 % |
| Жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринде трансферттердин үлүшү | 22 % | 29 % | 22 % | 17 % |
| Теңдештирүүчү трансферттер | 1,8 | 1,8 | 1,8 | 2,0 |
| Максаттуу трансферттер | 1,6 | 3,7 | 2,3 | 1,1 |
| Дем берүүчү гранттар | 0,4 | 0,4 | 0,4 | 0,6 |

Жергиликтүү бюджеттердин кирешелери республикалык бюджеттин кирешелеринин өсүш темпине салыштырмалуу дээрлик өспөй жатат. Бул жаатта өсүш 2011–2012-жылдары гана байкалган. Андан соң үч жыл бою жергиликтүү бюджеттердин кирешесинин жалпы көлөмү төмөндөп жатты. Ошол эле маалда республикалык бюджеттин кирешелери туруктуу темп менен өсүп жатат. 2014-жылдан баштап жергиликтүү бюджеттердин көлөмүнүн динамикасы дээрлик жокко эсе. Бул болсо инфляция жана милдеттенмелер улам көбөйүп жаткан шарттарда каржылоонун көлөмү иш жүзүндө азаят дегенди билдирет.




*12-диаграмма. Республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин кирешесиндеги динамика, млрд. сом менен*

Ошону менен бирге республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин кирешесинин жыйынды көлөмүндө жергиликтүү бюджеттердин кирешеси туруктуу түрдө азаюуда. Мунун баары жергиликтүү маанидеги маселелер, анын ичинде инфраструктура боюнча оор финансылык милдеттенмелерге каражат толук бөлүнбөй калып жатканынан кабар берүүдө.




*13-диаграмма. ЖБ жана РБ жалпы кирешелеринде жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин үлүшү, пайыздар менен*

Жергиликтүү бюджетти каржылоонун көлөмү өзүнөн өзү көп нерседен кабар бербей турганына көңүл буруш керек. Жергиликтүү бюджетте каражаттардын жетиштүү болгонун же тартыштыгын баалоо аларды ЖӨБ органдары аткарган функциялардын жана ыйгарым укуктардын көлөмү менен салыштыруунун негизинде болушу керек. Кыргыз Республикасында мындай сапаттуу изилдөөлөр жүргүзүлө элек. Бирок жергиликтүү маанидеги маселелерди ийгиликтүү чечүү үчүн жана жергиликтүү жамааттарда татыктуу турмуш шарттарын түзүү үчүн ЖБнын көлөмү жетиштүү же тартыш болгонун баалаган, индикатор катары колдонууга боло турган башка кыйыр көрсөткүчтөр бар. Мисалы, Көп кырдуу жакырчылыктын индекси (мындан ары – КЖИ). Бул интеграцияланган көрсөткүч, ал кирешенин көлөмүн жакырчылыктын жалгыз бир көрсөткүчү катары өлчөбөйт. Бул индекс жакырчылыкты үч ченемде өлчөйт: саламаттыкка жеткиликтүүлүк (тамактануу, балдардын өлүмү), билим берүүгө жеткиликтүүлүк (окуунун узактыгы, балдардын мектепке баруусу), базалык керектөөлөргө жеткиликтүүлүк (отунга, электр энергиясына, санитарияга, сууга, жерге, мүлккө ж.б.). КЖИ динамикасы менен Кыргыз Республикасында жергиликтүү бюджетти каржылоонун көлөмүн салыштыра келгенде так көз карандуулук пайда болот – жергиликтүү бюджетти каржылоонун көлөмү канчалык көп болсо, КЖИнин көрсөткүчтөрү да ошончолук төмөн, тескерисинче каржылоо аз болсо, көрсөткүчтөр жогору болот.




*14-диаграмма. КЖИнин Кыргыз Республикасында жергиликтүү бюджеттерди каржылоонун көлөмүнөн тескери көз карандуулугу*[1]

[1] 2014-жылга чейин КЖИ көрсөткүчү адамдын өнүгүүсү тууралуу баяндамаларды даярдоонун алкагында ПРООНдун буйрутмасы боюнча гана эсептелип келген. 2014-жылдан баштап, адамдын өнүгүүсү тууралуу баяндамаларды даярдоо практикасы токтогондон бери Кыргыз Республикасында КЖИнин көрсөткүчү эсептелбей калды. Бирок КР УСК 2019-жылдын этегине чейин улуттук КЖИни эсептөөнүн методикасын иштеп чыгып, сынамык эсептерди жүргүзүп, кызыкдар жактарга берүүнү пландап жатат.

14-диаграммада көрүнүп тургандай, 2006-жылдан 2013-жылга чейин КЖИнин жергиликтүү бюджеттерден тескери көз карандуулугу бар болчу: 2012-жылга чейин каржылоонун көлөмүнүн өсүшү байкалып, ошол эле маалда КЖИнин көрсөткүчү да төмөндөгөн.

Бул демек, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жана ЖӨБ органдарына бөлүнгөн каражаттын көбөйүшү көп кырдуу жакырчылыктын азайышына жана жарандардын турмуш шартын жакшыртууга түз таасирин тийгизе турганын көрсөтүүдө. ЖӨБдү каржылоону көбөйтүү зарыл дегенге бул эң мыкты саясий далилдердин бири.

## 1.4.2. Бюджет аралык мамилелерди өркүндөтүүнүн багыттары

### Өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктарды каржылоо

Өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктарды каржылоо көйгөйү өзүнө бир нече өңүттү камтыйт.

**Толук эмес каржылоо.** Материалдык жана финансылык камсыздоонун принциби ЖӨБ органдарына өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын баарында эле колдонула бербейт. Бирок 2013-жылдын 9-июлундагы №127 "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүнүн тартиби жөнүндө" КР Мыйзамы ушул принципти сактоону талап кылат.

**ЖӨБ органдарынын штаттык саны чектелүү.** Өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар толук каржыланган күндө да, азыркы катаал типтүү структура жана ЖӨБ органдарынын штаттык саны кошумча штаттык бирдиктерди киргизүүгө жол ачпай жатат. Ал эми колдонуудагы мыйзамдар кошумча функцияларды аткарган штаттык кызматчыларга кошумча айлык төлөп берүүгө тыюу салат. Ошентип берилген ыйгарым укуктарды аткаруу боюнча жүк ЖӨБ органдарынын иштеп жаткан штаттык кызматкерлерине түшүп, алардын көп убактысын алат. Мунун натыйжасында жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө колу жетпей калууда.

**ЖӨБ органдары берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткарууга кызыкпайт.** ЖӨБ органдарына өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруу үчүн кошумча каржылоону бөлгөндө КР ФМ теңдештирүүчү гранттын көлөмүн ошол суммага автоматтык түрдө азайтат. Ошону менен бирге КР Өкмөтү берилген ыйгарым укуктарды каржылоо теңдештирүүчү гранттын курамына киргизилген деп ырастап келет. Бирок бул жүйөлүү эсептөөлөрдү көрсөтпөйт. Ошондуктан "Бул эреже бакубат болгон жана бюджеттик камсыздандырылгандыкты теңдештирүүгө катышпаган ЖӨБ органдарына да кандайча иштеп жатат?" деген суроо ачык бойдон калууда.

**"Жашыруун" өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктар.** Айрым ЧУА документтери мамлекеттик функцияларды аткаруу үчүн жоопкерчиликти ЖӨБ органдарына 2013-жылдын 9-июлундагы №127 "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүнүн тартиби жөнүндө" КР Мыйзамындагы ченемдерди кыйгап өтүп жүктөөдө. Мисалы, Балдар укуктары жөнүндө Конвенцияга ылайык, ЖӨБ органдарында балдарды билим берүү кызмат көрсөтүүлөрү менен камсыз кылуу милдети бар. Мамлекеттик мекемелер (Өрт кызматы, КР Ички иштер министрлиги ж.б.) ЖӨБ органдарынын компетенциясына да, чыгаша милдеттенмелерине да кирбеген маселелерди чечүүдө алардын аймактык бөлүмдөрүнө финансылык жардам көрсөтүү өтүнүчү менен ЖӨБ органдарына кайрылган учурлар сейрек эмес. Мисалы, республикалык маанидеги жолдор чоң көйгөйдү жаратып келет. Бул ишти жасоого ыйгарым укуктары да, ресурстары да болбогону менен, ЖӨБ органдары жолдорду тазалоого мажбур. ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүнүн ырасташынча, алар мына ушундай "жашыруун" ыйгарым укуктарды аткарбай коюп, финансы каражаттарын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө гана буруу үчүн мыйзамдарга таяна алышпайт, себеби мындай "жашыруун" ыйгарым укуктардан "куткарчу" нормалар жок. Ошондой эле ЖӨБ органдарында улуттук акцияларды жана өнөктүктөрдү өткөрүүгө, мисалы, Көчмөндөр оюндарын каржылоого байланышкан да расмий эмес чыгымдары бар. Мындан тышкары текшерүүлөргө байланышкан чыгымдарды төлөп берүү өтүнүчү менен ЖӨБ органдарынын кызматкерлерине кайрыларын айткан ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү да болду.

**Чыгаша милдеттенмелерди бөлүштүрүү.** Кээде ЖӨБ органдары мамлекет жана ЖӨБ чогуу каржылаган "аралаш" ыйгарым укуктар боюнча чыгымды көтөрүүгө мажбур болушат. Ошону менен бирге ЖӨБ органдары тарабынан бул каржылоонун үлүшү алардын жоопкерчилик деңгээлине жана ыйгарым укуктарына шайкеш келбейт. Билим берүү объекттерин күтүүгө тиешелүү болгон маселелерди чечүүдө бул көйгөй өтө курч турат. Билим берүү мекемелерин күтүүгө кеткен

чыгашаны республикалык бюджетке которуу демилгеси мына ушул көйгөйдүн ачык далили. Республикалык бюджеттен билим берүү стандарттары толук каржыланбай жатканы дагы бир көйгөйдү жаратууда: азык-түлүктү, күнүмдүк чарба иштери үчүн буюмдарды жана материалдарды сатып алууга; ошондой эле ЖӨБдүн компетенциясына кирбеген башка чыгашаларга жергиликтүү бюджеттен кошумча каражат бөлүнөт. Бул маселени изилдөө үчүн түзүлгөн атайын жумушчу топ жасаган баштапкы эсептер көрсөткөндөй, билим берүү мекемелерин күтүүгө кеткен чыгашаларды республикалык бюджетке которгон учурда дотацияда турган айрым ЖӨБ органдары бакубат ЖӨБ органдарынын категориясына кириши мүмкүн. Бирок ЖӨБ органдары бир нерседен кооптонуп турушат: буга чейин өз демилгеси менен (өз чыгаша милдеттеринен тышкары) же КР Өкмөтүнүн тескемеси менен билим берүү чөйрөсүнө сарптап келген кошумча чыгашалардын бир бөлүгү сакталып кала берет жана мындан ары да жергиликтүү бюджеттин абалына жана ЖӨБ органдарынын жергиликтүү маанидеги маселелерди каржылоосуна таасирин тийгизет.

**Бюджеттик камсыздалгандыкты теңдештирүү саясаты**

Жергиликтүү бюджеттин киреше потенциалын теңдештирүүдө учурдагы система ЖӨБдүн өнүгүүсүнө дем бербей жатат (көптөгөн ЖӨБ органдары өз кирешесинин таңсыктыгын жапкан теңдештирүүчү трансферттерди алып коюп отура бергенди туура көрүшөт. Ошондуктан аларда киреше базаны өнүктүрүүгө стимулу да жок, бул үчүн зарыл болгон кадрдык дарамети да жок).

Дотацияда турган ЖӨБ органдарын дотациялык эмес категорияга чыгаруу мамлекеттин милдеттеринин бири. Ошондуктан КР Финансы министрлиги каржылоо суммасын пландуу түрдө жылына 5–10 пайызга түшүрүп келатат (5-таблицаны караңыз).

*5-таблица. 2016–2022-жылдары республикалык бюджеттен бөлүнгөн теңдештирүүчү трансферттердин динамикасы, млн. сом менен*

| | 2016-ж. | 2017-ж. | 2018-ж. | 2019-ж. | 2020-ж. | 2021-ж. | 2022-ж. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жылына бөлүүнүчү теңдештирүүчү гранттардын жалпы көлөмү | 1 818,2 | 1 817,6 | 1 847,5 | 2 000,3 | 1 967,3 | 1 917,3 | 1 900,0 |
| Өсүш темпи | | 0 % | 2 % | 8 % | -2 % | -3 % | -1 % |

Анткен менен киреше потенциалын көбөйтүү боюнча чаралар теңдештирүүчү гранттардын көлөмүн азайтуу боюнча чаралардан бир чабым артта калууда. Ошондуктан ЖӨБ органдары жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө кеткен чыгашаларды кыскартууга мажбур. Теңдештирүүчү гранттардын көлөмү 232 АА үчүн жалпы суммасы 184,7 млн. сомго азайтылган жана 144 АА үчүн 148,7 млн. сомго көбөйтүлгөн (15-диаграмманы караңыз).




*15-диаграмма. Теңдештирүүчү гранттардын жалпы көлөмүнүн динамикасы, млн. сом менен*

16-диаграмма ААны дотациялык тизмеден чыгаруу саясаты аткарылбаганын көрсөтүп турат. Көп сандагы муниципалитеттер теңдештирүүчү трансферттерди алып жатышат, алардын көбүнүн өсүшү жакшы, бирок бул жетишкендик башка муниципалитеттердин эсебинен болууда.




*16-диаграмма. 2020-жылы айрым айылдык аймактар үчүн теңдештирүүчү гранттардын өсүшү, % менен*

ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү бүгүнкү күндө колдонулуп жаткан теңдештирүүчү гранттарды эсептөөнүн формуласы ачык-айкын эместигин, жыл сайын бөлүнчү трансферттердин көлөмү канчалык акыйкат эсептелгенин билүү мүмкүн болбогонун айтышууда.

Бюджеттик камсыздалгандыкты теңдештирүү саясаты, башкача айтканда ЖӨБ органдарын каржылоо деңгээлин алгылыктуу теңдикке жеткирүү аракети да бул маселени чечкен жок. Эгерде бул ишке ашканда, жашаган жерине карабастан кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүккө карата жарандар үчүн тең укуктарды камсыз кылуу мүмкүн болмок. Бюджеттик классификациянын беренелери боюнча ЖӨБ органдарынын чыгаша милдеттенмелерин каржылоого жасалган анализ көрсөткөндөй, айрым ЖӨБ органдары өз милдеттенмелерин аткарууну толук көлөмдө каржылоого жөндөмсүз.

*6-таблица. Дотацияда турган ААнын чыгашалар структурасынын мисалы, Талас облусу, млн. сом менен.*

| Чыгашалардын беренелери | 2016-ж. | 2017-ж. | 2018-ж. | % менен |
|---|---|---|---|---|
| Чыгашалардын баары | 100 894,7 | 238 515,9 | 150 094,3 | 100,0 % |
| Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар | 51 703,7 | 185 244,6 | 102 344,7 | 77,7 % |
| Коргонуу | | | | 0,0 % |
| Коомдук тартип жана коопсуздук | | | | 0,0 % |
| Экономикалык маселелер | 2 554,8 | 2 811,1 | 2 302,9 | 1,2 % |
| Айлана-чөйрөнү коргоо | | | | 0,0 % |
| Турак жай-коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр | | | | 0,0 % |
| Саламаттык сактоо | | | | 0,0 % |
| Эс алуу, маданият жана дин | 4 167,7 | 4 071,6 | 3 932,3 | 1,7 % |
| Билим берүү | 42 468,5 | 46 388,6 | 41 514,4 | 19,4 % |
| Социалдык коргоо | | | | 0,0 % |

6-таблицада көрүнүп тургандай, бул айылдык аймактар чыгашалар беренесинин олуттуу бөлүгүн каржылабай койгон.

Анын үстүнө көптөгөн беренелерди каржылоодо аймактык теңсиздик да пайда болууда, мисалы, турак жай-коммуналдык чарбага (мындан ары – ТКЧ) кеткен чыгашалардын беренеси.




*17-диаграмма. 2018-жылы Кыргыз Республикасындагы шаарларда ТКЧны каржылоонун рейтинги (калктын киши башына), сом менен*




*18-диаграмма. 2018-жылы Кыргыз Республикасындагы ААда ТКЧны каржылоонун рейтинги (райондор боюнча, калктын киши башына), сом менен*




*19-диаграмма. 2018-жылы Кыргыз Республикасында ААда социалдык коргоону каржылоонун рейтинги (райондор боюнча, калктын киши башына), сом менен*

17-диаграмма көрсөтүп тургандай, Кыргыз Республикасындагы шаарларда турак жай-коммуналдык чарбаны (мындан ары – ТКЧ) киши башына каржылоонун деңгээлдери ортосундагы ажырым өтө чоң. Мисалы, Кантта бул көрсөткүч бир жашоочуга 3041 сомду түзсө, Көк-Жаңгакта болгону 223 сомду түзөт, бул 14 эсе аз дегенди билдирет. Ошону менен бирге дал ушул ТКЧ беренеси боюнча жарандар үчүн бардык базалык кызмат көрсөтүүлөр каржылана турганын унутпаш керек. Алар: ичүүчү суу менен жабдуу, жергиликтүү жолдор, көчөлөрдү жарыктандыруу, таштанды жыйноо ж.б. Элеттик ЖӨБ органдарында да кырдаал чеке жылытпайт.

18-диаграмма Кыргыз Республикасынын элеттик ЖӨБ органдарында ТКЧны киши башына каржылоонун деңгээлдери ортосундагы ажырым шаарларга салыштырганда аз болгону менен, баары бир өтө чоң болуп турганын көрсөтүүдө. Айталы, Аламүдүн районунда айылдык аймак ТКЧны бир жашоочуга 1216 сом көлөмүндө каржылайт, ал эми Панфилов районунда 109 сом гана бөлүнөт, бул 11 эсе аз дегенди билдирет. Социалдык коргоого кеткен чыгымды каржылоодо олуттуу аймактык ажырым байкалууда.

19-диаграммада көрүнүп тургандай, Ак-Талаа районундагы элеттик ЖӨБ органдарында социалдык коргоону каржылоонун деңгээлинде аймактык ажырым бир жашоочуга 221 сомду түзөт. Ал эми Кадамжай жана Манас райондорунда тийиштүү көрсөткүч бир адамга болгону 10 сомду түзөт, башкача айтканда 22 эсе аз.

Жогоруда айтылгандардын баары жарандар үчүн кызмат көрсөтүү көз карашынан алып караганда түзүлүп калган система бюджеттик камсыздалгандыкты теңдештирүүнү камсыз кыла албай жатат деген тыянак чыгарууга жол ачууда.

**Жөнгө салынган кирешелерди бөлүштүрүү саясаты**

КР Өкмөтүнүн жалпы мамлекеттик салыктарды бөлүштүрүү системасындагы соңку эки жылда киргизген өзгөртүүлөрү азырынча оң жыйынтык бере элек.

Тандама статистикага ылайык, салык агенти кармап калган киреше салыгынын жергиликтүү бюджетке түшкөн үлүшүн пландуу түрдө көбөйтүү жергиликтүү бюджеттин сатуудан алынган салыктан түшкөн үлүшүн пландуу азайтуудан жоготкон чыгымдын ордун толуктай алган жок. Соода өнүккөн жерлердеги ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү бул чара жергиликтүү бюджеттердин, өзгөчө шаардык бюджеттердин кирешесинин абалына өтө терс таасирин тийгизгенин ырасташууда. Мисалы, Кара-Балта шаарынын бюджетинин жоготуулары жылына 70 млн. сомду түздү, Чолпон-Ата шаары 20 млн. сом, Кайыңды шаары 20 млн. сом жоготту. Айрым айылдык аймактар жылына орточо 1 млн. сом жоготуп жатышат. Сатуудан алынган салыктан түшкөн кирешени кыскартып, киреше салыгынын үлүшүн көбөйтүү менен мындай аймактар үчүн пайда болбойт. Бул соода өнүкпөгөн, социалдык чөйрөдө иштеген мамлекеттик мекемелердин кызматкерлери төлөгөн салыктын эсебинен гана бюджети толукталган чакан муниципалитеттер үчүн пайдалуу. Бирок мындай ЖӨБ органдары да киреше салыгынан түшүүлөр көбөйгөн учурда теңдештирүүчү гранттын суммасы азаят деп кооптонуп жатышат.

Ошондой эле ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү билим берүү, саламаттык сактоо жана социалдык багыттагы муниципалдык объекттер үчүн электр энергиясына коммерциялык тарифтерди колдонуу канчалык акыйкат болгонун көп сурашат. ЖӨБ органдарынын пикири боюнча, киреше алып келбеген объекттер электр энергиясын бизнес үчүн каралган ставкалар боюнча төлөбөшү керек.

**Дем берүүчү (үлүштүк) гранттарды бөлүү**

Дем берүүчү (үлүштүк) гранттарды берүү практикасын ЖӨБ органдары жалпысынан колдошот, себеби бул грант өнүгүүгө багытталган долбоорлорду ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берет. Бул система киргизилген учурдан бери аны жакшыртуу боюнча бир топ чаралар көрүлгөн. Бирок ушул күнгө чейин ЖӨБ органдары айрым кемчиликтерин белгилешип, аларды оңдоонун үстүнөн иштеш керектигин айтышат.

ЖӨБ органдарына дем берүүчү гранттарды кош каржылоонун үлүшүнүн көбөйүшү. 2015-жылы болгон жана грант алууга жарыяланган конкурска катышуу да дотациядагы ЖӨБ органдарына бир топ тоскоолдуктарды жараткан. Киреше камсыздалгандык деңгээли 50 пайыздан 100 пайызга чейин болгон ЖӨБ органдары үчүн (аз камсыз болгон ЖӨБ) катышуу үлүшү КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 21-апрелиндеги №230 "Дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен долбоорлорду тандоо жана каржылоо жөнүндө жобону өзгөртүү тууралуу" токтому менен

көбөйтүлгөн. Бул өзгөртүүлөр менен аз камсыз болгон ЖӨБ органдарынын кош каржылоого катышуу үлүшү 10 пайыздан 15 пайызга чейин көбөйгөн. Ошону менен бирге салым акчалай формада болушу керек деген талап коюлган. Ал эми жобонун 2012-жылдагы редакциясында салымдын 50 пайызы материалдардан жана эмгек ресурстарынан боло алат деп көрсөтүлгөн. Ошентип, бул категориядагы ЖӨБ үчүн акчалай босого иш жүзүндө 5 пайызга эмес, 10 пайызга көбөйгөн. Киреше камсыздалгандыгы 50 пайыздан төмөн болгон ЖӨБ үчүн салым 10 пайыздан 7 пайызга чейин төмөндөтүлгөн. Бирок үлүштүн жарымын материалдар жана эмгек ресурстары менен компенсациялоо мүмкүнчүлүгүнүн жокко чыгарылышы иш жүзүндө алардын акчалай салымын 2 пайызга көбөйткөн.

КР Финансы министрлигиндеги “кара тизмелер”. Кандайдыр бир объективдүү же субъективдүү себептерден улам дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын долбоорлорун кош каржылоо же ишке ашыруу боюнча милдеттенмелерин өз убагында аткара албай калган ЖӨБ органдарын КР Финансы министрлиги “кара тизмеге” киргизет. Бул тизмеге киргенден кийин ЖӨБ органдары дем берүүчү (үлүштүк) гранттарды алуу боюнча конкурстарга катыша албай калышат. Ошону менен бирге долбоорду аткарууда тартипти күчөтүү көз карашынан алып караганда бул тизмелерди түзүү туура эле чечим. Бирок объективдүү факторлор жана бул гранттарды бөлүү шарттары да эсепке алынышы керек. Мисалы, дем берүүчү гранттар боюнча долбоорлорду ишке ашырууга өтө аз убакыт бөлүнгөнү милдеттенмелерди сактабай калуунун бир себеби болушу мүмкүн. КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 21-апрелиндеги №230 “Дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен долбоорлорду тандоо жана каржылоо жөнүндө” жободо долбоорлор тийиштүү финансылык жылдын ичинде жыйынтыкталып, эксплуатациялоого берилиши керектиги көрсөтүлгөн.

Убакыт жагынан ушундай чектөө бүтпөй калган долбоорлордун санынын өсүшүнө себеп болушу ыктымал. Мындай чектөө, ошондой эле 3 млн. сомдук баа жагынан чектөө дотацияда турган ЖӨБ органдарына ири долбоорлорду ишке ашырууга жол бербей жатат. Мындай учурда дем берүүчү гранттарды каржылоонун тең принциби максатка ылайыктуу болмок – баарына бир аздан каралып, өнүгүү бюджеттери үчүн топтоп алуу мүмкүнчүлүгү берилиши керек.

КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 21-апрелиндеги №230 “Дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен долбоорлорду тандоо жана каржылоо жөнүндө” жобо менен облустук жана республикалык маанидеги райондор жана шаарлар үчүн дем берүүчү (үлүштүк) гранттар боюнча 230 квота киргизилген. Бул болсо ЖӨБ органдары үчүн тең эмес мүмкүнчүлүктөрдү пайда кылды. Айталы, облустук жана республикалык маанидеги шаарлардын ЖӨБ органдарына капиталдык долбоорлорду ишке ашыруу үчүн республикалык бюджеттен жылдык финансылык жардам кепилденген. Ал эми райондук деңгээлде өтүнмө берген райондук маанидеги шаарлар жана элеттик ЖӨБ органдары өздөрүнүн капиталдык долбоорлорун ишке ашыруу үчүн финансылык жардамды конкурстун негизинде гана ала алышат. Бул болсо алардын инфраструктураны өнүктүрүү боюнча мүмкүнчүлүктөрүн чектеп коюуда.

**Жергиликтүү бюджеттердин кирешесин пландоо**

ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү КР Финансы министрлиги өзүнүн райондук бөлүмдөрү аркылуу жеткирген ЖБ кирешелери боюнча сунушталган божомол сандар чындыгында контролдук гана болгонун, ЖӨБ органдары ал сандарга жете албаганы үчүн жоопко (атүгүл сөгүш түрүндөгү административдик жоопко) тартылып жатканын айтышат. Анын үстүнө алар бул сандар эч негизсиз – орточо 10-20 пайызга көбөйтүлгөнүн белгилеп жатышат. Киреше базасынын бардык активдери эсепке алынды дегенде да жогору жактан берилген божомол аларды олуттуу түрдө ашыкча баалоодо.

Фонддор киреше базасынан чыкканда да КР ФМ мурда түшүп, бирок кийин токтоп калган киреше көлөмү пландоону эсептей берген учурлар да бар (мисалы, Кара-Балта шаарындагы спирт заводу жабылганына көп болду, бирок КР ФМ спирт ичимдиктерин өндүрүүгө акциз салыгын чогултуу боюнча ошол эле планды аткарууну шаар бийлигинен талап кылып келет).

**Капиталдык салымдардын ички инвестициялык долбоорлорун бөлүштүрүү**

КР Бюджеттик кодексинде Кыргыз Республикасында мамлекеттик финансыны башкаруу стратегиялык (82-берене), орто мөөнөттүү (82 жана 89-беренелер) жана программалык (84–85-беренелер) мамилеге негизделиши керек деген талап киргизилгенине карабастан, ошол эле КР Бюджеттик кодекси логикага сыйбаган бир талапты камтыйт: капиталдык салымдардын жалпы



көлөмү бюджет жөнүндө ченемдик укуктук акты менен аныкталат (б.а., үч жылдык божомолсуз жана ресурстарды программалык бөлүштүрүүсүз бир сап менен бекитилет) (29-берене). Бул карама-каршылык капиталдык салымдарды ички булактардан пландоодо башаламандыкка жана айрым бир кызмат адамдарынын өз кызыкчылыктарын сүрөөсүнө, салымдарды бөлүштүрүүдө ачык-айкындуулуктун жоктугуна алып келүүдө. Ошондой эле ЖӨБ органдары өздөрүнүн социалдык-экономикалык өнүгүү программаларында бюджеттик инвестициялардын бул түрүн эсепке ала алышпайт. Мындан тышкары Кыргыз Республикасынын бириктирилген бюджетинде жергиликтүү бюджеттин үлүшү да бурмаланып көрүнүүдө: бул инвестицияларды жергиликтүү жамааттардын муктаждыктарын каржылоого автоматтык түрдө кошуп койгонго болбойт, себеби алардын кайсынысы жергиликтүү маанидеги маселелерге, ал эми кайсынысы мамлекеттик маселелерге киргени айкын эмес.

ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү капиталдык салымдарды пландоо боюнча учурдагы тартип ачык эместигин, социалдык-экономикалык жана финансылык пландоонун азыркы талаптарына карама-каршы келээрин бир оздон айтышат. Мындан улам конъюнктуралык, ойлонулбаган жана макулдашылбаган чечимдер кабыл алынууда. Мунун айынан:

- ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү республикалык бюджеттин эсебинен алардын аймагында объекттерди куруу боюнча кабыл алынып жаткан чечимдер тууралуу маалыматка ээ эмес;
- каражат жана объекттер акыйкатсыз бөлүштүрүлгөн факттар бар (КР ЖКдагы таасирдүү депутаттар жана башка саясатчылар каражаттарды "өздөрүнүн" аймактарынын пайдасына бөлүштүрүлүшүнө көмөк көрсөтүүдө);
- көп жылдар бою курула турган объекттер топтоло берип, жергиликтүү жамааттардын жаңы объекттерге болгон реалдуу муктаждыктары канааттандырылбай калууда.

## 1.4.3. КР Өкмөтү менен ЖӨБ органдары ортосундагы бюджет аралык мамилелерди макулдашуу процессинин зарылчылыгы

ЖӨБ органдары иш жүзүндө жергиликтүү деңгээлде гана эмес, ошондой эле республикалык деңгээлде да бюджеттик процесстин катышуучулары болуп калууда. Себеби республикалык бюджеттин айрым параметрлери ЖӨБдүн ишине жана өнүгүүсүнө тикелей же кыйыр түрдө тиешелүү болуп жатат.

1. Бюджет аралык мамилелер жана түрдүү багыттагы трансферттердин көлөмдөрү ортосундагы байланыш, анын ичинде:
   - бюджет аралык трансферттердин бардык түрлөрүн пландоодогу маселелер жана көйгөйлөр, бир түрдөгү көлөмдөрдүн башка көлөмдөрдөн көз карандуулугу;
   - өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды каржылоо маселелелери;
   - республикалык жана жергиликтүү бюджеттер ортосундагы жөнгө салынган кирешелерди бөлүштүрүү маселелери бар.
2. Бюджеттик инвестициялар, анын ичинде:
   - ички капиталдык салымдарды пландоодогу маселелер жана көйгөйлөр;
   - ЖӨБ органдарынын каражаттарды тартууга жана тышкы булактардан каржыланган бюджеттик инвестициялардын долбоорлорун тандап алууга катышуу маселеси.
3. Өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу маселесинде ЖӨБ органдары менен өз ара байланышта болгон (же байланышта болууга милдеттүү), ЖӨБ органдарындагыдай эле тармакта (мисалы, билим берүү жана саламаттык сактоо тармактарында) чыгаша милдеттенмелерге ээ болгон мамлекеттик органдардын тармактык чыгашаларын пландоо.

Бул өңүттөрдүн көбү буга чейинки бөлүмдө сүрөттөлгөн көйгөйлөрдүн катарына кирет. Бул демек, дээрлик ар бир маселе боюнча ЖӨБ Союзунун, КР Өкмөтүнүн жана КР ЖКнын атынан ЖӨБ органдары ортосунда сүйлөшүү процесси зарыл болгонун билдирет.

## 1.4.4. Муниципалдык менчикти башкаруу

### Муниципалдык менчиктин курамы

Муниципалдык менчик, өзгөчө жер жана кыймылсыз мүлк объекттери ЖӨБ органдарынын экономикалык потенциалынын олуттуу бөлүгүн түзөт. Эптүү башкарганда бул менчик чыгаша

объектисинен киреше булагына айланат же жок дегенде жергиликтүү бюджетке финансылык жүк болбой калат.

ЖӨБЭММА[1] 2018-жылы чогулткан маалыматтар боюнча, ЖӨБ органдарынын менчигинде түрдүү багыттагы 13 миңден ашык объект турат. Алардын ичинен 9 миңден ашыгы[2] же объекттердин жалпы санынан 73 пайызга жакыны мамлекеттик каттоодон өткөн.




*20-диаграмма. Муниципалдык менчиктеги объекттердин географиялык түзүмү, 2018-жыл, % менен*

Жалпысынан муниципалдык объекттердин курамы үч категорияга бөлүнөт. Биринчи категория – ЖӨБ органдарына өз функцияларын аткарып, жергиликтүү маанидеги маселелерди, анын ичинде ЖӨБ органдарына берилген административдик тапшырмаларды аткаруу үчүн зарыл болгон объекттер; муниципалдык мекемелердин колдонуусунда турган имараттар, билим берүү, социалдык-маданий, спорттук багыттагы ж.б. объекттер. Менчиктин бул түрү жергиликтүү бюджет үчүн чыгашалардын предмети болуп саналат, себеби ЖӨБ органдары аларды пайдаланышат жана бул объекттерди күтүүгө кеткен чыгашалардын баарын көтөрүүгө милдеттүү. Ошол эле маалда аларда ушул мүлктү башкаруудан киреше алуу мүмкүнчүлүгү жокко эсе. Объекттердин бул категориясына карата ЖӨБ органдарынын алдында чыгашаларды оптималдаштыруу тапшырмасы турат. Алар энергияны үнөмдөөчү технологияларды колдонуп, объектти күтүү боюнча сапаттуу иштерди жүргүзүп ж.б. иштерди жасап, бул чыгашаларды кыскарта алышат. 2018–2019-жылдары КР Өкмөтү менен ЖӨБ органдарынын ортосундагы талкууларга себеп болгон объекттердин өзгөчө бир тобу бар – бул орто билим берүүчү мектептер. Аларды күтүүгө кеткен чыгымдар жергиликтүү бюджеттин чыгашаларынын олуттуу бөлүгүн түзөт. Ошол эле маалда орто билим берүү функциясынын өзү ЖӨБ органдарынын иш-милдетине кирбейт. Бул көрүнүш укуктук да, финансылык да мүнөздөгү көптөгөн коллизияларды жаратууда.

Объекттердин экинчи категориясы – профилдик эмес, ЖӨБ органдарына өз функцияларын аткаруу үчүн жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн зарыл болбогон объекттер. Менчиктин бул түрү эки жол менен пайда болду. Биринчиден, XX кылымдын 90-жылдары ЖӨБ органдары түзүлө баштаган учурда мамлекеттен алган объекттер, мисалы, дүкөндөр жана кинотеатрлар. Мындай объекттер аз калды, алардын көбүн ЖӨБ органдары менчиктештирип алышкан. Экинчиден, жаңы объекттерди сатып алуу же куруу жолу менен түшкөн объекттер. Мисалы, чайканалар жана тойканалар, коммерциялык ишканалар, мечиттер ж.б. Объекттердин бул тобу олуттуу көйгөй жаратууда. Себеби алар колдонуудагы мыйзамдарды бузуу менен муниципалдык менчикте турушат, ЖӨБдүн функцияларына байланыштуу эмес, киреше алып келбейт, ошол эле маалда ЖӨБ органдарынын ансыз да чектелүү болгон бюджеттик ресурстарына жүк болууда. Айталы, Баткен облусунда дээрлик ар бир АА бир же бир нече мечитке ээлик кылат жана аларды карап, каржылоого жоопкерчилик алган. Ал эми көпчүлүк ААнын менчигинде чайкана же бир нече ушул өңдүү жайлар турат.

Үчүнчү категория – мамлекеттик органдар пайдаланган, бирок муниципалдык менчикте турган объекттер. Бул да ЖӨБ органдары үчүн профилдик эмес объекттер, аларды күтүүгө акча жумшоо ЖӨБ органдарынын милдетине кирбеши керек. Мисалы, шаарлардын биринин мэриясы

[1] ЖӨБЭММА ЖӨБ органдарынан алган муниципалдык менчиктеги объекттерди инвентаризациялоонун жыйынтыктары.
[2] Бул маалымат динамикалык мүнөзгө ээ болгонун эсепке алыш керек. Себеби муниципалдык менчиктеги объекттерди сатууга же сатып алууга уруксат берилген, ошондуктан алардын саны дайыма өзгөрүп турат.

саламаттык сактоо багытындагы 15 объектке ээлик кылат, менчик ээси катары алардын чыгашаларын көтөрүүгө жооптуу.

Ошентип, муниципалдык менчиктин курамына жасалган анализ көрсөткөндөй, ЖӨБ органдарынын профилдик эмес объекттерин күтүүгө кеткен негизсиз чыгашаларын кыскартуу максатында аларды оптималдаштыруу зарыл. Бул үчүн мыйзамдарга зарыл болгон өзгөртүүлөрдү жана тактоолорду киргизүү талап кылынат.

Муниципалдык жерлерди башкаруу сапатына анализ жүргүзүү үчүн буга байланыштуу так маалыматтар ачык булактарда табылган жок. Расмий маалыматтар муниципалдык жерлердин жалпы аянты тууралуу маалыматтарды гана беришет. Бирок бул маалыматтар башкаруудагы жетишкендиктер жана көйгөйлөр тууралуу так тыянак чыгаруу үчүн жетишсиз. Бирок төмөнкү фактылар так белгилүү.

Көпчүлүк ЖӨБ органдары муниципалдык жерлерге инвентаризация жүргүзгөн эмес. Бул болсо айрым бир кыйынчылыктарды жаратты. Биринчиден, бул ЖӨБ органдары калктуу конуштарды өнүктүрүү үчүн кандай ресурстарга ээ болгонун билишпейт; тийиштүү маалыматтарга ээ болбогондуктан аймактын өнүгүүсүнүн мейкиндиктик пландоосун жүргүзө алышпайт. Экинчиден, бул көрүнүш жарандарды жерлерди мыйзамсыз басып алууга жана жер участокторун өзүм билемдик менен кеңейтүүгө түртүп жатат (мисалы, айрымдар дарбазасын жер участогунун тышына орнотуп, муниципалдык көчөнү ээлеп алышууда). Бул маселе айрым шаардык ЖӨБдүн жетекчилерин тынчсыздандырып келатканын белгилей кетүү зарыл. Аны менен катар, айрым шаарлардын мэриялары жашоочулар кымтып алынган жерлерди аныктоо максатында муниципалитеттердин көчөлөрүнүн үстүнөн дрон учуруп, ошол жерлерди сүрөткө тартып алуу үчүн каттоо органдары менен иш алып барышууда. Бирок муниципалдык жерлерди башкарууга карата ишенимдүү жана толук маалыматтардын жоктугу – бул ЖӨБдүн гана маселеси эмес. Өнүгүү үчүн финансы каражаттары тартыш болуп турган шарттарда көпчүлүк ЖӨБ органдарында, өзгөчө элеттик ЖӨБ органдарында муниципалдык жерлерге инвентаризация жүргүзүү үчүн каражат жетишсиз. Мындан тышкары азыркы шарттарда инвентаризация сөзсүз эле жерине барууну талап кылбайт. Азыр заманбап технологияларды, анын ичинде дронду, космостон тартылган сүрөттү ж.б. колдонсо болот. Мындай кырдаалда бул маселени комплекстүү чечүү үчүн мамлекет менен ЖӨБ органдарынын өз ара аракеттенүүсү өтө зарыл болуп турат.

**Муниципалдык кыймылсыз мүлктүн рыногу**

Муниципалдык кыймылсыз мүлк объекттери менен түзүлгөн бүтүмдөр тууралуу маалыматтар ачык жарыялanууга тийиш. Бул талап төмөнкү мыйзамдарда көрсөтүлгөн: 1999-жылдын 2-июнундагы №45 КР Жер кодексинин 29-беренесинде; 2002-жылдын 15-мартындагы №37 "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" КР Мыйзамынын 15-беренесинде; 2006-жылдын 28-декабрындагы №213 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында турган маалыматтарга жетүү жөнүндө" КР Мыйзамынын 20-беренесинде жана "Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө" типтүү жободо көрсөтүлгөн (КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы №571 токтому менен бекитилген).

Муниципалдык кыймылсыз мүлктү сатууга карата коомчулуктун кызыгуусу дайыма эле күчтүү болуп келген. Ушул чөйрөдөгү коррупциялык көрүнүштөр да ушундай кызыгууну күчөтүүдө. Атүгүл жалпыга маалымдоо каражаттарындагы жаңылыктарга бир эле көз чаптырсак ЖӨБ органдары тарабынан жасалган коррупциялык мыйзам бузуулардын басымдуу бөлүгү жерлерди жана кыймылсыз мүлк объекттерин башкарууга байланыштуу болуп чыга келет.

Ошондуктан ЖӨБ органдарынын жерлерге жана кыймылсыз мүлк объекттерине байланыштуу түзгөн бүтүмдөрү тууралуу маалыматтар жалпысынан коомчулук үчүн да, конкреттүү муниципалитеттердин жашоочулары үчүн да, биргелешкен мониторинг жана баалоо топтору, ошондой эле жалпыга маалымдоо каражаттары үчүн да өтө кызык. Дагы бир аудитория бар – бул тигил же бул муниципалитетте кыймылсыз мүлк алууга кызыкдар болгон жана кыймылсыз мүлк рыногундагы баага көз салып турган бизнес жамааты.

Муниципалдык кыймылсыз мүлктүн сатылышына мониторинг жүргүзүү процесси заманбап маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын жардамы менен бир кыйла жеңилдеп калды. Бул технологиялар бүтүмдөр тууралуу маалыматтарды сактаган интернет-булагын түзүүгө жардам берди. Мындай маалыматтар КР Өкмөтүнө караштуу Жер ресурстарын башкаруу боюнча мамлекеттик агенттиктин Кадастр жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо департаментинин (мындан ары – КР ККМУКД) сайтындагы "Муниципалдык объекттердин рыногу" бөлүмүнөн тапса болот. Дареги: http://klis.gosreg.kg/Mu№icipalProperty.aspx[1].

Муниципалдык кыймылсыз мүлккө байланышкан бүтүмдөрдүн саны жылдан жылга азайып жатканын белгилей кетүү зарыл. Негизги себеби, тилекке каршы, сатууга же ижарага берүүгө жарамдуу болгон объекттердин саны барган сайын азаюуда. Эксперттер муниципалдык менчикти натыйжасыз башкаруунун кесепети оор болорун КР Өкмөтүнө жана ЖӨБ органдарына эскертишкен. 21-диаграммада сатып алуу-сатуу бүтүмдөрү дээрлик токтоп калганын, 2017-2018-жылдары бирин-серин гана учурлар катталганын көрүүгө болот. "ЖӨБ органдары муниципалдык мүлктү сатуу маселесине өтө этият мамиле жасап калды, мүлктү ижарага берип, муну менен мүлктү келечек муун үчүн сактап калууга аракет жасап жатышат" деп божомолдосо болот. Дал ушундай кырдаал 2017-жылы байкалган. Бул жылы муниципалдык менчикти сатууга байланышкан бүтүмдөр кыскарган чакта, аларды ижарага берүүгө байланышкан бүтүмдөрдүн саны кескин өскөн. Бирок өзгөрүүлөрдүн темпи бирдей эмес. Айталы, 2017-жылы ижарага жана пайдаланууга берүү тууралуу бүтүмдөрдүн саны 33 пайызга көбөйсө, ал эми сатуу-сатып алуу бүтүмдөрү 96 пайызга кыскарган. Бул маалыматтар бир нерседен кабар берет – сатаарга эч нерсе деле калбай калды.




*21-диаграмма. Муниципалдык кыймылсыз мүлккө жана жерге байланышкан бүтүмдөрдүн динамикасы (бүтүмдөрдүн түрлөрү боюнча), сан менен*

Мындай бүтүмдөрдүн эффективдүүлүгү да олуттуу тынчсызданууну жаратып жатат. ККМУКД-нын сайтында коммерциялык кыймылсыз мүлккө баалардын индекси туруктуу негизде жарыяланып турат. Бул болсо бааларды ЖӨБ органдары сатып жаткан кыймылсыз мүлктүн баасы менен салыштырууга жол берет. Анализ көрсөткөндөй, муниципалдык менчиктин баасы рыноктун баасынан бир кыйла төмөн болууда.

[1] 2016-жылы ӨСИ "Мамлекеттик (муниципалдык) сатып алууларга жана сатууларга коомдук мониторинг: Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик сатып алуулар боюнча расмий порталы-https://zakupki.gov.kg/popp сайтындагы жана http://klis.gosreg.kg/Mu№icipalProperty.aspx сайтындагы "Муниципалдык кыймылсыз мүлк рыногу" бөлүмүндөгү маалыматты пайдалануу үчүн колдонмону" чыгарган.

*7-таблица. Муниципалдык объекттерди пайдасыз сатуунун натыйжасында финансылык жоготуулар, сом менен*

| **Көрсөткүчтөр** | **2017-ж.** | **2018-ж.** | **2019-ж.** |
|---|---|---|---|
| Муниципалдык объекттин 1 $м^2$ үчүн баасы | 257 | 39 | 514 |
| Объекттин 1 $м^2$ үчүн рыноктогу баасы | 2518 | 9482 | 13168 |
| Аянты | 1476 | 724 | 857 |
| 1 $м^2$ үчүн баадагы айырма | 2261 | 9443 | 12653 |
| Жоготуулардын суммасы | 3337495 | 6836589 | 10843673 |
| Жоготуулардын жалпы суммасы | | | 21017759 |

7-таблицада келтирилген маалыматтар 2017–2019-жылдар аралыгында жоготуулардын жалпы суммасы 21 млн. сомду түзгөнүн тастыктоодо. Болгондо да, бул – жер сатууну эсепке албай, сатылган кыймылсыз мүлк объекттерин алганда эле ушундай болду. Жер сатуудан жана натыйжасыз ижарага берүүдөн жоготууларды ушул тапта эсептеп чыгуу мүмкүн эмес. Себеби региондордун алкагында ижаранын рыноктун баасы тууралуу расмий маалыматтар жок. Бирок ретроспективдүү анализ бир тыянакты жасоого жол берет: соңку беш жылда натыйжасыз бүтүмдөрдөн жергиликтүү бюджеттин жоготууларынын жалпы суммасы 1 млрд. сомдон ашты.

Бул жоготуулар муниципалдык менчикти башкаруу процессин натыйжасыз уюштуруунун кесепети болуп саналат.

Башкаруу органы (мамлекеттик жана муниципалдык) коомдук (мамлекеттик же муниципалдык) финансыны тескеп жатса, мыйзамдар, мамлекет жана коом андан мүмкүн болушунча ачык-айкындуулукту, жол-жоболорду бекем сактоону талап кылат. Мындай талап ресурстардын эффективдүү сарпталып, коррупциялык көрүнүштөргө жол бербеши үчүн жасалат. Өзгөчө катаал талаптар мамлекеттик сатып алуулар процессине коюлат. Бирок башка коомдук (мамлекеттик жана муниципалдык) ресурстарды – жерди жана кыймылсыз мүлктү тескөө процессине карата жол-жоболор бар болгону менен, аларга көзөмөл анчалык катуу эмес. Муну бүтүмдөр тууралуу маалыматтар да, прокуратура органдарынын текшерүүлөрүнүн жыйынтыктары да тастыктап турат. Прокуратура органдары жыл сайын мүлктү, өзгөчө муниципалдык мүлктү тескөө чөйрөсүндөгү мыйзам бузууларды каттап келет. Айталы, 2018-жылдагы текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча, прокуратура органдарынын ишинин жүрүшүндө 156 жер участогу мамлекеттик жана муниципалдык менчикке кайтарылган. Бул жерлердин жалпы аянты 629,14 гектар болуп, келтирилген зыяндын ордун толуктоонун жалпы суммасы 3 млрд. сомдон ашкан[1].

Негизи мамлекеттик жана муниципалдык сатуулар ушундай эле табиятка жана логикага туура келген башка бир мыйзамдар – мамлекеттик жана муниципалдык сатып алуулар жөнүндө мыйзамдар менен жөнгө салынышы керек эле. Себеби эки учурда тең сөз коомдук ресурстарды тескөө тууралуу болуп жатат.

Ушул логикадан улам мамлекет мамлекеттик жана муниципалдык сатуулардын процессин мамлекеттик жана муниципалдык сатып алуулар процессинин деңгээлинде көзөмөлдөшү керек. Башкача айтканда, электрондук портал түзүлүп, анда пландалып жаткан жана ишке ашкан бүтүмдөр тууралуу бардык маалымат ачык жарыяланышы керек. Бул болсо тооруктардын жүрүшүндө атаандаштыктын деңгээлин күчөтмөк. Ушул тапта ишке ашкан бүтүмдөр тууралуу гана маалымат жарыяланат. Бул болсо ыктымал сатып алуучуларга пландалып жаткан тоорук тууралуу маалыматты өз убагында алууга жол бербей келет, атаандаштыктын деңгээлин азайтат, мунун айынан сатылган баасы да түшүп, бул болсо коррупция үчүн шарттарды түзүүдө.

Алдыга коюлган максатка жетүүнүн жолдору ар түрдүү болушу мүмкүн – мамлекеттик жана муниципалдык сатуулар тууралуу мыйзамды кабыл алуудан баштап, колдонуудагы ченемдик базага, анын ичинде 1999-жылдын 2-июнундагы №45 КР Жер кодексине, 2002-жылдын 15-мартындагы №37 "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" КР Мыйзамына бир катар түзөтүүлөрдү киргизүүгө чейин иштерди жасаса болот.

[1] Кыргыз Республикасынын Башкы прокурорунун 2017-жылы Кыргыз Республикасындагы мыйзамдуулуктун абалы жана аны күчөтүү боюнча прокуратура органдары жасаган иштер тууралуу отчёту. URL: https://www.prokuror.kg/news/3424-otchet-generalnogo-prokurora-kyrgyzskoj-respubliki-o-sostoyanii-zakonnosti-v-kyrgyzskoj-respublike-v-2017-godu-i-o-prodelannoj-organami-prokuratury-rabote-po-ejo-ukrepleniyu-2.html

# 1.5. ЖӨБ ОРГАНДАРЫНЫН МЫЙЗАМДАРДЫ САКТАШЫ

## 1.5.1. ЖӨБ органдарынын мыйзамдарды сактаганы тууралуу маалыматка жеткиликтүүлүк

ЖӨБ органдары жасаган мыйзам бузуулар тууралуу маалыматтарды КР Башкы прокуратурасы чогултат. Бул маалыматтарды берүүнүн форматы дайыма өзгөрүп келет жана кандайдыр бир объективдүү анализ жасоого мүмкүн эмес. Мисалы, буга чейин башкы прокурорлор КР ЖКга отчёт тапшырган учурда башкаруу органдарын категориялар боюнча топтоштуруп, коррупциялык мыйзам бузуулардын санын берип келген. КР Башкы прокурорунун 2018-жылы үчүн отчётунда мындай маалыматтар жок, болгону жүргүзүлгөн текшерүүлөрдүн саны, аныкталган мыйзам бузуулардын мүнөзү жана орду толукталган сумма тууралуу гана маалыматтар бар. Бирок КР Башкы прокурорунун отчётуна таянуу менен ЖӨБ органдары мыйзамдарды канчалык сактап жатканын айтуу мүмкүн эмес. Ошону менен бирге ЖӨБ органдары отчётто мыйзам бузуулардын тематикалык структурасын гана эмес, ошону менен бирге башкаруу органдарынын категориялары боюнча да бузуулардын санын да чагылдырыш керектигин айтышат. Мындан тышкары КР Башкы прокурорунун Жогорку Кеңешке берген отчёту стандартка салынышы керек, бул отчётто берилип жаткан маалыматтын форматтарына карата талаптар орнотулууга тийиш. Мына ошондо Жогорку Кеңеште, башкаруу системасында жана коомчулукта кырдаалга анализ жасоо үчүн мүмкүнчүлүк пайда болмок.

ЖӨБ органдарынын ишине жүргүзгөн текшерүүлөрдүн жыйынтыктары тууралуу маалыматтын КР Башкы прокуратурасынын https://www.prokuror.kg сайтында жарыяланып турушун бул органдын жетишкендиги катары эсептесе болот. Мындай маалымат 2018-жылдан бери аталган сайтка жарыяланып келатат. Бирок маалыматтар туруктуу жарыяланбайт жана машина окуучу форматта чыкпайт. Бул болсо маалыматтарга анализ жүргүзүүгө жол бербей жатат. ЖӨБ органдары арасында мыйзам бузууларды алдын алууну күчөтүү үчүн мындай маалыматтарды системалуу түрдө машина окуй алчу форматта жайгаштыруу зарыл деп эсептейт ЖӨБ Союзу.

## 1.5.2. ЖӨБ органдарын текшерүүлөр

КР Башкы прокуратурасынын 2018-жылдагы маалыматына ылайык, коррупцияга каршы күрөштүн алкагында жүргүзүлгөн 2030 текшерүүнүн ичинен 746 (37,7%) текшерүү ЖӨБ органдарында жана жергиликтүү мамлекеттик администрацияларда жүргөн. Белгилей кетүүчү бир жагдай бар: бир нече жолку кайрылууларга карабастан, КР Башкы прокуратурасы өз отчётунда ЖӨБ органдарын жана жергиликтүү мамлекеттик администрацияларды бир категорияга бириктирип келүүдө.

Ошону менен бирге ЖӨБ органдарынын кызмат адамдарынын мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүгө жана коррупцияга каршы туруу жөнүндө мыйзамдардын талаптарын аткарбаганына байланышкан иш-аракеттери аныкталган мыйзам бузуулардын басымдуу бөлүгүн түзөт. Текшерүү үчүн документтер туура эмес түзүлгөнүнө же буга чейин ушундай эле текшерүү жүргүзүлгөнүнө байланыштуу ЖӨБ органдарына карата 87 (30%) текшерүүнүн каттоодон баш тартылган.

Муниципалдык менчик тууралуу мыйзамдардын аткарылышына көзөмөл жүргүзүү боюнча прокуратура органдары 249 текшерүү жүргүзгөн, 11 дисциплинардык жана административдик өндүрүш, ошондой эле 16 кылмыш иши козголгон. Прокурордук реакция жасоо актылары боюнча 100 адам дисциплинардык жоопкерчиликке, төрт адам административдик жоопкерчиликке тартылган. Мамлекеттин пайдасына 3 613 103 387 сом кайтарылган.

2016-жылдын 31-мартындагы №32 "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" КР Мыйзамынын аткарылышын текшерген КР ЖК Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укуктук маселелер жана Регламент боюнча комитетинин баштапкы маалыматтарына ылайык, мыйзамды мамлекеттик органдар да, ЖӨБ органдары да бузаары аныкталган. Текшерүү жүргүзүүгө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан[1]:

- текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн жылдык пландары текшерилчү ЖӨБ органдарынын жайгашкан жери тууралуу маалыматты көрсөтүү боюнча мыйзамдарда белгиленген талаптарды камтыбайт; сакталып жана аткарылып жаткан текшериле турган ЧУА тизмеси

[1] Маалыматты жумушчу топ берди.

көрсөтүлбөйт (мисалы, планда текшерүүнүн мындай продемети көрсөтүлөт: "антикоррупциялык, бюджеттик, эмгек мыйзамдары, жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө, жашы жете электер жөнүндө, улут аралык чатак жана экстремизм жөнүндө"); текшерүү предметинин мына ушинтип негизсиз кеңейтилиши текшерүүчүнүн өзүм билемдигине жол ачып, ЖӨБ органдарынын укуктарын бузууда;

- КР Саламаттык сактоо министрлигинин Ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл департаментинин (Санэпидкөзөмөл) аймактык бөлүмдөрүнүн кызматкерлери ЖӨБ органдарынын аймагында жайгашкан жана жергиликтүү бюджеттерден каржыланган социалдык объекттерге пландуу текшерүү жүргүзгөн фактылар аныкталган. Бул орган КР ЖКнын 2017-жылдын 25-майындагы №1618-VI токтому менен бекитилген пландуу текшерүүлөрдү жүргүзүчү органдардын тизмесине кирген эмес;
- ЖӨБ органдары мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат чөйрөлөрүндөгү мыйзамдарды кандай сактаганына КР МКК кызматкерлери пландуу мониторинг жүргүзгөн факт аныкталган. Бирок бул орган да КР ЖКнын 2017-жылдын 25-майындагы №1618-VI токтому менен бекитилген пландуу текшерүүлөрдү жүргүзүчү органдардын тизмесине кирген эмес;
- пландуу текшерүү жүргүзүү тууралуу ЖӨБ органдарына жазуу жүзүндө кабарландыруунун мөөнөттөрү бузулган факт аныкталган, мыйзам боюнча текшерүү жүргүзүлчү күнгө чейин 10 календардык күн мурда кабарландыруу берилиши керек;
- текшерүүлөрдү каттоого алуу китебин шаардык мэриялардын жана АӨнүн жооптуу кызматкерлери толтурган учурлар аныкталган. Мыйзам боюнча, ЖӨБ органынын иши текшерилгени тууралуу жазууну каттоо китебине ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызмат адамы текшерүү башталганга чейин киргизиши керек.
- Ошондой эле ЖӨБ органдары тарабынан төмөнкүдөй мыйзам бузуулар аныкталган:
- ЖӨБ органдары текшерүү бүткөндөн кийин бир айдын ичинде жүргүзүлгөн текшерүүлөрдүн жыйынтыгы тууралуу маалыматты, анын ичинде аныкталган мыйзам бузуулар тууралуу маалыматты өздөрүнүн расмий сайттарында жана/же маалымат такталарында жайгаштырышкан эмес;
- ЖӨБдүн аткаруу органдары текшерүү бүткөндөн кийин бир айдын ичинде текшерүүнүн жыйынтыктары, анын ичинде аныкталган мыйзам бузуулар тууралуу жергиликтүү кеңешке маалымат берген эмес, ошондой эле текшерүү бүткөндөн кийин алты айдын ичинде бул мыйзам бузууларды четтетүү боюнча көрүлгөн чаралар тууралуу маалымат беришкен эмес;
- көпчүлүк учурларда ЖӨБ органдарынын жетекчилери жана кызматкерлери текшерүүчү кызмат адамынан кызматтык күбөлүктү көрсөтүүнү талап кылуу, текшерүү жүргүзүү тууралуу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын чечими менен таанышып чыгуу, арыз (эгерде текшерүү арыздын негизинде жүрүп жатса) жана текшерүү жүргүзүү үчүн негиз болгон башка документтер; ЧУА менен таанышып чыгууга болгон укугун колдонушпайт; жүргүзүлүп жаткан текшерүү тууралуу текшерүүлөрдү каттоо китебине жазууну текшерүүчү кызмат адамынан талап кылышпайт.

ЖӨБдүн аткаруу органдарынын жетекчилери жана кызматкерлери менен оозеки баарлашуу маалында прокуратура органдарынын, КР Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитеттин, КР Финансы полициясынын айрым кызматкерлери ЖӨБ органдарынын жетекчилерин жана кызматкерлерин жарандардын даттануусунун негизинде түшүндүрмө берүү үчүн чакырышат.

ЖӨБдүн аткаруу органдарынын көпчүлүк жетекчилери жана кызматкерлери кылмыш ишин козгобосун деп, аталган укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин оозеки талаптарын аткарууга мажбур болгонун айтышты.

Ошентсе да, ЖӨБ органдарын текшерүү чөйрөсүндөгү орчундуу көйгөйлөрдүн бири – жалган даттануу жана арыз үчүн жарандарда эч кандай жоопкерчиликтин болбогону. Башкача айтканда, каалаган нерсеге даттанып, текшерүүлөр менен ЖӨБ органынын ишин токтотуп койсо болот экен, бирок даттануу тастыкталбаса, бул үчүн даттанган адам жоопко тартылбай калат экен.

# II БӨЛҮМ
# 2016–2019-ЖЫЛДАРЫ КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАРДЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ ЖАМААТТАРГА ЖАНА ЖӨБ ОРГАНДАРЫНА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

## 2.1. ЖЕРГИЛИКТҮҮ ЖАМААТТАРДЫН ЖАНА ЖӨБ ОРГАНДАРЫНЫН ӨНҮГҮҮСҮНӨ ӨЗГӨЧӨ КӨП ТААСИР ТИЙГИЗГЕН МЫЙЗАМДАР

Бул Баяндаманын негизги милдети – КР Жогорку Кеңешине ЖӨБ органдары кабыл алынган мыйзамдарды кандайча баалап жатканы тууралуу маалымат берүү. Бул үчүн ЖӨБ Союзу ӨСИ менен биргеликте 2016-жылдан 2018-жылга чейинки мезгил аралыгында КР ЖК кабыл алган мыйзамдардын тизмесин түзүп чыгууну эксперттерге сунуш кылышты. Тизмеге КР ЖКнын төрт комитети киргизген 50 мыйзам кошулду. Ал комитеттер:

- КР Жогорку Кеңешинин Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укуктук маселелер жана Регламент боюнча комитети;
- КР ЖК Бюджет жана финансы боюнча комитети;
- КР ЖК Агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана регионалдык өнүктүрүү боюнча комитети;
- КР ЖК Социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана саламаттык сактоо боюнча комитети.

Автордук топ тизменин ичинен ЖӨБ органдарынын жана жергиликтүү жамааттардын абалына жана өнүгүүсүнө олуттуу таасирин тийгизиши мүмкүн 18 мыйзамды тандап алды (1-тиркемени караңыз). Андан соң ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү менен фокус-топторду жүргүзүү жолу менен ЖӨБ органдарынын пикирлери талданды. Фокус-топтун катышуучуларын тандап алууда негизги критерий – ЖӨБдүн өнүгүүсүнө кайдыгер эмес мамиле жана тигил же бул мыйзам менен практикалык иш тажрыйбасынын болушу. Бишкек жана Оштогу фокус-топторго баары болуп 55 адам катышты. Анын ичинде тогузу шаарлардын өкүлдөрү, 39у ААнын өкүлдөрү болушту. Фокус-топтун форматы катышуучуларга кабыл алынган мыйзамдарды терең талдап чыгууга жана өзүнүн мисалынын негизинде кабыл алынган мыйзамдардын таасирин баалоого жардам берди. ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү ушундай аналитикалык ишти жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн кош колдоп кубаттоо менен кабыл алышты.

ПИКИР

Мыйзамдардын ЖӨБдүн өнүгүүсүнө тийгизген таасири тууралуу КР ЖК үчүн Баяндама даярдоо демилгеси колдоого алаарлык. Албетте бул бизге, ЖӨБ органдарына керек. Бирок КР ЖКга да зарыл документ. Мыйзамдардагы каталарды жана кемчиликтерди оңдоо үчүн бизде түз байланыш үчүн канал болушу керек. Ал эми КР ЖК депутаттарына жеринде мыйзамдар кантип аткарылып жатканына көзөмөл жүргүзүп, зарылчылык болсо аларды өркүндөтүү үчүн ушундай байланыш керек. Бул Баяндама бардык ЖӨБ органдарынын атынан жасалып жатканы өтө маанилүү. Мыйзамга кандайдыр бир өзгөртүүлөрдү киргизүүнү сунуш кылганда же анын аткарылбай жатканына өз-өзүнчө даттансак, бул кимдир бирөөнүн сунушу же даттануусу катары кабыл алынат. Ал эми ЖӨБ Союзу бардык ЖӨБ органдарынын атынан чыкса, анда бул – системалуу баалоо болуп саналат. Бул баалоо биздин үнүбүздү жогору жакка жеткирүү мүмкүнчүлүгүн берүүдө.

*Фокус-топтун катышуучусу, АӨ башчысы*

ЖӨБ органдары КР ЖКнын ишин жалпы жонунан оң баалашууда. Айталы, ЖӨБ органдарынын басымдуу бөлүгү изилдөөгө алынган 18 мыйзамдын ичинен 14 мыйзамга оң баасын беришкен. Бул болсо Баяндаманы даярдоонун жүрүшүндө каралган мыйзамдардын жалпы санынан 78 пайызды түзөт.




*22-диаграмма. Жергиликтүү жамааттардын жана ЖӨБ органдарынын өнүгүүсүнө тийгизген таасирин баалоодо фокус-топтун көпчүлүк катышуучуларынын оң баасын алган мыйзамдардын рейтинги, % менен*[1]

Фокус-топтук изилдөөнүн жыйынтыктары ЖӨБ органдарынын көбү оң баасын берген беш мыйзамды бөлүп алууга жардам берди (8-таблицаны караңыз).

*8-таблица. ЖӨБ органдарынын көбү оң таасирин тийгизди деп баалаган мыйзамдар*

| № | Мыйзамдын аталышы | Мыйзамды киргизген комитет | Мыйзамдын таасирин оң деп баалаган ЖӨБ органдардын үлүшү* |
|---|---|---|---|
| 1 | 2018-жылдын 27-январындагы №16 «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" КР Мыйзамы | КР ЖК Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укуктук маселелер жана Регламент боюнча комитети | 92 |
| 2 | 2016-жылдын 31-мартындагы №32 "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" КР Мыйзамы | КР ЖК Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укуктук маселелер жана Регламент боюнча комитети | 80 |
| 3 | 2017-жылдын 20-июлундагы №162 "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына ("Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө", "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында болгон маалыматка жеткиликтүүлүк жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" КР Мыйзамы | КР ЖК Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укуктук маселелер жана Регламент боюнча комитети | 79 |

[1] Диаграммадагы мыйзамдардын аталышы жакшы визуализация максатында жөнөкөйлөштүрүлүп берилди. Алардын жанында номурлар жазылды, ошол номерлер менен мыйзамдардын толук аталышын жана алардын реквизиттерин 1-тиркемеден таба аласыз.


КОЧКОРБАЕВ АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН БЮДЖЕТИ - 10 116 000 сом
2018-жылга
КИРЕШЕЛЕР:
ЧЫГАШАЛАР:
Мүлккө салык
1 282 200 сом
ДҮКӨН
Сатуудан алынуучу салык
410 000 сом
Башка кирешелер
2 947 400 сом
1 118 000 сом
Таштандыларды чыгаруу үчүн жыйым
12 000 сом
Айыл өкмөтү
Билим берүү
2 566 300 сом
Экономикалык маселелер
7 800 сом
Башка чыгашалар
1 856 100 сом
Маданият жана спорт
380 300 сом
Айыл чарба эмес жерлерден алынган салык
430 000 сом
Короо жай жерлеринен алынуучу салык
144 800 сом
Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун ижарасы
1 236 600 сом

| | | | |
|---|---|---|---|
| 4 | 2018-жылдын 2-августундагы №79 «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына («Сугат айдоо жерлерин жарактуу жерлердин башка категорияларына жана түрлөрүнө которууга (трансформациялоого) мораторий киргизүү жөнүндө», «Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына) өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» КР Мыйзамы | КР ЖК Агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана регионалдык өнүктүрүү боюнча комитети | 71 |
| 5 | 2018-жылдын 10-августундагы №190 Кыргыз Республикасынын Салыктык эмес кирешелери тууралуу кодекси | КР ЖК Бюджет жана финансы боюнча комитети | 71 |

Негизинен социалдык чөйрөдөгү маселелерге тиешелүү болгон төрт мыйзам гана ЖӨБ органдарынын көпчүлүгүнүн оң баасын алган жок (9-таблицаны караңыз).

*9-таблица. ЖӨБ органдарынын көпчүлүгү таасирин терс деп баалаган мыйзамдар*

| № | Мыйзамдын аталышы | Мыйзамды киргизген комитет | Мыйзамдын таасирин терс деп баалаган ЖӨБ органдардын үлүшү* |
|---|---|---|---|
| 1 | 2017-жылдын 27-апрелиндеги №64 "Үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо маселелери боюнча айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" КР Мыйзамы | КР ЖК Социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана саламаттык сактоо боюнча комитети | 67 |
| 2 | 2016-жылдын 12-декабрындагы №196 "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына («Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө», «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына) өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" КР Мыйзамы | ЖК КР Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укуктук маселелери жана Регламент боюнча комитети | 61 |
| 3 | 2017-жылдын 28-июлундагы №163 "Кыргыз Республикасында мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө" КР Мыйзамы (2017-жылдын 28-декабрындагы №222 (27), 2018-жылдын 30-мартындагы №33, 2019-жылдын 24-январындагы №18 КР мыйзамдарынын редакциясында) | КР ЖК Социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана саламаттык сактоо боюнча комитети | 58 |
| 4 | 2017-жылдын 27-апрелиндеги №63 "Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө" КР Мыйзамы | КР ЖК Социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана саламаттык сактоо боюнча комитети | 56 |

Талкуунун жүршүндө фокус-топтун катышуучулары бир катар мыйзамдар ЖӨБ органдарынын ишине оң да, терс да таасирин тийгизгенин белгилешти. Ошондуктан айрым катышуучулар бир эле мыйзамга терс да, оң да баасын беришкен.

## 2.1.1. КР ЖК Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укуктук маселелер жана Регламент боюнча комитети киргизген мыйзамдардын таасири

### 1. 2016-жылдын 21-январындагы №8 «“Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» КР Мыйзамы

*Мыйзамдын тийгизген таасирин баалоо*

| ЖӨБ органдары үчүн маанилүү өзгөрүүлөр | ЖӨБ органдарынын тийгизген таасирге берген баасы, % менен |
|---|---|
| • Добуш берүү күнү активдүү шайлоо укугуна ээ болгон, жергиликтүү жамааттын мүчөсү болуп саналган жана 2016-жылдын 21-январындагы №8 “Кыргыз Республикасынын жарандарынын биометрикалык каттоосу жөнүндө” КР Мыйзамы менен белгиленген тартипте биометрикалык каттоодон өткөн Кыргыз Республикасынын бардык жарандары шайлоочулардын тизмесине кошулат.<br>• Шайлоочулардын тизмеси Калктын Бирдиктүү мамлекеттик реестринде камтылган жеке жана биометрикалык маалыматтардын негизинде, шайлоо участокторунун чек араларын эсепке алуу менен түзүлөт. |  |

*ЖӨБ органдарынын пикирлери*

| Мыйзамдын күчтүү жактары | Мыйзамды ишке ашыруу процессинде аныкталган көйгөйлөр |
|---|---|
| • Биометрикалык маалыматтарды колдонуу шайлоону дагы да таза өткөрүүгө шарт түздү.<br>• Жарандардын шайлоого болгон ишеними жогорулады, алар добуш берүүгө мурдагыдан да жигердүү катышып калышты.<br>• Шайлоонун жыйынтыгына административдик таасир этүү практикасы азайды.<br>• Бюллетендерди пачкалап таштаган практика азайды. | • Биометрикалык маалыматтарын тапшырбаган жарандар добуш бере алышпайт.<br>• Адамдардын жашаган дареги тууралуу маалыматтар өз убагында жаңыланбагандыктан, КР Мамкаттоо шайлоочулардын так эмес маалыматтары киргизилген тизмесин берет.<br>• Жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлер шайлоочуларга өзүнүн билими жана квалификациясы тууралуу толук маалыматты дайыма эле бере беришпейт.<br>• Жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлердин билим деңгээли төмөн, сапатсыз жана жөнү жок чечимдерди кабыл алышат.<br>• Депутаттыкка талапкерлер үчүн жетиштүү иш стажынын болушу тууралуу талап жок. |

*Тийгизген таасирдин сүрөттөлүшү*

Бул мыйзамдын тийгизген таасирин ЖӨБ органдары жалпы жонунан оң баалашты. Себеби жергиликтүү кеңештердин активдүүлүгү бир кыйла өстү, жергиликтүү деңгээлде жарандардын шайлоо системасынын өзүнө карата ишеними жогорулады. Ошол эле маалда шайлоочулар жана ЖӨБдүн аткаруу органдарынын кызматкерлери жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын кесипкөй даярдыгынын деңгээлине өтө наразы. Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын 40 пайыздан ашыгы орто билимге ээ, ал эми кээде бир жыл да иштебеген адамдар мандатка ээ болууда. Кыргыз Республикасында жергиликтүү кеңештердин депутаттарын окутуунун расмий системасы жок болгону бул кырдаалды татаалдаштырууда; өнүгүү боюнча өнөктөштөр өткөргөн башаламан жана системага салынбаган тренингдер айрым маселелер боюнча гана жана айрым гана депутаттарга фрагменттик таасирин тийгизүүдө.

Жергиликтүү кеңештердин ишинин сапатын жана жергиликтүү парламенттик демократиянын туруктуулугун жергиликтүү кеңештердин таркатылган саны менен өлчөсө болот. Айталы, 2016-жылдан 2019-жылга чейинки мезгил аралыгында кворумдун жоктугунан же ЖӨБдүн аткаруу органынын башчысын шайлай албай койгондуктан, 58 жергиликтүү кеңеш таратылган, бул болсо алардын жалпы санынан 12 пайызды түзөт. 12% – бул бир кыйла жогорку көрсөткүч экенин белгилей кетүү зарыл. Жергиликтүү кеңештердин таратылганы чектен чыккан көрүнүш эмес, бул талашсыз. Бирок бул бир жолу, өтө чукул бир көрүнүш болушу керек эле. Ал эми 12 пайыз системалуу көйгөй бар экенин айгинеледи. Ошондуктан ЖӨБ органдары жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлер үчүн билим жана кесиптик ченем-талаптарды белгилеп коюуну өтүнүшөт. Ошондой эле ЖӨБ органдары өз милдеттерин аткара албай жаткан депутаттарды чакыртып алуунун жөнөкөй жана эффективдүү механизмин караштыруу зарыл деп эсептешет.

Ошону менен бирге эксперттер 2014-жылдагы редакциядагы бул мыйзам ЖӨБ органдарына терс таасирин тийгизгенин да белгилешет. Себеби бардык ЖӨБ органдарына биометрикалык маалыматтарды чогултуу боюнча кошумча функция жүктөлгөн, бирок бул үчүн зарыл каржылоо каралган эмес.

**2. 2016-жылдын 31-мартындагы №32 "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" КР Мыйзамы**

*Мыйзамдын тийгизген таасирин баалоо*

| ЖӨБ органдары үчүн маанилүү өзгөрүүлөр | ЖӨБ органдарынын тийгизген таасирге берген баасы, % менен |
|---|---|
| • Мыйзам менен ЖӨБ органдарынын ишине текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби белгиленген. |   |

*ЖӨБ органдарынын пикирлери*

| Мыйзамдын күчтүү жактары | Мыйзамды ишке ашыруу процессинде аныкталган көйгөйлөр |
|---|---|
| • ЖӨБ органдарын текшерүү тартиби эми мыйзам менен аныкталып, башаламан текшерүүлөр тыйылды.<br>• Текшерүүлөрдүн саны азайды.<br>• Коомчулуктун өкүлдөрүнүн текшерүү процессине тартылышы текшерүүлөрдүн объективдүүлүгүн жана айкындуулугун арттырды. | • Арыз боюнча текшерүүлөрдүн саны көбөйдү, мыйзам бузуу аныкталбаган учурда даттангандар жоопкерчиликке тартылбаган факторду арыз жазгандар кыянат пайдаланууда.<br>• Текшерүүчү органдар текшерүүлөрдү уюштуруунун башка жолун табышты: жалган күбө аркылуу текшерүүгө арыз кабыл алышат, текшерүүнүн жүрүшүндө арыздын мазмунун өзгөртүп коюп, иштин башка чөйрөлөрүн текшере баштаташ.<br>• Бир эле маселе боюнча кайра текшерген учурлар токтогон жок.<br>• Текшерүүчү органдар ЖӨБ органдарына таасир этүүнүн башка жолун табышты: алар ЖӨБ органдарына барышпайт, бирок ЖӨБ органынын жетекчилерин жана кызматкерлерин өздөрүнө кайра-кайра чакырта беришет. |

*Тийгизген таасирдин сүрөттөлүшү*

ЖӨБ органдары бул мыйзамга абдан жогору баа беришти, себеби текшерүүлөрдүн санын чектөө жана ирээтке келтирүү зарыл болуп калган эле. Мыйзамды кабыл алгандан кийин ЖӨБ органдарынын текшерүүлөргө карата укуктары мурдагыдан түшүнүктүү жана реалдуу болуп калды. Ошол эле маалда ЖӨБ органдары текшерүүчү органдарга эч жүйөсүз же билип туруп жалган арыз жазган адамдарга карата да жоопкерчиликти күчөтүү зарыл экенине көңүл бурушат. ЖӨБ органдарында акыркы жылдары жүргүзүлгөн текшерүүлөрдүн саны тууралуу маалыматтар ачык булактарда табылган жок. “Текшерүүлөрдүн санында кыскаруу тенденциясы барбы?” деген суроого азырынча жооп табыла элек. ЖӨБ органдары мындай статистикалык маалымат ачык жарыяланып, КР Башкы прокурорунун КР Жогорку Кеңешине берген отчётуна камтылышы керек деп эсептешет.

### 3. 2016-жылдын 21-апрелиндеги №48 «“Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» КР Мыйзамы

*Мыйзамдын тийгизген таасирин баалоо*

| ЖӨБ органдары үчүн маанилүү өзгөрүүлөр | ЖӨБ органдарынын тийгизген таасирге берген баасы, % менен |
|---|---|
| • Өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын тизмеси Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарына ылайык салыктык укук мамилелери чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктар менен толукталды. |   |

*ЖӨБ органдарынын пикирлери*

| Мыйзамдын күчтүү жактары | Мыйзамды ишке ашыруу процессинде аныкталган көйгөйлөр |
|---|---|
| • Жергиликтүү бюджетке түшүүлөр көбөйдү. | • Айылдык аймактагы жашоочулардын, анын ичинде ЖӨБ органдарынын кызматкерлери ортосундагы тыгыз кошуналык жана туугандык байланыштардын айынан төлөмдөрдү чогултуу жана айып салуу иши татаалдашышы ыктымал.<br>• Кошумча функциялар муниципалдык кызматчыларга жүктү рационалдуу эмес бөлүштүрүү көрүнүшүн күчөтүүдө.<br>• Муниципалдык кызматчыларга функционалдык жүктүн көбөйүшү үчүн материалдык компенсация каралган эмес. |

*Тийгизген таасирдин сүрөттөлүшү*

ЖӨБ органдары бул мыйзамга эки ача баа берүү менен аны сак маанайда кабыл алышууда. Бул мыйзам жергиликтүү бюджеттин кирешесин толуктоого көмөкчү болушу керек деп күтүлүүдө. Ошондуктан сурамжылоого катышкан ЖӨБ органдарынын жарымынан көбү мыйзамга оң баасын беришүүдө. Бирок иш жүзүндө мыйзам муниципалдык кызматчылардын ансыз да көп ишин андан да көбөйтүүдө. ЖӨБ органдарына мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүүдөгү көйгөйлөр ушул Баяндаманын биринчи бөлүгүндө кеңири сүрөттөлдү (1.3-бөлүмдү караңыз).

Камсыздандыруу төгүмдөрүн өз убагында жана толук төлөбөгөнү үчүн кошулган туумдарды жана айыптарды чогултуунун эсебинен жергиликтүү бюджеттерге түшкөн кирешенин суммасы тууралуу маалыматтар ачык булактарда табылган жок.

**4. 2016-жылдын 12-декабрындагы №196 “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (“Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө”, “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө ” Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына) өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” КР Мыйзамы**

*Мыйзамдын тийгизген таасирин баалоо*

<table>
<tr><th>ЖӨБ органдары үчүн маанилүү өзгөрүүлөр</th><th>ЖӨБ органдарынын тийгизген таасирге берген баасы, % менен</th></tr>
<tr><td>• Мыйзам жергиликтүү маанидеги жаңы маселе менен толукталды – калкка консультациялык-укуктук жардам берүү (мындан ары – КУЖ). Мыйзамдын жаңы редакциясына ылайык, шаардык мэриялар, айыл өкмөттөрү калкка консультациялык-укуктук жардам берүү системасын иштеп чыгып, ишке ашырышат, консультациялык-укуктук жардам берүү жана калкты социалдык жактан коргоо ишинин жалпы абалы тууралуу жергиликтүү кеңешке отчёт беришет.</td><td>
</td></tr>
</table>

*ЖӨБ органдарынын пикирлери*

| Мыйзамдын күчтүү жактары | Мыйзамды ишке ашыруу процессинде аныкталган көйгөйлөр |
|---|---|
| • Элде акысыз укуктук консультацияларды алуу мүмкүнчүлүгү пайда болду. | • ЖӨБ органдарынын азыр иштеп жаткан кызматкерлери көптөгөн маселелер боюнча жарандарга консультацияларды берүүгө жөндөмсүз.<br>• ЖӨБ органдарынын штаттык бирдигинде юрист жок.<br>• Жеринде квалификациялуу юристтер тартыш.<br>• Айлык акынын төмөндүгү ЖӨБ органдарына квалификациясы жогору болгон адистерди ишке алууга мүмкүнчүлүк бербей жатат. |

*Тийгизген таасирдин сүрөттөлүшү*

ЖӨБ органдарынын басымдуу бөлүгү бул мыйзамга терс баасын беришти. 2009-жылдын 17-июлундагы №227 “Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө” КР Мыйзамына ылайык, консультациялык-укуктук жардамды ЖӨБ органдарынын кызмат адамдары берүүгө тийиш (укуктук консультация түрүндө, өз компетенциясына кирген маселелер боюнча оозеки жана жазуу түрүндө жана жарандардын кайрылууларын кароо жөнүндө мыйзамдарда белгиленген тартипте). Бул мыйзам менен КУЖ жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмегине кирип калды. Бирок жергиликтүү маанидеги бул жаңы маселени сапаттуу чечүү үчүн ЖӨБ органдары тийиштүү кадрдык жана финансылык ресурстар менен камсыз болгон жок. Процессти уюштуруу үчүн мамлекет төмөнкүдөй чараларды көрдү: КР Өкмөтү 2018-жылдын 20-декабрында №594 “Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам системасынын субъекттеринин өз ара аракеттешүү тартибин жана квалификациялуу юридикалык жардамды алууга адамдын укугун ырастаган документтердин тизмегин бекитүү жөнүндө” токтомду кабыл алды. Ушул токтомду ишке ашыруунун алкагында КР Юстиция министрлигине караштуу Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды координациялоо борбору системанын субъекттерине консультациялык-укуктук жардам берүү боюнча Практикалык колдонмону иштеп чыгуу боюнча жумушчу топту түздү. Колдонмо КУЖ процессин унификациялап, кызмат көрсөтүүгө бирдиктүү статистикалык эсеп жүргүзүшү керек болчу. Ошондой эле Борбор ЖӨБ органдары үчүн жарандарга консультация берүүнүн көндүмдөрүн жакшырткан семинарларды өткөрүп, мамлекет кепилдеген юридикалык жардам берүү системасынын субъекттерине бул жаатта берилген жардам тууралуу отчёттун формасын бекиткен. 2019-жылы Кыргыз Республикасында консультациялык-укуктук жардам берүү боюнча 24 борбор иштеп жатат. Көпчүлүк борборлор ЖӨБ органдары менен өз ара аракеттенүүнүн натыйжасында түзүлдү. Бирок бул кызмат көрсөтүүнү

колдонгон жарандардын саны административдик-аймактык бирдиктеги калктын 5 пайызын гана түзөт. Калган муниципалитеттерде бул функцияны аткаруу формалдуу мүнөзгө ээ. ЖӨБ органдары кырдаалга жараша иш алып барып, жарандардын бардык кайрылууларын консультациялык-укуктук жардам берүүнү каттоо журналдарына киргизип эле коюшат. Жалпак тил менен айтканда, жарандар маалым кат сурап же башка кызмат көрсөтүүнү алуу үчүн кайрылса, анын баарын ЖӨБ органдар КУЖ түрүндө каттап коюуда. Ошентип, бул тизмени жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмегине кошуу менен жарандардын ушундай кызмат көрсөтүүгө болгон муктаждыгы канааттандырылган жок. Болгону кошумча документ жүгүртүү ишин пайда кылды. ЖӨБ органдары КР Жогорку Кеңешине бул кызмат көрсөтүүнү жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмегинен чыгарып салууну же аны ЖӨБ органдарына кадрдык жана финансылык ресурс менен кошо өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын категориясына өткөрүүнү сунуш кылышат.

## 5. 2016-жылдын 28-декабрындагы №218 “Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” КР Мыйзамы

*Мыйзамдын тийгизген таасирин баалоо*

| ЖӨБ органдары үчүн маанилүү өзгөрүүлөр | ЖӨБ органдарынын тийгизген таасирге берген баасы, % менен |
|---|---|
| • Конституциядан жергиликтүү кеңештердин жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчыларын дайындоо жана бошотуу үчүн КР Премьер-министрине сунуш киргизүү укугун караган ченем алып салынды. |   |

*ЖӨБ органдарынын пикири*

| Мыйзамдын күчтүү жактары | Мыйзамды ишке ашыруу процессинде аныкталган көйгөйлөр |
|---|---|
| • Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын сунуштары көңүлгө алынды.<br>• Депутаттар топ-топко бөлүнбөй калышты, ЖМА башчылары менен жергиликтүү кеңештин ортосундагы өз ара мамилелер мурдагыдан ачык-айкын жана конструктивдүү болуп калды. | • ЖМА башчылары жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын пикири менен эсептешпей калышты, себеби алар эми Премьер-министр тарабынан түз дайындалып калышты.<br>• ЖМА башчылары жергиликтүү жамааттын пикири менен эсептешпей калышты. |

*Тийгизген таасирдин сүрөттөлүшү*

ЖӨБ органдарынын көбү бул өзгөрүүнүн таасирин оң баалашууда. Себеби ЖМА отчёт берчү субъект – КР Өкмөтү болуп калды. ЖМА – өкмөттүн административдик вертикалынын бир бөлүгү болгонун эсепке алуу менен, ЖӨБ органдары алардын ЖМА башчысын дайындоого катышуусу “декоративдүү” мүнөзгө ээ болгонун, таасири бар болгондой эле бир элес экенин түшүнүп турчу. Бул ченемди алып салуу менен, жергиликтүү кеңештердин жана ЖМАнын ортосундагы өз ара мамиле оңолду, ЖМА башчыларынын айланасында ага каршы чыккан же колдогон жергиликтүү кеңештердин депутаттардын тобу жоголду.

Бирок бул өзгөртүү ЖӨБдүн аткаруу органдарынын жетекчилери менен ЖМА ортосундагы өз ара мамилелерге канчалык таасирин тийгизгени белгисиз болууда. Анткени алар мурдагыдай эле АӨ башчысынын кызмат ордуна талапкерди сунуштай алышат. Иштен кеткен мэрлер жана АӨ башчылар боюнча статистика көрсөткөндөй, 2016-жылы саясий кызматтардан 26 жетекчи, 2017-жылы 17 адам, 2018-жылы 30 адам бошотулган. ЖӨБ Союзу ЖМА тарабынан басым болбогонуна ынануу үчүн ЖӨБдүн аткаруу органдарынын жетекчилери кызматтан кеткен себептерине анализ жасоо зарыл деп эсептейт.

## 6. 2017-жылдын 20-июлундагы №130 “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (“Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө”, “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында болгон маалыматка жеткиликтүүлүк жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына) өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” КР Мыйзамы

*Мыйзамдын тийгизген таасирин баалоо*

| ЖӨБ органдары үчүн маанилүү өзгөрүүлөр | ЖӨБ органдарынын тийгизген таасирге берген баасы, % менен |
|---|---|
| 2014-жылдын 17-июлундагы №139 “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө” КР Мыйзамы айрым ченемдер менен толукталды: мамлекеттик же муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр мамлекеттик же муниципалдык кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүк пункттары же болбосо электрондук формада Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы аркылуу көрсөтүлөт (буга чейин “Бирдиктүү терезе” аркылуу болчу).<br>2006-жылдын 28-декабрындагы №213 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында турган маалыматтарга жетүү жөнүндө” КР Мыйзамы төмөнкүчө өзгөртүлдү:<br>• расмий маалымат мамлекеттик органдын же ЖӨБ органынын Интернеттеги сайтында же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башка сайтта элге жарыялоо аркылуу берилери тууралуу ченем менен толукталды;<br>• Интернеттеги сайттар аркылуу тикелей жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу формалары менен толукталды;<br>• мамлекеттик органдардын жана ЖӨБ органдарынын расмий маалыматтарынын дайындар базасын бириктирген расмий маалыматтардын борбордоштурулган автоматташтырылган тутуму мамлекеттик органдардын жана ЖӨБ органдарынын Интернеттеги сайттарынын тутумуна алмаштырылды;<br>• маалыматтык тутумдардагы маалыматка жеткиликтүүлүктү уюштуруу иши өзгөрдү. | <br> |

*ЖӨБ органдарынын пикири*

| Мыйзамдын күчтүү жактары | Мыйзамды ишке ашыруу процессинде аныкталган көйгөйлөр |
|---|---|
| • Балдарды бала бакчага жана мектептерге киргизүүнүн ыңгайлуу жолу пайда болду.<br>• Маалыматтарды онлайн режиминде алууга жол ачылды.<br>• Муниципалдык жана мамлекеттик кызматтардын статусунун деңгээли эми бирдей болуп калды. Муниципалдык кызматчылар мамлекеттик органдардагы ушундай эле кызматка конкурстан өтпөй эле кире алышат.<br>• Калктын маалымдуулук деңгээли жогорулады.<br>• Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр мурдагыдан жеткиликтүү болуп калды – эми алар тууралуу маалыматты Интернеттен алса болот. | • Квалификациялуу адистер (программисттер, IT-адистер) тартыш.<br>• Көпчүлүк ЖӨБ органдарында айлык акынын аздыгынан улам расмий сайттарды тейлөө жана техникалык колдоо боюнча адистер жок.<br>• Интернет байланышы начар болгон аймактар үчүн маалымат алууда кыйынчылыктар жаралууда. |

*Тийгизген таасирдин сүрөттөлүшү*

ЖӨБ органдарынын басымдуу бөлүгү бул мыйзамдын таасирине оң баасын беришти. ЖӨБ органдарынын баамы боюнча, расмий маалыматтардын автоматташтырылган маалыматтык тутуму түзүлбөй калгандыктан сайттарга өтүү жүйөлүү жана өзүн актаган чечим болду. Мыйзамдын жакшы жактарынын бири – ЖӨБ органдары эми расмий маалыматты өзүнүн расмий сайтында гана эмес, башка да сайттарда бере алышат. Ошентип, КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 17-апрелиндеги №216 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ченемдик укуктук актыларды расмий жарыялоо булактары жөнүндө" токтому Мыйзам катары күчүнө кирди. Ага ылайык, ЖӨБ органдарына өзүнүн ЧУА документтерин расмий жарыялоо үчүн веб-сайттарга жайгаштырууга уруксат берилген. Көпчүлүк элеттик ЖӨБ органдары жергиликтүү кеңештер кабыл алган ЧУАны расмий жарыялоо маселесин чече алышты. Эми алар ченемдик укуктук актыларын ЖӨБЭММАнын сайтында жайгаштырып, муну менен ЧУАны жарыялоо жөнүндө мыйзамдын талаптарын аткара алышат. Жалпысынан ЖӨБЭММАнын сайтында Кыргыз Республикасынын жети облусунда ЖӨБ органдары кабыл алган жергиликтүү 2284 ЧУА жарыяланды. Орточо эсеп боюнча, ар бир ЖӨБ органы болжол менен 22 ЧУАны жарыялаган. ЖӨБЭММАнын сайты аркылуу эң көп ЧУАны Баткен облусу жарыялап жатат – ар бир ЖӨБ органына орточо 63 ЧУА туура келет, Талас облусунда ЖӨБ органына 39 ЧУА туура келет. Өз ченемдик укуктук актыларын ЖӨБЭММАнын сайтында жарыялаган ЖӨБ органдарынын үлүшү алардын жалпы санынан 46 пайызды түзөт. Мыйзамдын талаптарын аткаруу үчүн ЖӨБЭММАнын сайтын колдонгон ЖӨБ органдарынын эң көп үлүшү Ысык-Көл (79%) жана Баткен (71%) облустарында байкалууда.




*23-диаграмма. ЖӨБЭММАнын сайтында жарыяланган ЧУАнын саны (облустардын алкагында)*

Ошентип, өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ведомстволук сайтта жарыялоого мүмкүнчүлүк берген ЖӨБЭММАнын чечими ЖӨБ органдары үчүн пайдалуу болуп калды.

Ар бир ЖӨБ органында өзүнүн расмий сайты болсо эң жакшы болоор эле. Бирок ушул тапта көпчүлүк ЖӨБ органдарында сайтты өз алдынча түзүп, аны иштетүүгө ресурстары жок. ЖӨБ Союзунун базасында бирдиктүү платформа түзүү же муниципалдык сайттын шаблонун колдонуу жакшы чечим болмок. Мындай шаблонду ӨСИ ЖӨБ органдарына сунуш кылган эле. 2015–2019-жылдар аралыгында бул шаблон менен 30 муниципалдык сайт түзүлүп, ийгиликтүү иштеп келатат. Интернетте чыккан Кыргыз Республикасынын 55 муниципалдык сайтынын жарымынан көбү ошол шаблон боюнча түзүлгөн. Жалпы жонунан өзүнүн сайты бар ЖӨБ органдарынын үлүшү 11 пайызды гана түзөт. Бул төмөн көрсөткүч. Мындан улам шаблонду колдонуу тууралуу сунуш өзгөчө актуалдуу болуп турат.

## 7. 2017-жылдын 30-майындагы №75 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүнө" КР Мыйзамы (2017-жылдын 28-июлундагы №162 КР Мыйзамынын редакциясында)

*Мыйзамдын тийгизген таасирин баалоо*

| ЖӨБ органдары үчүн маанилүү өзгөрүүлөр | ЖӨБ органдарынын тийгизген таасирге берген баасы, % менен |
|---|---|
| • Саясий жана административдик кызмат орундарына критерийлер аныкталды – шайлануу же дайындоо принциби боюнча эмес, кызматчыда саясатты аныктоочу чечимдерди кабыл алуу же аткаруу боюнча ыйгарым укуктардын бар болгон белгилери боюнча. Бул саясий кызмат орундарынын санын кыскартып, кесипкөй кызматтын потенциалын күчөтүүгө шарт түздү.<br>• Карьералык өсүшкө, эмгек акыны төлөөгө, ротацияга, кадрлардын резервине карата мамлекеттик жана муниципалдык кызматтар үчүн бирдиктүү мамиле орнотулду. Бирок кадрдык чечимдерди кабыл алуу укугу ЖӨБ органдарында калды.<br>• ЖӨБ органдарында персоналды башкаруу, анын ичинде кадрларды окутуу, баалоо жана карьераны пландоо маселелерин башкаруу кызматтарынын ролу күчөтүлдү.<br>• Кызматчылардын окуусу, аларды баалоо, ишинин практикалык жыйынтыктары менен алардын карьералык өсүшү, материалдык жана материалдык эмес мотивациясы ортосунда өз ара байланыш белгиленди.<br>• Кызматчынын жеке салымынын, кесипкөйлүгүнүн жана жетишкен жыйынтыктарынын негизинде кызматтан көтөрүлүшүн камсыз кылган система катары "карьераны пландоо" түшүнүгү киргизилди.<br>• Кызматчынын ишин баалоо тууралуу ченем бекитилди, ал кызматтык милдеттенмелерди ЖӨБ органдарынын максаттарына жана милдеттерине шайкеш аткаруунун натыйжалуулук даражасын аныктайт.<br>• Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтан өтүүнүн бирдиктүү укуктук негиздери орнотулду. Кызматчынын эмгегинин негизинде анын ишинин жыйынтыктары, аны баалоо жана кызматтан көтөрүлүү системасынын ортосунда бирдиктүү байланыш пайда болду. | <br> |

*ЖӨБ органдарынын пикири*

| Мыйзамдын күчтүү жактары | Мыйзамды ишке ашыруу процессинде аныкталган көйгөйлөр |
|---|---|
| • Мыйзам ЖӨБ органдарынын жана муниципалдык кызматчылардын кызыкчылыктарына шайкеш келет.<br>• Муниципалдык кызматчыларда материалдык эмес мотивация күчөдү. Себеби аларда ротацияга илинип, мамлекеттик кызматка өтүү мүмкүнчүлүгү пайда болду.<br>• Муниципалдык кызмат боюнча көтөрүлүүдө ачык-айкындуулук пайда болду.<br>• Муниципалдык кызматчылардын укуктары мамлекеттик кызматчылардын укуктары менен теңдештирилди.<br>• ЖӨБ органдарында квалификациялуу адистер көбүрөөк болуп калды. | • Буга чейин боло келгендей эле, муниципалдык кызматчылардын айлык акысы мамлекеттик кызматчылардыкына салыштырмалуу төмөн бойдон кала берүүдө.<br>• АӨдө штаттык кызматкерлер жок.<br>• Муниципалдык кызматчыга квартал сайын баа берүү иши формалдуу мүнөзгө ээ, көп убакытты алат, бирок реалдуу карьералык өзгөрүүлөргө алып келбейт.<br>• ЖМА тарабынан ЖӨБ органдарынын кызматкерлерин "буйрук берип" дайындоо ("телефон аркылуу") практикасы кала берүүдө. |

*Тийгизген таасирдин сүрөттөлүшү*

Көпчүлүк ЖӨБ органдары мыйзамдагы муниципалдык кызматты реформалоого оң баасын берип жатышат. 2019-жылдын 1-январына карата маалымат боюнча, ЖӨБ органдарында 1207 кызмат же штаттык ырааттамадан 12 пайызы бош турган. Бул болсо ЖӨБ органдары мурдагыдай эле кадрларга муктаж экенин, атүгүл 2016-жылга салыштырмалуу кырдаал начарлап кеткенин билдирет. Салыштыра келсек, ошол мезгилде 922 кызмат же 10 пайызы бош турган. Бул жагынан алып караганда мыйзам азырынча кырдаалга күтүп жаткандай таасирин тийгизе элек. ЖӨБ органдары тесттеги суроолор оор болгонун жана өтө көп темаларды камтыганын негизги көйгөйлөрдүн бири деп эсептешет. Натыйжада тестирлөөдөн өтүү үчүн талап кылынган баллды талапкерлердин жарымы гана алууга жөндөмдүү. Бирок кадрлардын туруксуздугу өңдүү көйгөйгө мыйзам оң таасирин тийгизди – бул көрсөткүч төмөндөй баштады. Айталы, кадрлардын туруксуздугу боюнча көрсөткүч 2016-жылы 24 пайызды түзсө, 2019-жылы эки эсе азайып, 10 пайыздын тегерегинде болуп калды.

Муниципалдык кызматты мындан ары да өркүндөтө берүү үчүн бир катар маселелерди чечиш керек. Кадрлардын саясий себептерден улам токтобой жатышы; гендердик баланс; муниципалдык кызматта жаштардын санынын аздыгы; улуттук азчылык өкүлдөрүнүн болушу; бош орундарга конкурс өткөрүүдө тесттердин мазмуну өңдүү бир топ маселелер кала берүүдө.

## 8. 2018-жылдын 27-январындагы №16 «“Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» КР Мыйзамы

*Мыйзамдын тийгизген таасирин баалоо*

| ЖӨБ органдары үчүн маанилүү өзгөрүүлөр | ЖӨБ органдарынын тийгизген таасирге берген баасы, % менен |
|---|---|
| • “Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансы-экономикалык негиздери” беренеси жаңы редакцияда баяндалып, “финансылык негиздер” жана “экономикалык негиздер” түшүнүктөрү өз-өзүнчө берилди.<br>• “Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун муниципалдык ишканаларды жана коммерциялык эмес уюмдарды түзүүгө, ошондой эле акционердик коомдорго катышууга укуктары” беренеси жаңы редакцияда баяндалды. Анда жергиликтүү маанидеги маселелерди эффективдүү жана ыкчам чечүү үчүн, ошондой эле өз аймагынын чегинде экономикалык өнүгүүгө дем берүү максатында ЖӨБ органдарынын муниципалдык ишканаларды жана коммерциялык эмес уюмдарды түзүүгө, ошондой эле акционердик коомдорго катышууга укуктары тагыраак көрсөтүлгөн. Мындан тышкары муниципалдык ишканаларга, коммерциялык эмес уюмдарга, акционердик коомдорго ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү укуктары көрсөтүлүп, ЖӨБ органдары өз милдеттерине кирген кызматтарды көрсөтүү үчүн муниципалдык ишканаларды жана КЭУну түзө алары такталып берилген.<br>• Мыйзам “Муниципалдык заказ” аттуу жаңы берене менен толукталды. Бул беренеде муниципалдык заказды ишке ашырууда ЖӨБ органдарынын укуктары, анын аткаруучулары, муниципалдык заказды каржылоо жана башка маселелер белгиленген. |  |

*ЖӨБ органдарынын пикири*

| Мыйзамдын күчтүү жактары | Мыйзамды ишке ашыруу процессинде аныкталган көйгөйлөр |
|---|---|
| • Калкка көрсөтүлгөн кызматтардын сапаты оңолууда, элдин ЖӨБ органдарына болгон ишеними көбөйүүдө.<br>• Бизнес ишканаларды түзүүгө жергиликтүү бюджеттердин чыгашаларына байланышкан кырдаалга түшүндүрмө берилди, аны максаттуу пайдалануу үчүн шарттар түзүлдү, муниципалдык ишкананын чыгашаларына көзөмөл күчөтүлдү. | • Кызмат көрсөткөн ишкананы түзүп жатканда (каттоодон өткөрүүдө, мыйзамдаштырууда) бир топ бюрократиялык тоскоолдуктар пайда болууда.<br>• Квалификациялык кадрлар тартыш. |

*Тийгизген таасирдин сүрөттөлүшү*

Бул мыйзамдын таасирине ЖӨБ органдарынын басымдуу бөлүгү оң баасын беришүүдө (эң көп упай алган баа). Бирок муниципалдык ишканаларды түзүү процесси азырынча баштапкы этапта турат. Баяндаманы даярдап жатканда ЖӨБ Союзу муниципалдык ишканалардын санынын өсүшү же азаюусу тууралуу маалыматтар жеткиликтүү болбогонун аныктады. Бул маалыматтардын негизинде мыйзамдын натыйжасында тенденция кандай болгонун түшүнө алмакпыз. Ошондой эле муниципалдык заказды практикада ишке ашырып жаткан ЖӨБ органдарынын үлүшү тууралуу маалыматтар да жеткиликтүү эмес. Муниципалдык ишканалар кандай максаттарда түзүлүшү мүмкүн экенин, жумуш орундары боюнча көрсөткүчтүн артынан түшүп, бизнести уюштурууну максат кылбашы керектигин түшүндүрүү үчүн бул өтө маанилүү. Мына ушундай тактоолорду киргизүү менен, муниципалдык наабайканаларды, ресторандарды жана бизнестин башка объекттерин ачуу практикасын токтотууга болот. Антпесе, мындай көрүнүш жергиликтүү бюджеттердеги каражаттарды эч негизсиз, максатсыз жана натыйжасыз пайдаланууга жол ачып жатат.

## 2.1.2. КР ЖК Бюджет жана финансы боюнча комитети киргизген мыйзамдардын таасири

### 9. 2016-жылдын 16-майындагы №59 КР Бюджеттик кодекси

*Мыйзамдын тийгизген таасирин баалоо*

| ЖӨБ органдары үчүн маанилүү өзгөрүүлөр | ЖӨБ органдарынын тийгизген таасирге берген баасы, % менен |
|---|---|
| Кодекс республикалык, жергиликтүү бюджеттерди, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджеттерин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджеттерин түзүү, кароо, бекитүү, тактоо жана аткаруу процессинде мамлекеттик финансыны башкаруу чөйрөсүндө келип чыгуучу мамилелерди укуктук жөнгө салуунун негиздерин белгилейт, бюджеттик процесстин катышуучуларынын статусун белгилейт, бюджеттик мыйзамдарды бузгандыгы үчүн жоопкерчиликтин укуктук негизин аныктайт. |   |

*ЖӨБ органдарынын пикири*

| Мыйзамдын күчтүү жактары | Мыйзамды ишке ашыруу процессинде аныкталган көйгөйлөр |
|---|---|
| • Бюджет жөнүндө бардык мыйзамдар бир документке бириктирилди. | • Түшүндүрүлгөн жок. |

*Тийгизген таасирдин сүрөттөлүшү*

ЖӨБ органдары кодекске оң баасын беришти. Бирок алар өз баасын негиздеп бере алышкан жок жана кодекстин тигил же бул өңүттөрүн конкреттештире албай коюшту. Ошондуктан баа бир аз абстрактуу мүнөзгө ээ болуп турат. Мында бюджеттик жана бюджет аралык чөйрөдөгү мамилелерди иреэтке келтирүүдө кодекстин системалуу таасирин белгилеш керек. Жергиликтүү бюджетти жана бюджет аралык мамилелерди башкаруунун конкреттүү өңүттөрүнө байланыштуу толугураак маалыматты ушул Баяндаманын I бөлүмүнөн таба аласыз.

## 10. 2017-жылдын 30-майындагы №93 «“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» КР Мыйзамы

*Мыйзамдын тийгизген таасирин баалоо*

| ЖӨБ органдары үчүн маанилүү өзгөрүүлөр | ЖӨБ органдарынын тийгизген таасирге берген баасы, % менен |
|---|---|
| • Келишимди түз түзүү ыкмасы менен сатып алуулардын босого чени ЖӨБ органдары үчүн 1 млн. сомго чейин көбөйтүлдү. |   |

*ЖӨБ органдарынын пикири*

| Мыйзамдын күчтүү жактары | Мыйзамды ишке ашыруу процессинде аныкталган көйгөйлөр |
|---|---|
| • Сатып алуулар процесси жөнөкөй болуп калды.<br>• Чукул жана баасы кымбат эмес сатып алууларды жүргүзүүдө бюрократиялык тоскоолдуктар жоюлду. | • Мыйзам чакан ЖӨБ органдарынын ишин бир кыйла татаалдаштырып калды. Себеби жол-жобону өткөрүүгө көп убакыт жана кошумча ресурс талап кылынат.<br>• Сатып алынып жаткан кызмат көрсөтүүлөрдүн жана товарлардын сапаты начарлады (мисалы, окуучуларды тамактандырууга тендерди кошуна райондо, атүгүл облуста жайгашкан компания утуп алышы мүмкүн; жеткирип берүүнүн наркын баага кошуу шарты жеткирүүчүлөрдү төмөн сапаттагы азык-түлүктү колдонууга түртүп жатат; жеткирүү убактысына киргизилген чектөөлөр азык-түлүктүн жарамдуулук мөөнөтүнө да таасирин тийгизүүдө). |

*Мыйзамдын тийгизген таасирин баалоо*

ЖӨБ органдарынын сатып алуулар процессин жөнөкөйлөштүрүү өтүнүчү жана кайрылуулары мыйзамга ушул түзөтүүнү киргизүүгө негиз болду. Ошондуктан ЖӨБ органдары жалпы жонунан мыйзамдын таасирине оң баасын беришти (бир аз айырма менен). Ошол эле маалда чакан ЖӨБ органдары босого чеги жогорулаган шартта да сатып алуулар процесси татаал функция бойдон кала бергенин, себеби мамлекеттик сатып алуулар боюнча адис штатта болбогонун айтышат. Мындай ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү чакан АА үчүн каалаган суммага сатып алуулардын жол-жобосу бир аз жөнөкөй иштелип чыгышы керек эле деп эсептешет. Айрым ЖӨБ органдары келишимди түз түзүү ыкмасы менен сатып алуулардын босого чегинин көбөйүшү атаандаштыкка коркунуч жаратарын айтып, бул мыйзамга терс баа беришти. Ошол эле маалда сатып алуулардын ачык-айкындуулугуна жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнө коюлган талаптар убакыт өткөн сайын күчөтүлүшү керектигин түшүнүп турушат.

### 11. 2018-жылдын 18-июлундагы №69 “Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” КР Мыйзамы

*Мыйзамдын тийгизген таасирин баалоо*

| ЖӨБ органдары үчүн маанилүү өзгөрүүлөр | ЖӨБ органдарынын тийгизген таасирге берген баасы, % менен |
|---|---|
| • мамлекеттик органдардын жана ЖӨБ органдарынын функцияларына жана ыйгарым укуктарына ылайык, Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун ар бир бюджетине киреше бөлүштүрүлүп, бекитиле турганы такталды.<br>• Жергиликтүү бюджеттердин долбоорлорун түзүү тартиби жана мөөнөтү такталды.<br>• ЖӨБ органдарына төмөнкү милдеттер жүктөлдү:<br>1) белгиленген тартипте бекитилгенден кийин (жактырылгандан кийин) 15 күндүн ичинде өздөрүнүн расмий сайттарына төмөнкүлөрдү жайгаштырат:<br>а) жергиликтүү бюджеттердин долбоорлорун;<br>б) бекитилген жергиликтүү бюджеттерди;<br>в) жергиликтүү бюджеттердин аткарылышы тууралуу жылдык отчёттордү;<br>2) жергиликтүү бюджетти жарандык бюджет форматында түзүп, жарандарга берет.<br>• Бюджеттик угууларды өткөрүү тартиби такталды. |  |

*ЖӨБ органдарынын пикири*

| Мыйзамдын күчтүү жактары | Мыйзамды ишке ашыруу процессинде аныкталган көйгөйлөр |
|---|---|
| • Киреше булактарынын аныкталышы салыктык түшүүлөрдү чогултууну жана аларды максаттуу сарптоону камсыз кылышы керек.<br>• Салык төлөөчүлөрдүн жоопкерчилиги жогорулайт.<br>• Жергиликтүү деңгээлде бюджеттик процесстин ачык-айкындуулугу камсыз болду. | • Салыктарды жыйноо боюнча ыйгарым укуктар ЖӨБ органдарына өткөрүлүп берилген, бирок буга байланышкан көптөгөн маселелер чечилбеген бойдон калууда. ЖӨБ органдары салыктарды башкаруу боюнча ыйгарым укуктардан ажырады.<br>• Жергиликтүү жамааттардын өкүлдөрү жергиликтүү бюджет боюнча угууларга дайыма эле жигердүү катыша беришпейт. |

*Мыйзамдын тийгизген таасирин баалоо*

КР Бюджеттик кодексине киргизилген бул өзгөртүүлөр жергиликтүү бюджетти башкаруу процессинде ЖӨБ органдарынын жоопкерчилигин жана ачык-айкындуулугун күчөттү. ЖӨБ органдарынын өздөрү да жоопкерчиликке жана ачык-айкындуулукка коюлган талаптардын күчөтүлүшүн мыйзамдын артыкчылыктуу жактарынын бири катары кабыл алып жатканы кубандырат. КР Финансы министрлиги да мыйзамды ишке ашырууга салымын кошуп жатат: ЖӨБ органдарына угууларды өткөрүүгө жана жарандык бюджетти онлайн жарыялоо үчүн электрондук ресурсту түзүүгө көмөктөшүп келүүдө. Мунун натыйжасында жергиликтүү бюджеттин долбоору боюнча коомдук угууларды өткөргөн ЖӨБ органдарынын саны 19 эсе көбөйдү: 2016-жылы угууларды 17 ЖӨБ органы же жалпы санынан 4 пайызы гана өткөрсө, 2019-жылы 330 ЖӨБ органы же дээрлик 70 пайызы угууларды өткөрдү. 2019-жылы КР ФМ сайтында ЖӨБ органдары үчүн жарандык бюджеттин электрондук форматын даярдап, ишке бергенден кийин маалыматтарды толтуруу боюнча ишке 342 ЖӨБ органы же 70 пайыздан ашыгы кошулду[1].

[1] Маалыматтарды ӨСИ берди. ӨСИ “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоорунун алкагында 2011-жылдан бери КР Финансы министрлигине жергиликтүү деңгээлде бюджеттик процесстин ачык-айкындуулугун жана инклюзивдүүлүгүн күчөтүүгө көмөк көрсөтүп келатат.



### 12. 2018-жылдын 10-августундагы №90 Кыргыз Республикасынын Салыктык эмес кирешелери жөнүндө кодекси

*Мыйзамдын тийгизген таасирин баалоо*

| ЖӨБ органдары үчүн маанилүү өзгөрүүлөр | ЖӨБ органдарынын тийгизген таасирге берген баасы, % менен |
|---|---|
| “Салыктык эмес кирешелер жөнүндө” жаңы Кодекс:<br>1) салыктык эмес кирешелерди аныктоо, ишке киргизүү жана алуу боюнча мамилелерди;<br>2) салыктык эмес кирешелерди чегерүүгө жана төлөөгө көзөмөлдү жүзөгө ашыруу процессинде пайда болгон мамилелерди;<br>3) ыйгарым укуктуу органдардын чечимдерине, алардын кызматкерлеринин аракеттерине жана/же аракетсиздигине даттануу боюнча мамилелерди жөнгө салат |  |

*ЖӨБ органдарынын пикири*

| Мыйзамдын күчтүү жактары | Мыйзамды ишке ашыруу процессинде аныкталган көйгөйлөр |
|---|---|
| • Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүнү көзөмөлдөө үчүн шарттар түзүлүп жатат. | • Мыйзамдын толук иштеп кетиши үчүн ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар иштеп чыккан жоболор жана механизмдер талап кылынат. |

*Мыйзамдын тийгизген таасирин баалоо*

ЖӨБ органдарынын басымдуу бөлүгү бул мыйзамдын таасирин оң баалашты. Бирок бул көбүрөөк аванс түрүндө берилген баа. Себеби практикада Кодекс ЖӨБ органдарынын ишине олуттуу таасирин тийгизген жок. Буга жергиликтүү бюджеттерде салыктык эмес кирешелердин үлүшү күтүлгөндөй көп болбогону себеп. Кодекстин таасирин күчөтүү үчүн КР Өкмөтү зарыл болгон механизмдерди иштеп чыгып, киргизүү боюнча иштерди жасашы керек. Мисалы, ЖӨБ органдары муниципалдык менчиктен алган кирешелерди башкаруу чөйрөсүндө бир топ көйгөйлөр бар. Айталы, 2017-жылы муниципалдык кыймылсыз мүлктүн жана объекттердин баасы өлкө боюнча орто бааларга караганда дээрлик 10 эсе төмөн болчу. Ал эми 2019-жылы (КР Мамкаттоонун 2019-жылдын 1-сентябрына карата маалыматы боюнча) муниципалитеттер өз менчигин өлкө боюнча орточа салыштырганда 25 эсе арзан сатышкан. Бул бир жагынан муниципалдык менчикти башкаруу чөйрөсүндө “макулдашылган” аукциондор жана муниципалдык жерге, кыймылсыз мүлккө бааны азайтуу үчүн мүмкүнчүлүктөр ушул күнгө чейин бар болгонунан кабар берет. Экинчи жагынан бүтүмдөрдү жол-жоболоштурууда этиятсыздык жана ЖӨБ органдарынын КР Мамкаттоого берген маалыматтардын так эместиги ушундай көрүнүштүн дагы бир себеби болушу ыктымал. Жалпысынан бул жергиликтүү бюджетке олуттуу зыян келтирүүдө. Айталы, 2017–2019-жылдар аралыгында ЖӨБ органдары албай калган, муниципалдык мүлктү сатуудан түшкөн кирешенин суммасы 3 млрд. сомдон ашты.

Муниципалдык менчикти башкарууда эффективдүүлүктүн жоктугу өндүү көйгөйдүн башка бир өңүтү – ЖӨБ органдары өздөрүнө тиешелүү болбогон объекттерди күтүүгө кеткен чыгашаларды эч негизсиз жана мыйзамсыз каржылоодо. Бул – диний багыттагы объекттер (мечиттер), коммерциялык ишканалар (кафелер жана дүкөндөр), мамлекетке тиешелүү объекттер (билим берүү, саламаттык сактоо ж.б. мекемелери). Мисалы, шаарлардын биринин мэриясы саламаттык сактоо багытындагы 15 объектке ээлик кылат, менчик ээси катары аларды күтүүгө жоопту. Баткен облусунда дээрлик ар бир айылдык аймак бир же бир нече мечитке ээлик кылат жана аларды күтүү үчүн жоопкерчилик алган (Баткен облусунун бир эле айылдык аймагында 17 мечит, үч бала бакча муниципалдык менчикте турат).

Мунун баары жергиликтүү бюджеттин салыктык эмес кирешелерин башкаруу чөйрөсүндө, өзгөчө муниципалдык менчикти башкаруу чөйрөсүндө бул процесстерди ирээтке келтирүү боюнча кошумча күч-аракеттер зарыл болгонунан кабар берет. Ошол себептен кабыл алынган салыктык эмес төлөмдөр жөнүндө КР Кодексине кошумча "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" Мыйзамды карап чыгып, ал азыркы кырдаалга канчалык шайкеш иштеп жатканын текшерүү зарыл. Ошондой эле КР Өкмөтү муниципалдык кыймылсыз мүлккө жана жерге байланышкан бүтүмдөрдөн жоготууларды болтурбоо үчүн ишенимдүү барьер коюп, аларды электрондук формат менен өткөрүүгө шарт түзүшү абзел.

## 2.1.3. КР ЖК Агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана регионалдык өнүктүрүү боюнча комитети киргизген мыйзамдардын таасири

### 13. 2016-жылдын 7-майындагы №56 «"Кыргыз Республикасынын айрым мыйзамдарына ("Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө", "Жайыттар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына) өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» КР Мыйзамы

*Мыйзамдын тийгизген таасирин баалоо*

| ЖӨБ органдары үчүн маанилүү өзгөрүүлөр | ЖӨБ органдарынын тийгизген таасирге берген баасы, % менен |
|---|---|
| • Жергиликтүү кеңештерге жайыттарды башкарууга байланышкан башка маселелерди чечүү укугун берүү менен, алардын ыйгарым укуктары кеңейтилди.<br>• Жайыт комитетинин курамына айлана-чөйрө жана токой чарбасы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу органдын өкүлү кошулду.<br>• Жайыт комитетинин төрагасы тийиштүү айылдык аймактын башчысынын сунушу менен, жайыт пайдалануучулардын көпчүлүк добушу менен шайланары көрсөтүлгөн (мурда ЖӨБдүн аткаруу органынын жетекчиси Жайыт комитетинин кеңешинин төрагасы болуп эсептелчү) |  |

*ЖӨБ органдарынын пикири*

| Мыйзамдын күчтүү жактары | Мыйзамды ишке ашыруу процессинде аныкталган көйгөйлөр |
|---|---|
| • Жайыттарды башкарууда жергиликтүү кеңештин ролу күчөтүлдү.<br>• Жайыт пайдалануучулардын пикири салмакка ээ болуп калды.<br>• АӨ башчысы эми жайыт комитетинин төрагасы боло албайт, бул болсо коррупциялык тобокелдиктерди жана жайыттарды пайдаланууга байланышкан маселелерди чечүүгө саясий таасирин тийгизүү аракетин азайтат | • Барган сайын жайыт жерлеринин кыскарып жатышы өндүү көйгөй чечилбей келатат.<br>• Жайыт жерлеринде бак-дарактарды отургузууга уруксат берүү зарыл.<br>• Жайыт комитети коомдук уюм болуп саналат жана жеке менчик формасына ээ. Чечим кабыл алуу үчүн жоопкерчилик азайды. ЖӨБ органдарынын пикири боюнча, жайыт комитеттерин же ЖӨБ органдары, же мамлекеттик уюм башкарышы керек. |

*Мыйзамдын тийгизген таасирин баалоо*

2018-жылы Кыргыз Республикасында айыл чарба продукциясын өндүрүүнүн жалпы көлөмүндө мал чарбачылыгы 48,2 пайызды түздү. Көпчүлүк айыл чарба аймактары үчүн, өзгөчө тоонун этегинде жана тоолуу жерде орун алган аймактар үчүн мал чарбасы жергиликтүү жамаат-тардын өнүгүүсүнө, ал эми республиканын масштабында – азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылууга таасирин тийгизген негизги тармак болуп калууда. Ошондуктан жайыттарды натыйжалуу

башкаруу маселеси бир топ курч турат. Жайыт жерлерин жөнгө салуу аларды туруктуу пайдалануунун маанилүү элементтеринин бири болуп эсептелинет жана узак мөөнөттүү келечекте жогорку өндүрүмдүүлүгүн камсыз кылууга жол ачат. Жайыттарды жана жайыт инфраструктурасынын объекттерин өнүктүрүү улуттук жана тармактык деңгээлдердеги стратегиялардын ичине кирген тапшырмалардын бири болгонуна карабастан, ашыкча антропогендик жүк, акыркы жылдары мал жайгандардын санынын көбөйүшү, жайыттарды системасыз пайдалануу жайыт жерлеринин жок болушуна жана жыл сайын аянтынын кыскарышына алып келүүдө. Жайыт жерлеринин аянттары туруктуу түрдө азайып жатканын (азырынча чакан көлөмдө) көрсөткөн динамика бул сөздөрдү тастыктап турат (10-таблицаны жана 24-диаграмманы караңыз).

*10-таблица. Кыргыз Республикасындагы жайыт жерлер, 2015–2019-жылдар*[1]

| | 2015-ж. | 2016-ж. | 2017-ж. | 2018-ж. | 2019-ж. |
|---|---|---|---|---|---|
| Жайыт жерлеринин аянты, гектар менен | 9 031 718 | 9 030 897 | 9 007 497 | 9 006 446 | 9 005 777 |
| Өсүш темпи | | -0,01 % | -0,26 % | -0,01 % | -0,01 % |




*24-диаграмма. Кыргыз Республикасында жайыт жерлердин аянтынын кыскаруу динамикасы, гектар менен*

Жайыт пайдалануучулардын бирикмелери жана алардын аткаруу органдары – жайыт комитеттери жайыттарды башкарууда натыйжалуулукту жогорулатып, мал чарбасын туруктуу өнүктүрүүнү камсыз кылуу максатын көздөшү керек. “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” жана “Жайыттар жөнүндө” КР мыйзамдарына киргизилген өзгөртүүлөр өз ара кызыкчылыктарды эсепке алуу менен, ЖӨБдүн аткаруу органдары менен жайыт пайдалануучулардын бирикмелери ортосундагы мамилелерди жөнгө салууга тийиш. Ошол себептен аталган мыйзамдарга киргизилген өзгөртүүлөрдү ЖӨБ органдарынын көбү оң баалашты. Коомдук уюм катары жайыт комитеттерине ишенбеген, жайытка көзөмөлдү мамлекет жүргүзүшү керек деп эсептеген ЖӨБ органдары гана терс баасын беришти.



[1] КР АТӨММ берген маалымат.

### 14. 2018-жылдын 2-августундагы №79 «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына («Сугат айдоо жерлерин жарактуу жерлердин башка категорияларына жана түрлөрүнө которууга (трансформациялоого) мораторий киргизүү жөнүндө», «Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына) өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» КР Мыйзамы

*Мыйзамдын тийгизген таасирин баалоо*

| **ЖӨБ органдары үчүн маанилүү өзгөрүүлөр** | **ЖӨБ органдарынын тийгизген таасирге берген баасы, % менен** |
|---|---|
| Мораторий жеке турак үйлөр курулган же ЖӨБдүн ыйгарым укуктуу органдарынын же болбосо алардын укук улантуучулары жергиликтүү өз алдынча башкаруунун тиешелүү органдары болуп саналган органдардын ушул Мыйзам (1-березенин 2-б. 12-п.) күчүнө киргенге чейинки тиешелүү чечимдери бар жер участкаларына жайылтылбай турганы белгиленди.<br>1-березенин 2-б. 12-п. ылайык, төмөнкү жерлер трансформацияланбайт:<br>• эгерде трансформациялоого сунушталып жаткан жер участокторун которууга тиешелүү комиссиялардын терс корутундулары болсо;<br>• экологиялык жана санитардык-эпидемиологиялык ченемдердин талаптарына жооп бербесе;<br>• сот органдарынын тиешелүү чечимдери бар болсо;<br>• ыйгарым укуктуу органдардын чечими менен аларга чектөөлөр болсо.<br>Жеке турак үйлөр курулган же ЖӨБдүн ыйгарым укуктуу органдарынын же болбосо алардын укук улантуучулары ЖӨБдүн тиешелүү органдары болуп саналган органдардын «Сугат айдоо жерлерин жарактуу жерлердин башка категорияларына жана түрлөрүнө которууга (трансформациялоого) мораторий киргизүү жөнүндө» КР Мыйзамы күчүнө киргенге чейин тиешелүү чечимдери бар жер участкалары жер которууда айыл чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын жана алынбай калган пайданын орду толтурулбай турганы белгиленди.<br>Инфраструктураны камсыз кылууга байланышкан чыгымдар которулуп жаткан (трансформацияланган) жеке менчик жер участокторунун ээсине жүктөлөт |  |

*ЖӨБ органдарынын пикири*

| **Мыйзамдын күчтүү жактары** | **Мыйзамды ишке ашыруу процессинде аныкталган көйгөйлөр** |
|---|---|
| • Айыл чарба багытындагы жерлерге курулган көп турак үйлөр мыйзамдаштырылып, бул көп сандагы үй-бүлөлөрдүн көйгөйүн чечип берди.<br>• Жерлерди өзүм билемдик менен бөлүштүрүп алган учурлар азайды. | • Турак жай чөйрөсүндө көп маселелер чечилбеген бойдон кала берүүдө.<br>• Бузулган айдоо жерлерин элге берүүгө мораторий киргизилди.<br>• АӨдө жер маселелерин чечүүдө ыйгарым укуктары жок.<br>• Жерлерди бир категориядан экинчисине өткөрүү процесси татаал бойдон кала берүүдө.<br>• Бул мыйзам күчүнө киргенге чейин жерге документтерин мыйзамдаштырганга жетише албай калган жер ээлери нааразы болуп чыккан фактылар бар. |

*Мыйзамдын тийгизген таасирин баалоо*

Сугат айыл чарба жерлери көзөмөлсүз кыскарып жаткандын натыйжасында пайда болгон коркунучтарды ЖӨБ органдары баамдап турушат. Бирок ошол эле маалда мыйзамсыз участоктордо курулган үйлөрдө жашаган үй-бүлөлөрдүн көйгөйлөрү да ойлондурбай койбойт. Бул көз караштан алганда ЖӨБ органдары бул мыйзамдын кабыл алынышына оң баасын беришкен. Ошол эле маалда ЖӨБ органдары жерлерди жеке турак жай куруу үчүн өзүм билемдик менен басып алууну болтурбоочу механизмдерди күчөтүүнү колдошот. Мындай ыкмалардын бири – жер участокторун бөлүп берүү процессин ЖӨБ органдары уюштуруп, көзөмөлдөй алышы үчүн жерлерди трансформациялоо процессин жеңилдетүү. Ошол эле маалда эл жыш жайгашкан айылдарда жана шаарларда бул маселе бири-бирине тыгыз жайгашкан, көп кабаттуу үйлөрдү куруунун эсебинен чечилиши керек. Бул үчүн мамлекет ЖӨБ органдарына инвесторлорду тартуу чөйрөсүндө, заманбап инфраструктураны курууда көмөк көрсөтүшү керек.

## 2.1.4. КР ЖК Социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана саламаттык сактоо боюнча комитети киргизген мыйзамдардын таасири

### 15. 2016-жылдын 6-июлундагы №99 "Мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" КР Мыйзамы (2017-жылдын 27-апрелиндеги №63 КР Мыйзамынын редакциясында)

*Мыйзамдын тийгизген таасирин баалоо*

| ЖӨБ органдары үчүн маанилүү өзгөрүүлөр | ЖӨБ органдарынын тийгизген таасирге берген баасы, % менен |
|---|---|
| Мамлекеттик органдардын жана ЖӨБ органдарынын функцияларын жана ыйгарым укуктарын бөлүштүрүү максатында жана аларды "ЖӨБ органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүүнүн тартиби жөнүндө" КР Мыйзамына шайкеш келтирүү үчүн бир катар мыйзам актыларына өзгөртүүлөр киргизилди. Алар: КР Үй-бүлө кодекси, "Кыргыз Республикасынын жарандарынын саламаттыгын сактоо жөнүндө" КР Мыйзамы, "Энергияны үнөмдөө жөнүндө" КР Мыйзамы ж.б. Мыйзамдардын көбүндө ЖӨБ органдарынын түз катышуусу белгиленген ченемдер ЖӨБ органдарына тийиштүү мамлекеттик ыйгарым укуктар өткөрүлүп берилген учурда гана алар катышат деген ченемдерге алмаштырылган. |  |

*ЖӨБ органдарынын пикири*

| Мыйзамдын күчтүү жактары | Мыйзамды ишке ашыруу процессинде аныкталган көйгөйлөр |
|---|---|
| • Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө ЖӨБ органдарынын иши оңолот. | • Мыйзамдын ченемдери толук сакталбай жатат. Айталы, ыйгарым укуктар материалдык жана финансылык ресурстарсыз эле өткөрүлүп берилүүдө.<br>• Өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруу үчүн штаттык бирдик жетишпей жатат (ЖӨБ органдарынын штатынын функционалдык мүмкүнчүлүктөрү жергиликтүү маанидеги 25 маселени чечүүгө гана эсептелинген).<br>• ЖӨБ органдарына жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмесине кирбеген ишке катышууну түз көрсөткөн мыйзам актыларында "жашыруун" өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктар бар экени белгиленүүдө. |

*Мыйзамдын тийгизген таасирин баалоо*

Көпчүлүк ЖӨБ органдары бул мыйзамдын таасирин оң баалап жатышат. ЖӨБдүн өнүгүүсүнө мыйзамдын кошкон салымы – ыйгарым укуктарды бөлүштүрүү процесси башталды, өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктарды аткартуу үчүн акы төлөш керектигин түшүнгөн мамлекеттик органдар бул ыйгарым укуктардын түзүмүн жана зарылчылыгын кайра карап чыга башташты. Бирок практикада бул күтүлбөгөн өзгөрүүлөргө алып келиши ыктымал. Мисалы, ЖӨБ органдарынан жарандык абалдын актыларын каттоо боюнча ыйгарым укуктарды алып коюу жарандар үчүн бул кызмат көрсөтүүгө жеткиликтүүлүктү начарлатты. Жалпысынан башкаруунун түрдүү структуралары ортосунда макулдашуу процесси жигердүү башталды. Башкаруу түзүмдөрү кайсы ыйгарым укуктарды кандай деңгээлде аткаруу зарыл экенин талкуулашууда. Ошондуктан ЖӨБ органдарынын бул мыйзамга берген баасын көбүрөөк аванс мүнөзүндө деп айтса болот. Азырынча ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү практикасында бир топ чечилбей жаткан маселелер бар. Айталы, мыйзамда көрсөтүлгөн материалдык жана финансылык ресурстар менен камсыз кылуу принциби жергиликтүү деңгээлге өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын баарында эле сактала бербейт.

ЖӨБ органдарында мындай ыйгарым укуктарды аткарууга кызыкдарлык жок. Себеби өткөрүлүп берилген ыйгарым укукту аткаруу үчүн ЖӨБ органдарына кошумча каржылоо бөлүнгөн учурда КР Финансы министрлиги теңдештирүүчү гранттын көлөмүн ушул эле суммага автоматтык түрдө азайтып коёт. "Жашыруун" ыйгарым укуктар да бар: айрым ченемдик укуктук актылар мыйзамды кыйгап өтүп, мамлекеттик функцияларды аткаруу үчүн ЖӨБ органдарына жоопкерчиликти жүктөп коёт.

ЖӨБ органдарынын адистеринин айлык акысынын аздыгы жана штаттык ырааттаманы көбөйтүүнүн мүмкүн эместиги өндүү көйгөйдү чечүү үчүн орто аралыктагы чара катары ЖӨБ органдары КР Эмгек кодексине түзөтүүлөрдү киргизүүнү сунуш кылышууда. КР Эмгек кодексине түзөтүүлөрдүн киргизилиши менен муниципалдык кызматчылар үчүн кызмат орундарын айкалыштырууга жол ачылмак. Экинчи зарыл чара – өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктарды аткаруу үчүн ЖӨБ органдарына келишим боюнча адисти тартуу укугун берүү.

## 16. 2017-жылдын 27-апрелиндеги №63 "Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө" КР Мыйзамы

*Мыйзамдын тийгизген таасирин баалоо*

| **ЖӨБ органдары үчүн маанилүү өзгөрүүлөр** | **ЖӨБ органдарынын тийгизген таасирге берген баасы, % менен** |
|---|---|
| ЖӨБ органдары үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу субъекттердин чөйрөсү кошулду жана аларга төмөнкүдөй ыйгарым укуктар берилди:<br>• жергиликтүү кеңештер аймактарды социалдык-экономикалык өнүктүрүү жана калкты социалдык коргоо программаларынын алкагында үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча чараларды бекитет жана алардын аткарылышын контролдойт; тийиштүү муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарын бекитет; үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу боюнча тиешелүү программаларды ишке ашырууга жана үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу социалдык кызматтарды түзүүгө жергиликтүү бюджетте каражаттарды карайт;<br>• ЖӨБдүн аткаруу органдары: калкты социалдык тейлөөнүн негиздери жөнүндө мыйзамдарга ылайык, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо маселелери боюнча социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү уюштурат; үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу боюнча программаларды иштеп чыгат жана ишке ашырат, жарандарды үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу социалдык кызматтарды түзөт; кабыл алынган программалардын натыйжалуулугуна жана майнаптуулугуна |  |

| | |
|---|---|
| • мониторингди жана баа берүүнү жүзөгө ашырат; үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү программаларды ишке ашыруу үчүн инвестицияларды жана гранттарды тартат; өзүнүн аймагында үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө маалыматтарды эсепке алууну жүргүзөт; жергиликтүү деңгээлде социалдык органдарды–үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттерди түзүү аркылуу, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу субъекттерди ведомстволор аралык координациялоого жана алардын өз ара аракеттенүүсүнө көмөк көрсөтөт; үй-бүлөлүк зомбулукту жасоо кооптуулугу бар экендиги жөнүндө ички иштер органдарына маалымдайт ж.б. | |

*ЖӨБ органдарынын пикири*

| **Мыйзамдын күчтүү жактары** | **Мыйзамды ишке ашыруу процессинде аныкталган көйгөйлөр** |
|---|---|
| • Жарандарды үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо системасы үчүн өбөлгө түзүлдү. Буга тартылган бардык башкаруу органдарынын катышуусунун регламенттери каралды.<br>• Үй-бүлөдөгү зомбулук фактысы тууралуу эми азап көргөн адам гана эмес, ошого күбө болгондор да арыз жаза алышат. Бул болсо кордук көрсөткөн адамдан коркуп, арыз жазбай коюу көрүнүшүн азайтат. | • Социалдык кызматтарды түзүп, программаларды даярдап, ишке ашыруу үчүн ресурстар жок.<br>• Жеринде зомбулуктун курмандыктары менен натыйжалуу иш алып баруу үчүн көндүмдөр жана билим жетишсиз.<br>• Ведомство аралык координация үчүн ыйгарым укуктар жок.<br>• Тартип коргоо органдарынын өкүлдөрү (участкалык милиция кызматкерлери) өзүнөн жоопкерчиликти алып таштап, үй-бүлөлүк зомбулукту болтурбоо иш-чараларына катышкысы келбейт. Алар бул эми ЖӨБ органдарынын функциясы болуп калды деп эсептешет. |

*Мыйзамдын тийгизген таасирин баалоо*

Үй-бүлөлүк зомбулук менен күрөшүү зарыл болгонун белгилегени менен, ЖӨБ органдарынын басымдуу бөлүгү бул мыйзамдын таасирин терс баалашууда. Себеби алардын үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоодогу ролу мүмкүнчүлүктөрүнө шайкеш келбей жатат. Бул маселеде мыйзам ЖӨБ органдарынын административдик, финансылык жана саясий потенциалын эсепке албастан эле алардын ыйгарым укуктарын киргизип койгон. Мындан улам ЖӨБ органдары процесске катышууга даяр экенин айтып жатышат, бирок мыйзамда саналган айрым ыйгарым укуктардын алкагында гана катышууну сунуш кылып жатышат. Мисалы: кабыл алынган программалардын эффективдүүлүгүнө жана натыйжалуулугуна мониторинг жана баалоо жүргүзүүгө; өз аймагында үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө маалыматтарга эсеп жүргүзүүгө; үй-бүлөлүк зомбулук коркунучу тууралуу ички иштер органдарына маалымат берүүгө жана өз мүмкүнчүлүктөрүнүн чегинде айрым бир башка маселелерди чечүүгө катышууну каалашат. Маселени тереңдеткен дагы бир нерсе бар: зомбулукту башынан өткөргөн адамды реабилитациялоонун жакшы жолдорунун бири – башка жакка көчүп кетиши керек. Бирок мында ЖӨБ органдары эч кандай жардам бере алышпайт. ЖӨБ органдары кырдаалга мониторинг жүргүзүүдө, үй-бүлөлүк зомбулукту эрте аныктоодо гана алардын салымы максаттуу жана эффективдүү болмок деп эсептешет. Бирок конкреттүү үй-бүлөлөр менен практикалык иш алып барууну уюштуруу милдетин мамлекет өзүнө алышы керек. ЖӨБ органдары үчүн кошумча кыйынчылык жараткан дагы бир көрүнүш бар: жамаат ичинде тыгыз байланыштар үй-бүлөлүк чырда кимдир бирөөнүн позициясын колдоого жол бербейт. ЖӨБ органдары КР Жогорку Кеңешке бул маселеде ЖӨБ органдарынын ыйгарым укуктарынын чөйрөсүн карап чыгууну сунуш кылышат.

## 17. 2017-жылдын 27-апрелиндеги №64 “Үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо маселелери боюнча айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” КР Мыйзамы

*Мыйзамдын тийгизген таасирин баалоо*

| **ЖӨБ органдары үчүн маанилүү өзгөрүүлөр** | **ЖӨБ органдарынын тийгизген таасирге берген баасы, % менен** |
|---|---|
| Жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмеси кеңейтилди. Тизмеге 25-маселе кошулду: үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо боюнча иш-чаралардын комплексин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жүзөгө ашыруу. |   |

*ЖӨБ органдарынын пикири*

| **Мыйзамдын күчтүү жактары** | **Мыйзамды ишке ашыруу процессинде аныкталган көйгөйлөр** |
|---|---|
| • ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү күчтүү жактарын белгилешкен жок | • Программаларды иштеп чыгып, ишке ашыруу үчүн, социалдык кызматтарды түзүү үчүн ресурстар жок<br>• Зомбулуктун курмандыктары менен эффективдүү иштөө үчүн көндүмдөр жана талаптагыдай билим жок. |

*Мыйзамдын тийгизген таасирин баалоо*

ЖӨБ органдарынын басымдуу бөлүгү бул мыйзамга өтө терс баасын беришти. Жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмеси кайра эле буга чейин боло келгендей нукта – тийиштүү финансылык жана материалдык камсыздоо берилбестен эле кеңейди. ЖӨБ органдары ресурс бербей эле, жоопкерчиликти жүктөп коюу практикасы жалпы башкаруу системасы үчүн зыян тийгизет деп эсептешет. ЖӨБ органына жоопкерчиликти жүктөп коюу – бул маселени чечүү жолу эмес. ЖӨБ органдарына жоопкерчиликти жүктөп койгон мамлекеттик органдар маселе чечилди деп ойлошот. Бирок иш жүзүндө функция талаптагыдай аткарылбай кала берүүдө. Натыйжада мамлекеттик кепилдиктер аткарылбай жатат, мамлекеттик органдар көздөгөн жыйынтыктарга жете албай жатышат, жарандардын кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүгү оңолгон жок. ЖӨБ органдары КР Жогорку Кеңешине бул маселени жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмесинен чыгарып салууну жана ЖӨБ органдарына тийиштүү ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү аркылуу кызмат көрсөтүүнү уюштурууну сунуш кылышат.

Үй-бүлөлөр менен жеке иш алып баруу планынын жана баланы коргоо боюнча жеке пландардын санын ЖӨБ органдары аныктап чыккан, оор турмуштук кырдаалда турган үй-бүлөлөрдүн жана балдардын санына салыштыра келгенде ортодо пайда болгон көрсөткүч ушул мыйзамдын сапатын так чагылдырып бермек. Тилекке каршы, ачык булактардан, анын ичинде ЭСӨМ сайтында мындай статистиканы табуу мүмкүн болгон жок.

**18. 2017-жылдын 28-июлундагы №163 “Кыргыз Республикасында мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө” КР Мыйзамы (2017-жылдын 28-декабрындагы №222 (27), 2018-жылдын 30-мартындагы №33, 2019-жылдын 24-январындагы №18 КР мыйзамдарынын редакциясында)**

*Мыйзамдын тийгизген таасирин баалоо*

| ЖӨБ органдары үчүн маанилүү өзгөрүүлөр | ЖӨБ органдарынын тийгизген таасирге берген баасы, % менен |
|---|---|
| Жарандардын айрым категорияларынын социалдык жөлөкпул алууга укуктарын бекитет, мамлекеттик жөлөкпулдардын түрлөрүн, көлөмүн жана дайындоо тартибин аныктайт.<br>ЖӨБ органдарынын социалдык маселелер боюнча комиссиясы жөлөкпулга муктаждарды аныктоо процессинен чыгып калдты. |  |

*ЖӨБ органдарынын пикири*

| Мыйзамдын күчтүү жактары | Мыйзамды ишке ашыруу процессинде аныкталган көйгөйлөр |
|---|---|
| • Мыйзамда жарандардын айрым категорияларына жөлөкпул берүү суммасы так аныкталган.<br>• Аз камсыздалган үй-бүлөлөргө мамлекеттин колдоосу күчөдү.<br>• Жөлөкпул берүүдө ачык-айкындуулук көбөйдү. | • Документтерди топтоо иши бир кыйла түйшүктүү.<br>• Муктаж болгондордун даражасын аныктоо татаал, баалоо критерийлери реалдуу эмес.<br>• ЖӨБ органдары муктаждыктарды аныктоо процессинен чыгарылды.<br>• Бөлүнгөн акчаны кыянат пайдалануу үчүн мүмкүнчүлүктөр кала берүүдө. Жеринде кирешеси жогору үй-бүлөлөргө жөлөкпул берилген фактылар бар.<br>• Жарандарда ЖӨБ органдарына терс мамиле пайда болду, алар бул маселеде ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги кайсы жерден бүтүп, кайсы жерден мамлекеттин жоопкерчилиги башталаарын териштиргиси келбейт.<br>• Майып балдар үчүн жөлөкпул 1–2 жылга эсептелип берилет, андан соң бардык документтерди кайра чогултуп чыгыш керек, ал эми бул көп убакытты талап кылган процесс. |

*Мыйзамдын тийгизген таасирин баалоо*

ЖӨБ органдарынын басымдуу бөлүгү бул мыйзамдын таасирине терс баасын беришти. 2016-жылы аз камсыздалгандыгы үчүн жөлөкпул алган балдардын саны 272 миң болчу. 2018-жылы жөлөкпулдун бул түрүн алган балдардын саны 276,4 миң болчу. 2019-жылдын 1-апрелине карата бул сан 289,3 миң болду. 2018-жылы ЖӨБ органдары муктаждыктарды аныктоо процессинен чыгарылган. Жыл бою КР ЭСӨМдүн райондук бөлүмдөрү бул ишти өз алдынча жасап келишти. Бул болсо жарандарда министрликтин аракеттерине да, ЖӨБ органдарынын позициясына карата да наразычылыгын жаратты. Жарандар аларды кайдыгер жана кош көңүл деп айыпташты.

КР ЖК Социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана саламаттык сактоо боюнча комитетинин 2018-жылдын 29-октябрындагы чечиминин негизинде “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын (“үй-бүлөгө көмөк” жөлөкпулу бөлүгүндө) аткарылышына Кыргыз Республикасынын бардык региондорунда жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыгы боюнча маалым катта ЖӨБ органдары: жарандардын

жөлөкпул алууга укуктарын тастыктаган процесстин бир бөлүгү бойдон калышты. Жөлөкпул дайындоого арызды жаран жашаган жери боюнча ыйгарым укуктуу органга тапшырат. Ошол адамдын конкреттүү дарек боюнча жашаганын тийиштүү аныктама кат менен ЖӨБ органы тастыктап, үй-бүлөсүнүн курамы тууралуу маалымат берет. Жашаган жеринен аныктама кат үй ээлерине же белгиленген тартипте катталган, ижара келишиминин негизинде турак жайды ижарага алган (батирчилер) адамдарга берилет. Бирок иш жүзүндө үйдү ижарага берүү келишимдери түзүлбөйт, айрым учурларда үйдүн менчик ээси айыл өкмөттө келишимди каттоого кызыкдар эмес, себеби келишим болсо коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн акы өзгөрөт деп коркушат. Маселенин экинчи бир тарабы – аныктама катты алууга коюлган талаптар. Көпчүлүк ЖӨБ органдары үйгө укук берген китепти, суу үчүн акыны же башка төлөмдөрдү төлөгөнү тууралуу дүмүрчөктү көрсөткөндө гана аныктаманы беришет. Бирок булар ички мигрантта дайыма эле боло бербейт. Ошондой эле басып алынган жерлерде үй куруп алгандардын да маселеси бар. Мындай конуштарды байырлагандар иш жүзүндө ошол жерде жашап жатканын тастыктай алышпайт.

Ошентип, бул мыйзамдын таасири менен жарандардын ЖӨБ органдарына карата мамилеси начарлады. Алар ЖӨБ органдарынын ыйгарым укуктары кайсы жерден бүтөөрүн териштирбестен эле биринчи кезекте ЖӨБдүн дарегине наарazы болушууда. Ошол эле маалда ЖӨБ органдары да жөлөкпул алуунун шарттары тууралуу маалыматты кеңири жеткирүүгө умтулушкан жок. Себеби жөлөкпулдарды жол-жоболоштурууда пайда болгон көйгөйлөр боюнча наарazычылыгын жарандар ошол маалыматты берген ЖӨБ органдарына даректешет.

2018-жылдын апрелине чейин ЖӨБ органдарынын социалдык маселелер боюнча комиссиялары жөлөкпулга муктаж үй-бүлөлөрдү текшерип, алардын жыйынды кирешесин аныктап келишкен. Апрелде үй-бүлөлөрдү текшерүүнүн бул тартиби жокко чыгарылган. ЖӨБ органдары ошол тартипке кайтып келүүнү сунуш кылып жатышат. Буга чейинки практиканын каталарын эсепке алуу менен, бул чөйрөдөгү бир катар ыйгарым укуктарды ЖӨБ органдарына өткөрүп берип, бул процессти уюштуруш керек. КР Өкмөтү бул багытта чоң кадам жасады. Өкмөт 2019-жылдын 30-майындагы №235 «"Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 19-декабрындагы № 715 «Берилген айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды ишке ашыруу үчүн республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджеттерге берилүүчү трансферттердин көлөмүн эсептөөнүн убактылуу методикасын бекитүү жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» токтом кабыл алды. Ушул токтом менен КР ЭСӨМгө оор турмуштук кырдаалда турган үй-бүлөлөрдү жана балдарды аныктоо боюнча; мындай үй-бүлөлөрдүн жана балдардын муктаждыгын баалоо боюнча ыйгарым укуктарды ЖӨБ органдарына өткөрүп берүүгө уруксат берилген. Муну менен ЖӨБ органдары эми мамлекеттик жөлөкпулдарга муктаждыкты аныктоо процессине кайрадан кошула алышат.

Ошол эле маалда бул токтом башка көйгөйлөрдү жаратты. Эми КР ЭСӨМ турмуштук оор кырдаалда турган балдарды жана үй-бүлөлөрдү социалдык коштоо, анын ичинде үй-бүлө менен жеке иштөө планын жана баланы коргоо боюнча жеке планды ишке ашыруу боюнча ЖӨБ органдарына ыйгарым укуктарды өткөрүп бере алат. Бирок элеттик ЖӨБ органдары бул ыйгарым укуктарды аткаруу үчүн талаптагыдай кадрдык потенциалга ээ болбогонун, квалификациялык социалдык кызматкерлерди келишим боюнча жалдоого мүмкүнчүлүгү жоктугун айтып, ыйгарым укуктарды мындай шарттарда өткөрүп берүү социалдык коштоонун стагнациясына алып келээрин белгилешет.

Үй-бүлөлөр менен жеке иш алып баруу планынын жана баланы коргоо боюнча жеке пландардын санын ЖӨБ органдары аныктап чыккан, оор турмуштук кырдаалда турган үй-бүлөлөрдүн жана балдардын санына салыштыра келгенде ортодо пайда болгон көрсөткүч ушул мыйзамдын сапатын так чагылдырып бермек. Тилекке каршы, ачык булактардан, анын ичинде ЭСӨМ сайтында мындай статистиканы табуу мүмкүн болгон жок.

ЖӨБ органдары КР Жогорку Кеңешине жөлөкпулга муктаждыкты аныктоонун мурдагы тартибине кайтып келүүнү сунуш кылышат. ЖӨБ органдарына тийиштүү ыйгарым укуктар өткөрүлүп берилген соң социалдык маселелер боюнча комиссиялар үй-бүлөлөрдү изилдеп чыгуу менен, жөлөкпулга муктаждарды аныктай алышмак. ЖӨБ органдары КР Өкмөтүнө жогорудагы токтомду кайра карап чыгып, анда социалдык квалификацияны талап кылган ыйгарым укуктарды чыгарып салууну сунуш кылышат. Же болбосо штаттык ырааттаманы түзүү тартибин кайра карап чыгып, республикалык бюджеттен тийиштүү финансылык камсыздоону бөлүп, ЖӨБ органдарына квалификациялуу социалдык кызматкерлерди жалдоого уруксат берүүнү сунуш кылышат. Жалпы

жонунан ЖӨБ органдары жону жука үй-бүлөлөрдө өскөн балдардын жөлөкпулга жеткиликтүүлүгүн ЖӨБ органдары аркылуу жакшыртууну сунуш кылышат. Ошондой эле коррупциялык тобокелдиктерди да алып салуу менен, жөлөкпулду дайындоонун жол-жобосу да жөнөкөй болушу керек.

## 2.2. ЖЕРГИЛИКТҮҮ МААНИДЕГИ МАСЕЛЕЛЕРДИН ТИЗМЕСИН РЕСУРСТАРДЫ БЕКИТПЕСТЕН КЕҢЕЙТҮҮ

КР Жогорку Кеңешинин мыйзам жаратуу ишине жалпысынан оң баа берилгенине карабастан, ЖӨБ органдары мыйзам жаратуудагы системалуу көйгөйгө көңүл бурушат. Бул көйгөй ЖӨБ органдарына гана эмес, ошол эле маалда жарандарга жана башкаруунун бардык тутумуна терс таасирин тийгизүүдө. Бул жерде сөз ушул функцияларды зарыл болгон ресурстарды бербестен, жергиликтүү маанидеги маселелерди эч көзөмөлсүз кеңейтүү тууралуу болуп жатат.

Кыргыз Республикасында акыркы жылдары мамлекеттик башкаруу тутумунда жарабаган практика түзүлдү – мамлекеттик органдар өз жоопкерчилигин ЖӨБ органдарына жүктөп жатышат. Көптөгөн мамлекеттик органдар, саясатчылар, атүгүл жарандык коомдун өкүлдөрү да тигил же бул тапшырманы аткаруу милдетин ЖӨБ органдарына жүктөп коюу тууралуу маселени тынбай эле көтөрүп келатышат. Эрежеге ылайык, сөз оор көйгөйлөр тууралуу жүрүүдө. Бул мамлекеттик органдар узак убакыттан бери чече албай келаткан кайсы бир маселе болушу мүмкүн. Же мамлекеттик органдар кайсы бир маселени чечүүнүн жолдорун азырынча көп жакшы билбеген жаңы тапшырмалар тууралуу сөз болушу ыктымал. Мунун бир мисалы – үй-бүлөлүк зомбулук менен күрөш жана консультациялык укуктук жардам берүү. Бул кызмат көрсөтүүнү кантип уюштурарын билбеген мамлекеттик органдар жыйынтык үчүн жоопкерчиликти ЖӨБ органдарына жүктөп коюу менен чектелишти.

2018–2019-жылдары жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмесин кеңейтүү максатында мына ушундай ишке ашырылган жана ишке ашпай калган 9 демилге катталды (бул демилгелердин толук сүрөттөлүшүн, алардын авторлорун 2-тиркемеден таба аласыз). Бул демилгелер мындай маселелерди камтыйт:

- туризм чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты ишке ашырууга көмөк көрсөтүү;
- пробация органдарына күнүмдүк иштерди жана пробациянын конкреттүү иш-чараларын аткарууга көмөк көрсөтүү;
- саламаттык сактоо программаларын ишке ашыруу үчүн шарттарды камсыз кылуу;
- балдарды мектепке чейинки билим берүүгө тартуу;
- ЖӨБ органдарынын демилгеси менен ачылган мектепке чейинки билим берүүчү уюмдардын персоналынын айлык акысын жергиликтүү бюджеттен каржылоо;
- фостердик же асырап алган үй-бүлөлөр кызмат көрсөтүүсүн уюштуруу;
- 1–4-класстын окуучуларын тамактандырууну уюштуруу процессин, анын ичинде тендер шарттарында азык-түлүктү сатып алууну көзөмөлдөө жана жөнгө салуу; окуучуларды тамактандырууну уюштуруу үчүн тийиштүү шарттарды түзүү боюнча зарыл болгон иш-чараларды өткөрүүгө, зарыл болгон шаймандар жана жабдуулар менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү; Мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык органдар менен чогуу тамактандырууну уюштурууда санитардык-гигиеналык талаптардын сакталышына көзөмөл жүргүзүү;
- оор турмуштук кырдаалда турган жаштарды аныктап, аларды каттоого алуу, калкты социалдык тейлөө чөйрөсүндөгү мыйзамдарга ылайык аларга колдоо көрсөтүү үчүн чара көрүү;
- оор турмуштук кырдаалда турган үй-бүлөлөрдүн жана балдардын мамлекеттин социалдык колдоосуна муктаждык деңгээлине баштапкы баалоо жүргүзүү; бекитилген бюджеттин алкагында балдарды коргоо боюнча социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү түзүү; балдарды коргоо боюнча социалдык кызматты материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу.

Мындай кырдаалда ЖӨБ органдарын өзгөчө тынчсыздандырып, түйшөлткөн бир маселе бар: сунуш кылынган 9 демилгенин экөөндө гана ЖӨБ органдарына аткарууга сунуш кылынып жаткан жаңы функцияларды республикалык бюджеттен каржылоо маселеси каралган (1–4-класстын окуучуларын тамактандырууну уюштуруу тууралуу мыйзам долбоору жана жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмесин “балдарды коргоо боюнча социалдык кызмат көрсөтүү”

деген маселе менен толуктоо жөнүндө мыйзам долбоору; бирок бул учурда да бюджет аралык мамилелер каралып чыгабы, кантип каралат деген суроолор жоопсуз калууда). Калган 80% демилгенин маалым кат-негиздемеси ЧУА долбоору мамлекеттик бюджеттик каражаттан кошумча каржылоону талап кылбайт деген стандарттык сүйлөмдү камтыйт.

Демек, мамлекеттик бюджеттен бир сом чыгарбай эле, мамлекеттик органдардын жоопкерчилигин ЖӨБ органдарына тынбай эле жүктөй берсе болот дегендей маанай түзүлүүдө. Анда суроо жаралат: ЖӨБ органдары функциялар улам кошулуп турган тизмени кайсы каражаттын эсебинен аткарышы керек? Эгерде ЖӨБ органдары жергиликтүү маанидеги ондогон жаңы маселелерди жергиликтүү бюджеттен каржылай баштаса, анда буга чейин жүктөлгөн функцияларды каржылоого каражат жетпей калат. ЖӨБ органдары жергиликтүү жолдорду күтүү, суу менен жабдуу, канализация, катуу тиричилик калдыктарын башкаруу, мектептерди жана бала бакчаларды күтүү, жергиликтүү маданиятты жана спортту өнүктүрүү ж.б. ушул өңдүү маселелерди да чечиши керек. Бул тенденция бир нерсени ырастап турат: демилгечилер мамлекеттик функцияларды каржылоо механизмдерин түшүнүшпөйт, себеби ар бир башкаруучулук функцияны аткаруу финансылык жана кадрдык камсыздоону талап кылат эмеспи. Буга ылайык, кайсы бир функциянын аткарылышы үчүн жоопкерчиликти ресурстар менен камсыз кылбастан башкаруунун башка органына жүктөп жатканда бул функция аткарылбай турганын же аткаруучунун тизмесинде формалдуу бойдон каларын демилгечи түшүнүшү керек. Натыйжада баары утулат: демилгечилер, себеби алар күтүлүп жаткан жыйынтыкка жете алышпайт; ЖӨБ органдары, себеби алар дагы бир бюрократиялык милдеттенмени жана оор финансылык жүктү алышат; жарандар, себеби алардын маселеси чечилбеген бойдон калат.

ЖӨБ органдары "жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмесин кеңейтүүнүн демилгечилери жергиликтүү бюджетти жалпы мамлекеттик бюджеттин бир бөлүгү катары карабайт окшойт, жергиликтүү бюджеттер Кыргыз Республикасынын салыктык жана салыктык эмес киреше тутумуна байланбаган, кандайдыр бир өзгөчө жол менен каржыланат деп ойлойт окшойт" деген тыянакка келишүүдө. Чындыгында жергиликтүү бюджеттер республиканын бириктирилген бюджетинин бир бөлүгү. Ошондуктан бир принцип бузулбашы керек: функция берилген соң акча кошо бөлүнүшү керек, мамлекеттик органдар менен ЖӨБ органдарынын ортосунда функциялар бөлүштүрүлгөн учурда бюджет аралык мамилелер да өзгөрүп, бюджеттер ортосундагы кирешелер кайры бөлүштүрүлүп чыгууга тийиш. Ошондуктан жүйөлүү ой жана КР Конституциясы боюнча мындай демилгелерге берилген маалым кат-негиздемеде функцияларды аткаруунун баасы жана аны каржылоонун булактары көрсөтүлүшү керек. Ал эми жергиликтүү бюджеттер жаңы же кошумча эмес, учурда бар болгон жергиликтүү маанидеги маселелерди минималдуу түрдө каржылоого эсептелинген.

ЖӨБ органдары жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмегин ресурстарды кошпостон кеңейте берүү салтына жана практикасына терең тынчсыздануусун билдирип жатышат. ЖӨБ органдары жергиликтүү маанидеги маселелерди финансы булактарын жана каржылоо механизмдерин бербей эле кеңейтүү практикасына тыюу салууну КР Жогорку Кеңешинен өтүнүп жатышат.

# 1-ТИРКЕМЕ

**ЖӨБ органдарынын жана жергиликтүү жамааттардын абалына жана өнүгүүсүнө олуттуу таасирин тийгизген мыйзамдардын тизмеси, 2016–2018-жылдар**

| № | Мыйзамдын аталышы | Жалпы пикирлер | Оң таасири | Терс таасири | Оң таасири, сурамжылоого катышкандардын жалпы санына карата % менен | Терс таасири, сурамжылоого катышкандардын жалпы санына карата % менен |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2016-жылдын 21-январындагы №8 "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" КР Мыйзамы | 38 | 25 | 13 | 66 | 34 |
| 2 | 2016-жылдын 31-мартындагы №32 "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" КР Мыйзмы | 35 | 28 | 7 | 80 | 20 |
| 3 | 2016-жылдын 21-апрелиндеги №48 "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүү киргизүү тууралуу" КР Мыйзамы | 38 | 20 | 18 | 53 | 47 |
| 4 | 2016-жылдын 12-декабрындагы №196 "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына ("Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө", "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына) өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" КР Мыйзамы | 36 | 14 | 22 | 39 | 61 |
